88
М 91

МУРЗАЕВ М.С

# ОКУТУУНУН ПСИХОЛОГИЯСЫ



Ош - 2004



88 (Кыргыз)
М 91

Кыргыз Республикасынын билим берүү министирлиги

Баткен мамлекеттик университети

Кызылкыя гуманитардык-педагогикалык институту

Мурзаев М.С

# Окутуунун психологиясы

(окуу-методикалык колдонмо)

2794 8370
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 847886

Ош - 2004.

ББК 88. 4
М - 91

БатМУнун Кызылкыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан басууга сунушталган.

**Редактору** – Д.Б.Бабаев - педагогика илимдеринин доктору, профессор, Россия федерациясынын педагогикалык жана социалдык илимдер Академиясынын академиги.

**Рецензет**: А.К.Бердиев - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, ОшМУнун окуу-информациялык департаментинин менеджери.

М – 91 Мурзаев М.С. Окутуунун психологиясы: (окуу-методикалык колдонмо) – Ош: 2004. – 92 б.

ISBN 9967 – 03 – 214 - 6

Бул окуу методикалык колдонмо окутуунун психологиялык маселелерине арналып, окутуунун табияты, мазмуну, өзгөчөлүктөрү психологиялык өңүттөн ачып берилген. Колдонмо мектеп мугалимдерине, жогорку окуу жайлардын окутуучуларына жана студенттерине арналат.

М 0303030000 – 04
ISBN 9967 – 03 – 214 – 6

ББК 88.4
© Мурзаев М.С. 2004.

*Мугалимдик кесип - бул адам таануу илими, адамдын татаал жан дүйнөсүнө тынымсыз сүңгүп кирүү. Такай адамдагы жаңы нерсени ачуу, жаңы нерсеге таңдануу, адамдын калыптаныш процессин көрүп туруу – бул эң сонун кесип.*

*В.А.Сухомлинский*

## БАШ СӨЗ

Саясый-экономикалык өзгөрүүлөрдөн улам өлкөбүздө кайталангыс тарыхый чоң бурулуштар жүрүүдө. Мамлекетибиз эгемендүүлүккө ээ болуп: заман алмашып, турмуштун ыргагы жана мазмуну өзгөрүүгө учурады. Республикабыз өз алдынча өнүгүү жолуна түшүп, билим берүү жаатында, жаңы тарыхый коомдук талаптарга ылайык келген өз мыйзамдарын кабыл алды. Анткени коомубузда демократиянын орношу мектеп турмушун ар тарабынан өзгөрүүгө алып келди. Мектепти башкаруудан тартып окутуунун мазмунун, формасын жана методдорун өзгөрүүгө учуратты.

Билим берүү жөнүндөгү мыйзамда үзгүлтүксүз билим берүү зарылдыгы баса белгиленген. Анткени илимий-техникалык прогресс маалыматтын күн санап өлчөөсүз көбөйүшүнө алып келип, маалымат коому пайда болду. Маалыматтын өтө көбөйүп жатышы окутуу жана тарбиялоо процесстерине жаңы талаптарды жаратып, ар бир жаш адамга өзүнө керектүү маалыматтарды өз алдынча таап алуунун, аны өздөштүрө билүүнүн, өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун ыкмаларын үйрөтүүнү, аларды такай түрдө жаңы маалыматтар менен иштей алууга көнүктүрүүнү талап кылууда.

Жаш муундарга заманбап билим жана тарбия берүү максатында Президентибиз А.Акаевдин сунушу менен мамлекеттик деңгээлде «XXI кылымдын кадрлары»деп аталган программа кабыл алынган. Бул программанын алкагында таланттуу жана жөндөмдүү жаштар чет өлкөлөргө окууга жөнөтүлүүдө. Албетте алардын саны аз, ал эми көпчүлүк кыргыз жаштары айыл жеринде билим жана тарбия алышууда. Бүт кыргыз жаштарын чет өлкөлөрдөгү күчтүү мектептерде, университеттерде окутуу мүмкүн эместигинен,

мугалимдердин билимин өстүрүү, аларды окутуунун жаңы методдору менен куралдандыруу өтө актуалдуу болуп саналат. Анткени XXI кылымдын кадрларын даярдоо программасын турмушка ашышы мугалимдердин ишмердүүлүгүнө көз каранды. Мына ошондуктан мугалимдер ар тараптуу (социалдык, материалдык жана моралдык ж.б.), айрыкча маалыматтык, усулдук колдоо көрсөтүүгө муктаж. Анткени жаш муундарга билим жана тарбия берүүнү дүйнөдөгү эң алдынкы тажрыйбаларга таянып жүргүзүү аркылуу гана келечекте коомубуздун, жашоо турмушубуздун жакшы болушуна жетише алабыз.

Окутуу жана тарбия берүү маселелерине арналган атайын мугалимдер үчүн жарык көргөн кыргыз тилиндеги окуу китептер, окуу методикалык колдонмолор жетишсиз санда. Акыркы жылдарда жарык көргөн Б. Апышов, Д.Бабаев,Т.Жоробековдордун «Педагогика» деген окуу китебинде окутуунун психологиялык маселелерине азыраак орун берилген. Ал эми К.Миңбаевдин «Курак жана педагогикалык психалогия»аттуу окуу китебинде окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк басым жасалып, окутуу психологиясына тиешелүү бөлүм өтө аз берилип калган. Ошондуктан мугалимдердин бүгүнкү талабына ылайыктуу келген окутуу маселелерине арналган методикалык колдонмо зарыл болуп саналат.

Биз бул китепчебизде мектептеги окутуу, окуу ишмердүүлүктөрүнүн жана мугалимдин ишмердүүлүгүнүн психологиясы жөнүндө сөз кылабыз, айрым методикалар менен тааныштырабыз жана аны өз алдынча колдонууга сунуштайбыз.

Ушул колдонмону жазууда төмөнкүдөй максаттарды көздөдүк:

1. Мектеп мугалимдерине окутуунун психологиясы жөнүндө жеткиликтүү илимий түшүнүк берүү аркылуу мугалимдердин окутууга, тарбия берүүгө жана окуучуларга болгон мамилесин өзгөртүү, мугалимдердин адистик ишмердүүлүгүн сапаттык жактан жогорулатуу.

2. Мугалимдердин окуучуларга жасаган мамилесин түп-тамырынан өзгөртүү, ар бир окуучуну инсан катары кароого, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн байкоо жана ошого жараша ар бир окуучуга жекече мамиле жасоо, жекече окутуу адатына багыттоо.

3 Мугалимдердин өз кесибине жасаган мамилесин өзгөртүү. Мугалим болор-болбос айлык алуу үчүн мектепте иштемиш болуп, окуучуларды калп эле окутумуш болуп жүрүшү, окуучулары эч нерсеге жараксыз руханий жана инсан катары майып-инвалид боло тургандыгын көрсөтүү. Биринчи кезекте мугалимдер өз кесибине жасаган мамилесин, өз кесибинде иштөөнүн установкасын өзгөртүү.

4 Эл арасында жана педагогдор арасында жашаган окутуу жөнүндөгү мифтерди өзгөртүү жана жоюу.

5. Окутуунун жаңы технологиялары менен тааныштыруу.

6. Окуу-методикалык колдонмо мугалимдерди чыгармачылык изденүүгө түрткү берүү, белгилүү өлчөмдө аларды чыгармачылык менен иштөөгө багыттоо максатын көздөйт. Анткени ар бир жаңы метод эски методдордун негизинде, анын жаңыча көз караштан кароо жолу менен жүрөт. Жаңы метод асмандан алынбайт, башка бирөөлөр жараткан жаңы ыкмалар, усулдар башка көз караштан кароо же эң жакшы жактарын топтоштуруу аркылуу гана жаңы методдор жаралат. М: В.Ф.Шаталовдун методунун эң өзөгү болгон *бирдиктерди ирилештирүү* идеясын алгач П.М.Эндиев сунуштаган жана көп жылдар бою ушул ыкманы колдонуп окуткан, методду өнүктүргөн, аны В.Ф.Шаталов өркүндөтүп, өтө натыйжалуу методго айланткан жана бүт Союздун чоң-чоң шаарларын кыдырып лекция окуп жүрүп өз методун жайылткан.

1986-жылдын 7-октябрындагы «Учительская газетанын» кабарчасы менен болгон маегинде В.Ф.Шаталов: «Биздин жасап жаткандардын тамыры классикалык педагогикада жатат, болгону биз мурунку педагогдор жаратканды өркүндөттүк, жакшырттык»деген ой-пикирин билдирген.

Бул колдонмону жазууда инсандардын коомдук-тарыхый тажрыйбаларды өздөштүрүүсүндө **окутуунун** *орду, ролу* жана *мааниси* канчалык экендигин, анын *курамы* жана *түзүмү* эмнелерден тура тургандыгын жана адамдардын адамзаттын өнүгүшүндө топтолгон тажрыйбаларды өздөштүрүүсүнө кандай факторлор таасир этерин ачып берүү негизги милдетибиз болду. Ошондой эле ***окутуу, окуу, тарбия, үйрөнүү*** процесстеринин бири-бири менен болгон карым-катышын, өз ара таасир этүүлөрүн жана аларды натыйжалуу ишке ашыруу жолдорун ачып көрсөтүү милдети турду.

Окуу-методикалык колдонмодо окутуунун маани-маңызы, өзгөчөлүктөрү жана мугалимдин психологиясы жөнүндөгү теориялык маалыматтардан кийин көрүнүктүү педагогдордун иш тажрыйбалары, тиркемеде окутуунун жаңычыл усулу берилди.

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПСИХОЛОГИЯ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

*Окутуу* жана *тарбиялоо* философия, социология, тарых, педагогика, психология ж.б. илимдер тарабынан изилденет. Алардын ар бири өз көз карашынан туруп окутуу жана тарбия берүү процесстерин иликтөөгө алат.

Алсак, **педагогика** жаш муундарды окутуунун, тарбиялоонун максаттарын жана милдеттерин, анын каражаттарын жана методдорун, аны практикада ишке ашыруунун ыкмаларын изилдеп үйрөтөт.

Бардык илимдер сыяктуу эле алгач педагогика философия илиминин курамында өнүгүп келген. Алгачкы жолу улуу педагог Ян Амос Коменский (1592- 1670) педагогиканы өз алдынча илим катары негиздеген. Ошондон бери өнүгүп олтурган педагогика бүгүнкү күндө эң өнүккөн көп тармактуу илимге айланып олтурат.

Окутуунун өзгөчөлүктөрү, кызматы, түзүмү, маани-маңызы ж.б. психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөрдүн предмети болуп келет.

Айрыкча окутуу маселеси педагогика жана психология илиминин тарыхый өнүгүшүндө изилденип келе жаткан маселе. Окууну, билим берүүнү, окутууну өркүндөтүүдө психологиялык билимдердин таасири чоң. Анткени окуу ишмердүүлүгү психологиялык көз караштан алганда активдүүлүктүн бир формасы (билим, билгичтик жана көндүм алууга жөндөмдүүлүгү, окуучулардын кабыл алуусун, ойлоосун, кебин ж.б. өнүктүрүүгө багытталган активдүүлүк). Психология илими теоретик жана практик педагогдордун ишин, окутууну, окуу процессин, окуу ишмердүүлүгүн жана мугалимдин ишмердүүлүгүн психологиялык теориялар менен негиздейт.

Окутуу психологиялык кубулуш катары педагогикалык психологияда гана изилденип үйрөнүлбөстөн, аны жалпы, курак психологиялары, нейтропсихология, патопсихология, эмгек психологиясы ж.б. да изилдеп үйрөнөт.

**Курак психологиясы** болсо ар башка курактагы окуучулардын окуу-тарбиялык таасирлерди кабылдоосу жана өздөштүрүүсү, ал таасирлердин баланын интеллектик жана инсандык өнүгүүсүнүн мыйзамына ылайык келишин, мугалимдер менен окуучулардын, тарбиячы менен тарбиялануучулардын өз ара мамилесин ойдогудай болуусуна жетишүүнүн жолдорун изилдеп үйрөтөт.

Ар башка куракта окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүктөрү ар түрдүүчө ишке ашат, б.а., окутуу жана тарбиялоо курактык өзгөчөлүктөргө ээ болот. Мисалы: өспүрүмдөрдү окутканда

колдонулуучу окуу материалдарын кенже класстын окуучулары түшүнбөйт жана кабылдабайт. Кенже класстын окуучулары үчүн өтө кызыктуу окуу материалдары, окутуу ыкмалары өспүрүмдөр жана жогорку класстардын окуучулары үчүн кызыксыз жана пайдасыз болот.

Гумандуу педагогиканы негиздөөчүлөрдүн бири С.Френенин педагогикалык концепциясында окутууда жана тарбиялоодо балдардын жөндөмдүүлүктөрүнүн жана шыктарынын ар түрдүүлүгүн жана курактык психологиясынын өзгөчөлүктөрүн көңүлгө алуу эң башкы талаптардын бири болуп саналат.

Окутуу жана тарбия берүү процесстерин изилдеп үйрөнүүдө педагогикалык психология педагогикага салыштырганда бир кыйла тар тармак болуп саналат. Анткени *педагогика* мугалим менен окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн жыйындысы жөнүндөгү илим болсо, педагогикалык психология - **окутуу жана тарбия берүү процесстеринин психологиясынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана мугалимдердин психологиясы жөнүндөгү илим.**

Педагог - окутуу жана тарбия берүү ишин практикада ишке ашыруучу кесип болуп, жаш муундарга *билим* жана *тарбия* берет.

Практик психологдор мектеп тармагында окутуу жана тарбия процессиндеги психологиялык негиздеги, детерминациядагы конкреттүү милдеттерди чечүүгө жардам берет. М: тигил же бул окуучунун начар окушунун, окууга кызыкпашынын же окуучу менен мугалимдин мамилелеринин бузулушунун себептерин жоюу багытында иш жүргүзөт. Азыркы кезде мектептерде (лицей, гимназия) психикалык кызмат көрсөтүү иши практикаланууда.

Окутуу жана тарбиялоо процессин изилдеп үйрөнүүдө психологдор окуу предметтеринин мазмунуна жана тарбиялык иштердин максатына, алардын натыйжалуулугун арттырууга көбүрөөк көңүл бурат. Психологдор окутуу жана тарбиялоо процесстеринин өнүктүрүүчүлүк касиеттерине көбүрөөк көңүл бурушат. Психология илиминдеги жетишкендиктерге таянып окуучуларга эмнени, кантип жана кандай ырааттуулукта окуу материалын берүү окуу-тарбия иштерин натыйжалуу болушуна алып келет деген маселе педагогикалык психологиядагы эң негизги проблема болуп саналат.

Педагогикалык психологияда ар дайым окутуу жана тарбия берүү ажырагыс биримдикте эриш-аркак жүрүүчү процесс катары каралат жана окутуу менен жанаша эле тарбия берүү процесси жүрүшү зарыл экендиги баса белгиленет. Тарбия берүүдө окуучуда окуу ишмердүүлүгүн ийгиликтүү аткарууга зарыл болгон *инсандык*

*сапаттар, жүйөлөр, кызыгуулар, муктаждыктар* калыптанат. Мисалы: жоопкерчилик, тыкандык, эмгекчилдик ж.б. Психологдор айрым балдардын окууга терс мамиле жасоосу (окуучулардын окугусу келбөөсү), окуучулардын инсан катары жакшы өнүкпөй калышы, *тарбиянын* начардыгы менен байланыштуу деп эсептешет. Мектепте начар окуган окуучулардын инсан катары өнүгүү деңгээли төмөн болгондуктан, алар *аң сезимдүү окуп билим алууга* жана *окууга (окуу ишмердүүлүктөрүн аткаруу амалдарын билбөө, билим алуу жүйөлөрүнүн өнүкпөгөндүгү ж.б.) психологиялык жактан даярдыгы жоктор* болуп саналат. Алар өтө жөндөмдүү, акылдуу балдар болушу да мүмкүн. Бирок жогоруда айтып өткөн эки себептин таасиринен улам окуучулар окуу материалдарын начар өздөштүрүп, сабакты начар окушуп, начар билим жана тарбия алышат. Педагогикалык психология мына ошол себептерди жоюунун үстүндө иш-аракеттерди жүргүзөт.

Педагогикалык психологиянын милдеттеринин бири окутуу процессинде окуучунун ийгиликке жетишүүсүнө зарыл болгон касиеттер кайсылар экендигин табуу жана аны окуучуларда калыптандыруунун каражаттарын жана методдорун иштеп чыгуу болуп саналат.

Педагогикалык психологияда эң башкы маселе катары окутуу жана тарбия берүү процессинде балдарда психикалык өнүгүүнүн тез жүрүүсүн камсыз кылуу эсептелинет.

Ошондой эле педагогикалык психологияда эң маанилүү маселелердин бири мугалимдин психологиясы болуп саналат. Анда мугалимдик кесипке тандоо, даярдоо жана мугалимдин кесиптик чеберчиликтерин өстүрүүгө байланышкан маселелер изилденет. Ошондой эле окуучуну жакшы окутуп, тарбиялоо үчүн мугалимдин кандай *жалпы* жана *атайын* кесиптик сапаттарга, педагогдук жөндөмдүүлүктөргө ээ болушу зарыл деген маселе да изилденет.

Жогоруда айтылгандарга кошумча педагогикалык психологияда мугалимдин окуучулардын билим алуусун туура баалоосу, начар окуган окуучуларды стимулдаштыруудагы баалоо чеберчилиги, баалоонун кыйынчылыктары ж.б.у.с. маселелер да изилденет.

Педагогикалык психология изилдеп үйрөнүүчү маселелер төмөнкүлөр:

1.Баланын өнүгүшүндөгү сензитивдик мезгилди[1] табуу жана аны баланы өнүктүрүүдө толук пайдалануу.

---

[1] сензитивдик мезгил – белгилүү куракта кайсы бир психикалык касиеттерди калыптандырууга өтө ыңгайлуу учурдун пайда болушу. М: кенже класс окуучуларында ар кандай кыймылдар системасын калыптандыруу өтө ыңгайлуу мезгил болуп саналат.

Бирок бул иште төмөнкүдөй кыйынчылыктар бар.

а) Азыркы күнгө чейин психология илиминде баланын акыл-эсинин жана инсандык өнүгүүсүнүн сензитивдик мезгилинин бүт баарысы аныктала элек. Буга кошумча азырга чейин сензитивдик мезгилдин башталышы, канчага дейре созулушу жана качан бүтүшү белгисиз бойдон калууда.

б) Сензитивдик мезгил ар бир балада өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп, ар башка мезгилде башталып, ар түрдүүчө өтөт.

Психология илиминде бир эле балада бир канча жолу сензитивдик мезгил болуп өтөт деген божомол ой бар. Ошондуктан мугалим үчүн ар бир баланын сензитивдик мезгилин туура пайдалануу маселеси эң негизги иштерден болуп саналат.

2. Балага аң сезимдүү түрдө педагогикалык таасир этүү аркылуу анын психикалык өнүгүүсүнө жетишүү болуп саналат. Бул маселеде окутуунун бардык түрү эле психикалык өнүгүүгө алып келеби же проблемалык жана өнүктүрүүчү окутуу гана өнүгүүгө алып келеби?

Окутуу өнүгүүгө жана жетишүүгө кандай таасир этет жана алар өз ара кандай карым-катнашта? ж.б.у.с. суроолорду чечмелөө талап кылынат.

3. Педагогикалык психология окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, мазмунун жана методдорун аныктоодо окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн көңүлгө тутат, б.а., педагогикалык психология окутуу менен тарбиялоонун жалпы жана курактык катышын изилдейт.

Ар бир курактын өзүнө мүнөздүү болгон баланы интеллектик жана инсан катары өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүгү бар. Кайсыл куракта окутууга (же тарбияга) көп басым жасоо керек? Окутуу жана тарбиялык таасир этүүлөр бири-бирин толуктап, бириктирип, кошумчалап туруп баланын психикалык өнүгүшүнө таасир этүүгө болобу? ж.б.у.с. суроолорго педагогикалык психология жооп берүүсү зарыл.

4. Адамдагы сапаттар, касиеттер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп бир тутумду түзгөндүктөн, кайсыл мезгилде жана кандай таасир эткенде ошол тутум жаңы сапатка көтөрүлөт деген маселе да иликтенет.

5. Педагогикалык психологияда баланын жетилиши, шык, жөндөмдүүлүк, генотип, чөйрө менен окутуунун байланышы кандай экендиги да изилденүү менен окутуу баланын организминин өнүгүшүнө таасир этеби? Окутуу жана тарбиялоо процесстеринде шык менен жөндөм кандай байланышта болушат? –деген суроолор чечмеленет.

6. Баланын окууга жана тарбияланууга психологиялык жактан даяр болуу маселеси да педагогикалык психологияда изилденет. Билим жана тарбия алууда баланын мектепте окууга даяр болуусунун мааниси чоң. Кээде жаш бала өзү теңдүүлөрдү туурап эле 1-класска бара берген учурлар кездешет. Мындай учурларда «баланын шагын сындырбайлы» деген ойдон ата-энелер да буга каршы болушпайт. Баланын окууга даяр же даяр эмес экендигин психологиялык диагностикалоо өтө кыйын. Акыл-эс (сабакка көңүл буруу, мугалимдин айткандарын эстеп калуу жана мектеп эрежелерин аткаруу ж.б.) жана инсандык (турмушта билим алуунун зарылдыгын түшүнүү, өзүн мажбурлап мектеп койгон талаптарды аткаруу, жакшы окууга умтулуу ж.б.) жагынан окууга даяр болгондо 1-класска окууга кирген бала окууда ийгиликтерге жетишсе, акыл –эс жагынан өнүп өссө, ал эми окууга (айрыкча психологиялык жактан) даяр болбой туруп эле 1-класска келип кирген бала терең билим ала албайт жана окууга терс мамиле жасайт. Мектепте окууга даяр эмес болгон бала эң оор сабак материалдарын өздөштүрүүгө акыл-эс жагынан жөндөмдүү болсо да, бала мугалимдин айткандарын кабылдоого, түшүнүүгө даяр эместигинен, бала өз шык-жөндөмүнөн күмөн санап, өзүн төмөн баалайт, жыйынтыгында анда окууга карата терс мамиле калыптанат. Натыйжада эң жакшы окуй алууга (тубаса) мүмкүнчүлүгү бар баладан начар окуучу чыгат.

7. Педагогикалык психология сабактан жетишпеген, начар окуган окуучулар менен иш алып барат жана атайын изилдөөлөрдү жүргүзөт.

Мектеп турмушунан белгилүү болгондой эң жакшы окуй ала турган бала да жана окууга акыл эси жетишпеген бала да экөөбү тең «2»деген баа алат. Мына ушулардын себебин жана андан ары андай окуучуларды психикалык жана инсандык жактан өнүктүрүү үчүн эмнелерди жасоо керектигин чечүү педагогикалык психологиянын милдети болуп саналат.

8. Педагогикалык психологияда эң орчундуу маселелердин бири болуп окутууну жекече жүргүзүү (индивидуалдаштыруу) маселеси саналат.

9. Мугалимдин адаптацияланышы - мугалимдик кесипте иштөөгө көнүгүү дегенди билдирет – мектепке иштегени келген жаш мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүктүн реалдуу шартына ыңгайлашуусу жана көнүгүшү болуп саналат. Жаш мугалимдин кесипке ыңгайланышы обьективдүү (педагогикалык коллективдеги психологиялык маанай, мектептин материалдык базасы, саат жүктөмүнүн өлчөмү, сабактардын расписаниеге коюлушу, мугалимдин жашоо шарты, ден соолугу ж.б) жана субьективдүү

(педагогодук кесипти сүйүүсү, педагогго мүнөздүү сапаттарга ээ болуусу, педагогикалык такт, өзүнө жана башка адамдарга талап коң билүүсү, окуучулар менен мамилелеше алуусу ж.б) себептер менен байланыштуу. М: жаш мугалим педогогикалык кесипти канчалык жакшы көрсө, ал ошончолук оңой жана мугалимдик иштин түйшүгүнө тез ыңгайлашат.

Мектептеги педколлективдин психологиялык маанайы жаш мугалимдерди чыгармачылык менен иштөөсүнө тоскоол кылат. Айрым тажрыйбалуу педагогдор (жашы өтүп калган педагогдор) өзүнүн окутуу методдорун эң туура, ал эми жаныча окуутуга аракет жасаган мугалимдин ишин ката деп эсептеп, коллектив ичинде изденген-чыгармачыл жаш адамды жүдөтүп жиберген учурлар кездешет.

Мектеп жетекчилиги, педколлектив ар бир мугалимдин окутуу ыкмаларынын тууралыгын, мугалимдин иш деңгээлин окуучулардын билим алуусунун натыйжасы, жыйынтыгы боюнча аныктоосу тура болот. Мугалимдин ишинин натыйжасы мына ушундай жол менен бааланганда гана мектептен чыгармачыл мугалимдердин көп чыгышына шарт түзүлөт.

Педагогикалык психологияда окутууну башкара ала тургандай кылып уюштурууга көп көңүл бөлүнөт. Окутуунун жүрүшүндө жаңы окуу материалдарын (маалыматтарды, аракеттерди ж.б.) өздөштүрүү механизми жана анын этаптары психологиялык жактан кандайча ишке ашары чечмеленет. Ошондой эле алдыга коюлган максаттарга, милдеттерге жараша окуу материалдарын өздөштүрүүнүн көңүлдөгүдөй, ойдогудай жүрүшүн уюштуруу маселелери да изилденет. Алардан сырткары педагогикалык психологияда мугалим (окутуучу) менен окуучунун өз ара мамилеси да каралат.

Педагогикалык психологияда окутуу жана тарбия психикалык өнүгүү процесси менен тыгыз карым-катышта каралат. Анткени окутуу жана тарбия берүү адамды психикалык өнүгүүгө алып келүүчү факторлордун бири болуп саналат. Мына ошондуктан психикалык өнүгүүгө атайын токтоло кетебиз.

# ПСИХИКАЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ЖАНА ШАРТТАРЫ

Өнүгүү - психология илиминдеги эң негизги түшүнүктөрдүн бири. Адамдын өнүгүүсү-татаал, узакка созулуучу жана карама-каршылыктуу процесс. Өнүгүүнү ар башка философиялык агымдын өкүлдөрү ар түрдүүчө түшүндүрүшөт. Өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп карама-каршылыктардын күрөшү саналат.

Өнүгүүнүн өбөлгөлөрү, шарттары жана өнүгүүгө таасир этүүчү факторлор дайыма окумуштуулар арасында талаш-тартыштарды туудуруп келет. Окумуштуулар ушул маселелерге карата тутунган идеяларына, көз караштарына жараша ар кандай топторго бөлүнүшөт. Буга кыскача токтоло кетсек: биогенетиктер - акыл эстин өнүгүшүн биологиялык фактор(тукум куучулук)аныктайт десе, социогенетиктер - социалдык чөйрөнү жогору коюшат. Конвергенция теориясын жараткан В.Штерн психиканын (акыл-эстин) өнүгүшүнө бир эле учурда тукум куучулук да, социалдык чөйрө да таасир этет деген идеяны сунуштап, бирок тукум куучулук менен социалдык чөйрөнүн өз ара карым-катышынын механизмин чечип бере алган эмес.

Адамдын психикасынын өнүгүүсүнүн өбөлгөлөрү: адам организминин биологиялык касиеттери **тукум куучулук** (ата тегинен берилүүчү дене бойдогу, психикасындагы-жогорку нерв иш аракетинин тиби, шык ж.б. өзгөчөлүктөрдүн берилиши) аркылуу берилет, б.а. адамдын нармалдуу мээсисиз (нормалдуу сезүү органдарысыз ж.б.) адамдын психикалык сапаттары пайда болбойт.

Адамдын психикалык өнүгүүсүнө **социалдык чөйрө**, шарт (адамды курчап турган адамдар, мамиле, барлашуу) таасир этет, б.а. адамдык мээге ээ болуп туруп адамдар чөйрөсүнөн бөлүнүп калган балада адамдык сапаттар калыптанбайт.М: айбандар арасында чоңойгон балдар (Индияда карышкырлар арасында чоңойгон кыздар карышкырларча жүрүм-турумга ээ болушкан).

Ошондуктан адамдын психикасынын өнүгүүсүнө биологиялык жана социалдык факторлор биримдикте, эриш-аркак таасир этет. (Психикалык өнүгүүгө күчтүү таасир этүүчү факторлордун бири болгон окутууга жана тарбиялоого кийинки беттерде атайын токтолобуз.) Жогорудагы эки факторго кошумча фактор болуп **адамдын ички позициясы** саналат. Адам бала кезинен социалдык чөйрөгө аралашып андагы баалуулуктарды, рухий тажрыйбаларды өздөштүрөт жана акырындап инсандык тутумуга ээ болуп, ар бир нерсеге карата өзүнүн жекече ички позициясын калыптандырат.

**Жекече ички позиция** дегенибиз баланын адамдар дүйнөсүнө, буюмдар дүйнөсүнө жана өзүнө карата белгилүү мамилесинин калыптанышы.

Жекече ички позициянын өзгөчөлүгү инсандын өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшүнө жана калыптанышына өз таасирин тийгизет.

Советтик психологияда психикалык өнүгүүнү түшүндүрүүдө тукум куучулуктун да, социалдык чөйрөнүн да таасири жокко чыгарылбаган, бирок психологиялык өнүгүүгө таасир этүүчү эң негизги фактор катары *окутуу* жана *тарбиялоо* эсептелинген. Мына ошондуктан советтик мезгилде мектептеги окутууга жана тарбиялоого өтө жогору баа берилип (партия жана өкмөт тарабынан колдоого алынып), «үй-бүлөлүк тарбияга караганда балдар бакчасында жана мектепте жакшы тарбия берилет» деген ынаным коомдук ан сезимге сиңирилген (элдин башын айланткан). Айрым ата-энелер баласынын терс жоруктары үчүн мугалимдерди күнөөлөшкөн (мугалимдерге «баламды тарбиялабай жатасынар» деген доомат коюшкан).

Кийинки кездерде коомдун жана идеологиянын өзгөрүшүнөн улам психологиялык өнүгүүнүн өбөлгөлөрү жана шарттары башка өңүттөн түшүндүрүлүүдө. Орустун көрүнүктүү психологу В.С.Мухина психикалык өнүгүүнүн шарттарын түшүндүрүүдө адамзаттын тарыхый өнүгүшүнөн улам анын тирүүлүктө жашап өмүр өткөрүүсүн шарттап туруучу **маданий чөйрө** пайда болгондугун баса белгилеген. Бизди курчап турган маданий чөйрө 4 топко бөлүнөт:

1.Буюмдар дүйнөсү
2.Белгилер дүйнөсү
3.Социалдык мейкиндик
4.Жаратылыш дүйнөсү

**Буюмдар дүйнөсү.** Адам табиятта (жаратылышта) жашайт. Адамдын жашоосу маданият чөйрөсүндө өтөт. Себеби адам айбандар дүйнөсүнөн бөлүнүп өз жаратылышын өзгөрткөндөн бери бүт адамзаттын тарыхый өнүгүшү адамдын жашоосун маданиятташтыруу менен коштолуп келген. Адамдар ойлоп тапкан жана жараткан маданиятты: *материалдык* (соко, трактор, үй, танка ж.б.) жана *рухий* (музыка, көркөм чыгарма, телекөрсөтүү ж. б.) буюмдар түзөт.

Маданиятты эл тарыхый шарттарга ылайык жаратат, өнүктүрөт.

Ар бир адам төрөлгөндөн эле жаратылыш чөйрөсү менен бирдей эле маданият чөйрөсүнө кабылат жана ошолордун таасиринде өсүп жетилет. Мына ошондуктан адам психологиясы ошол маданияттын контекстинде каралат.

Адамды курчап турган материалдык дүйнө (жаратылыштагы жана адамдар тарабынан жасалган нерселер, буюмдар ж.б.) адамдын жашоосуна өтө зарыл болгондуктан, аларсыз адам жашоосу өтпөйт. Ошондуктан адам айланасындагы ар бир предметтин, нерсенин касиеттерин, кызматтарын билүүгө жана аны өз жашоосунда колдонууга умтулат.

Адам баласы өзүнүн тарыхый өнүгүүсүндө өзүн курчап турган нерселерге (предметтер, заттар ж.б.) ар башкача мамиле жасап келген.

Мисалы, ар бир тирүү жаныбардын өз кудайы бар, алар да адамдар сыяктуу жашашат ж.б.у.с. түшүнүктөр. Дагы бир мисал кыргыздардын бугу уруусунун бугулардан тараганбыз деген ишенимде болушу ж.б.

Адамдардын жашоосунда ар бир нерсенин, буюмдун өз орду бар жана адамда тигил же бул буюмдун бар же жок экендиги ал адамдын адамдар арасында ээлеген ордунун көрсөткүчү болуп саналат. Адамдын коомдо ээлеген орду анын инсандык сапаттары менен гана аныкталбастан, ал ээ болгон буюмдар (үйү,фирмасы ж.б.) боюнча да аныкталат.

Мисалы, иномарка машинасы бар адам менен таптакыр машинеси жок адамдын эл арасындагы ээлген орду жана адамдардын аларга жасаган мамилеси ар түрдүү экендиги баарыбызга белгилүү.

Адам ойлоп тапкан, кол менен жасаган буюмдар адамдын өзүн өзгөртүүгө учураткан жана учуратууда. Адам ээ болгон буюмдар адамды өзгөртөт, айрыкча адам ээ болгон куралдар – эмгек шаймандары адамды кудрети күчтүү жана эркин болууга алып келет.

Адам дайыма буюмдар арасында гана жашап келди. Адамзаттын өнүгүүсүндө буюмдарды жасоонун жана колдонуунун өзгөрүшүнө жараша ар бир доор өз адамын жаратат. Мисалы, кулчулук коом, феодалдык коом, демократиялык коом, базар мамилеси ж.б. өз дооруна ылайык адамдардын тибин жараткан. Буюмдар адамдын жашоо шартын жаратты, өзгөрттү жана бүгүнкү күнгө алып келди. Мисалы, бүгүнкү жаштар өз турмушун сотка телофонсуз, компьютерсиз, машинасыз элестете албайт

**Белгилер дүйнөсү** (Образдык-белгилер тутуму). Адамзат өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө буюмдар дүйнөсү менен бирге эле өзгөчө реалдуулукту-**образдык-белгилер** тутумун жараткан.

**Белги**-белгилүү мааниге ээ болгон чындыктагы сезүүгө мүмкүн болгон элемент. Белгинин артында башка бирөөгө берүүгө жана сактоого мүмкүн болгон идеалдуу (информация) маалымат жатат.

Адамдын баарлашуусу, таанып-билүүсү жана чыгармачылык ишмердүүлүгү белгилер аркылуу жүзөгө ашат. Азыркы кезде белгилер-*тилдик* жана *тилдик эмес* болуп бөлүнөт. Тил-адамдын ойлоосунун жана баарлашуусунун каражаты болуп саналат. Тил психикалык ишмердүүлүктүн куралы катары адамдын психикалык функциясын өзгөртөт, өзүн-өзү андап билүү жөндөмдүүлүгүн өстүрөт. Адам тил аркылуу адамзат тарыхында топтолгон материалдык жана рухий тажрыйбаларды өздөштүрөт: психикалык жактан өнүгөт жана инсан катары калыптанат.

Тилдик эмес белгилер: *белги-сапат* (М: жол белгилери), *белги-копия* (М: куурчак), *жеке белгилер* (М: эн тамга), *белги символдор* (М: гербдер, орден, медалдар ) *нота, математикалык белгилер,жест-ишаарат, татуировка* ж.б. адамдын ар түрдүү аракеттеринин үнөмдүү болушу үчүн кызмат кылат.

**Социалдык мейкиндик.** Адамдын турмуш-тиричилигиндеги материалдык жана рухий дүйнө, ошондой эле баарлашуу, адамдын ишмердүүлүгү, коомдогу укуктарынын жана милдеттеринин системасы *социалдык мейкиндикти* түзөт.

Адам социалдык чөйрөгө башка адамдар менен баарлашуу аркылуу кирет жана баарлашып, өз ара мамилелешип гана жашайт. Баарлашуунун, мамиленин жана өз ара мамиленин мазмуну **тилде** чагылдырылат. Баарлашуунун куралы болуп тил саналат. Тил таанып-билүүнүн каражаты, сөз аркылуу адамдар ***маанини*** бири-бирине беришет. Тилдеги сөздөрдүн мааниси жалпыга бирдей жана түшүнүктүү. Ошондой болсо да ар бир сөз ар бир адамда өзүнчө мааниге ээ. Мына ошондуктан адамдар баарлашкан учурда бири-бирин туура түшүнүүдө кыйналышат. Баарлашуу аркылуу адам социалдык мейкиндиктеги маани, мазмунду өздөштүрөт жана бөлөк адамдар менен карым-катышта жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Социалдык мейкиндик адамзаттын тарыхый өнүгүү процессинде өнүгүп олтурат. Ар бир элдин тили байыган сайын ошол тилде обьективдүү чындыктын чагылышы өтө кеңейип, терендеп барат. Аң сезимдин тутумунда *маани* бааралашууда жана ар түрдүү ишмердүүлүктөрдө көрүнөт.

*Инсандык маани*-сөз аркылуу билдирилип жаткан нерсеге карата адамдын субьективдүү мамилеси. Инсандык маани гана тил белгилерин жекече аң сезимге айлантат жана адамды тилди алып жүрүүчү катары көрсөтөт. Социалдык мейкиндикти өздөштүрүү ар түрдүү ишмердүүлүктөрдө жүрөт. Ишмердүүлүк (оюн, окуу, эмгек ж.б) аркылуу бала адамдар дүйнөсүнө кирет, социалдык мейкиндикке аралашат. Адамдын ишмердүүлүктөрүнүн негизги

түрлөрү-баарлашуу, оюн, окуу, эмгек-социалдык мейкиндикти жаратат жана түзүп турат.

Адамдардын коомдогу карым-катышы, милдеттердин жана укуктардын эрежелери менен жөнгө салынат. Милдет, парз адамдын социалдык сапаты катары идеалдын курулушунун (жаралышынан) жана социалдык көзөмөлдүн негизинде пайда болгон. М: атуулдук милдет, ата-эненин парзы. Жаш муундарга тарбия берүүдө идеалдын мааниси чон.

**Жаратылыш дүйнөсү.** Жаратылыш дайыма адамдын жашоосунун шарты жана тиричилик өткөрүүчү түгөнгүс казынасы, тирүүлүктүн түгөнгүс булагы болуп келген.Ошондуктан кутман жер, жер эне деген түшүнүктөр пайда болгон.

Адам пайда болгондон тартып жаратылышта жашап, аны өз эмгеги менен өзгөртүп келүүдө. Алсак, эмгек куралдары, азыркы ИТР, экология ж.б.

Жаратылыш адамдын ан сезиминде буюмдар дүйнөсү жана маданияттын образдык-белгилер тутуму катары көрүнет. Ошондуктан жаратылышка ал жашоонун булагы, өнүгүүнүн, таанып-билүүнүн жана поэзиянын (чыгармачылыктын) шарты катары мамиле жасайт. Жаратылыш адамдын жашоосун камсыз кылып турат. Адам өз интеллектин жаратылыштан өзүнө керектүү нерселерди көбүрөөк алууга көнүктүргөн. Натыйжада адамзат цивилазациясынын өнүгүшү менен жаратылыштагы тең салмактуулук бузулуп олтуруп азыркы кезде адамзат үчүн экологиялык коркунуч жаралды. Жер жүзүндө 5 млн.калкы бар шаарлар өсүүдө (1985-жылы андай шаарлардын саны 34 болгон). Мындай көрүнүш жаратылыштан алыстап-ажырап калган адамдарды жаратат. Азыркы кезде дүйнөдө ачкачылык, коюу түтүндүн капташынын күчөшү ж.б көйгөйлүү маселелер бар. Ошондуктан жаратылышка карата коомдук аң сезимди өзгөртүү зарылдыгы эң актуалдуу болуп эсептелинет.

Адамдын аң сезими өскөн сайын жаратылыштын адам үчүн аткарган кызматтары көбөйө берген. Адамдын өзүн-өзү аңдап билүүсүндө жаратылыштын маанисинин өсүп кеңейиши адамдын өнүгүүсүнө негиз болуп кызмат кылат.

## ОКУТУУ ЖАНА ПСИХИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

Өнүгүү менен окутуунун карым-катышы илимде дайыма талаш туудурган маселе болуп саналат.

Окумуштуулар арасында өнүгүү менен окутуу бир-бири менен өтө тыгыз, эң татаал карым-катышта болгон эки башка процесс катары түшүнүлөт. Бала окуп жана тарбияланып жатып гана өнүгөт. Окутуу жана тарбия берүү баланын өнүгүү процессине кирип кетет. Мына ошондон окутуунун жана тарбиянын негизги милдети баланы акыл жагынан жана инсан катары өнүктүрүү болуп саналат.

Окутуу жөнүндөгү концепциялар, түшүнүктөр өнүгүү жөнүндөгү концепцияга, түшүнүктөргө таянып түзүлөт. Окумуштуулар өнүгүүнү кандай түшүнсө, ошого жараша окутуу процессин кандайча жүргүзүү керектиги жөнүндө өз сунуштарын айтышат.

Өнүгүү менен окутуунун карым-катышын көп окумуштуулар түшүндүрүүгө аракеттер жасашкан. Алардын бири советтик көрүнүктүү психолог Л.С.Выготский.

Л.С.Выготскийдин пикири боюнча өнүгүүнүн жүрүшүнө таасир этүүчү эң башкы фактор болуп *окутуу* саналат. Ал өнүгүү менен окутуунун карым-катышын түшүндүрүүдө өнүгүүнүн жүрүшүндө окутууга жетектөөчүлүк роль таандык экендигин көрсөткөн. Выготский психикалык өнүгүүнүн эки зонасы: ***«өнүгүүнүн актуалдуу зонасы»*** (өнүгүүнүн актуалдуу зонасын бала өз алдынча аткара алган маселелер (аракеттер, иштер ж.б.) түзөт) жана ***«өнүгүүнүн жакынкы зонасы»*** (бала өз алдынча аткара албаган, бирок башка бирөөлөрдүн жардамы, көрсөтмөсү, кеп-кеңеши менен аткарып кете алчу аракеттери, иштери өнүгүүнүн жакынкы зонасын түзөт) бар деп эсептейт. Окуу маалыматтары окуучулардын «өнүгүүнүн жакынкы зонасына» түшсө гана окутуу натыйжалуу болорун баса белгилеп көрсөткөн жана «окуу процесси окуучунун психикалык өнүгүүсүнүн алдында баратса, аны жетелеп жүрсө гана өнүгүү ишке ашат» – деген. Ошондо гана эми жарала баштаган, жетилип келе жаткан көптөгөн психикалык касиеттердин, сапаттардын көрүнүшүнө-өсүшүнө окутуу түрткү берет.

Мугалим класста 30 окуучу болсо окуу процессинде алардын ар биринин (кайсыл окуучунун) психикалык өнүгүүсүнүн канчалык деңгээлде экендигин аныктоодо кыйынчылыктарга дуушарланат жана психикалык өнүгүүнү окутуу жетелеп жүрүп олтурганын аныктай алуусу кыйын иш болуп саналат. Аны баамдап байкоого көпчүлүк мугалимдердин дарамети жетпегендиктен улам айрым

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета

окуучулар үчүн окутуу иши натыйжасыз болуп калат.

Курактык өнүгүүдөгү эң негизги мыйзам ченемдүүлүк: аңдап билинбеген, жөнгө салынбаган ишмердүүлүк формаларынын аңдап билинген, өзүн жөнгө сала алуучу ишмердүүлүктүн формаларына айланышы болуп саналат. Албетте буга окутуу, окуу ишмердүүлүгү аркылуу жетишилет.

Л.С. Выготский баланын адамзаттын өнүгүш тарыхында жаралган белгилерди пайдалана билүүгө жетишүүсүн, анын өз жүрүм-турумуна ээ болуусунун, өзүн-өзү жөнгө салууга жетишүүсүнүн жолу катары түшүнгөн.

Окутууну ар ким ар кандай түшүнөт (буларга кийинки беттерде кеңири токтолобуз). Окутуунун маани-маңызын, максатын, функцияларын жана милдеттерин туура эмес түшүнүүдөн улам биздин турмушта окутуу жөнүндөгү мифтер пайда болгон.

Окутуу жөнүндөгү мифтер:

1. Эл арасында (айрым педагогдор да аларга кошулат) окутуу дегенди *мугалимдин окуучуга билим берүүсү* катары түшүнүлүп жүрүлөт. Албетте, бул туура эмес. Билим берилбейт. Себеби билим буюм эмес бирөөгө берип салгыдай. Билим окуучу тарабынан (өзү каалаbса, көңүл бурса, ойлонсо, түшүнүүгө аракеттенсе ж.б.) атайын акыл аракети, акыл күчү жумшалып гана алынат. Мугалим окуучунун билим алуусуна жардам, багыт берүүчү гана адам болуп саналат.

2. *Мектепте жакшы окуган окуучунун башы жакшы иштейт, андай окуучу келечекте кыйын адам болот, ал эми мектепте начар окуган окуучунун башы начар иштейт* деген миф. Албетте бул да туура эмес, канчалаган мектепте жакшы окуп, ЖОЖду кызыл дипломго бүтүргөндөр турмушта кумга синген суудай ың – жыңы билинбей жоголуп кетишет. Себеби жакшы окуу менен башы (АКЫЛЫ) жакшы иштөө эки башка нерселер. Себеби окутууда көбүнчө эстеп калууга басым жасалат, окуучу ойлонбой эле сабак материалын эстеп калып эртеси класста эстеп калган сабак материалдарын мугалимге кайра сүйлөп берип, «5»деген бааларды алып окуучулар жана мугалимдер арасында кадыр-баркка ээ боло берет. Ал эми адамдын акыл-эси адамдын турмуштук кырдаалдарда дуушар болгон оор маселелерди чечүүсүнөн көрүнөт. Турмушта адамдын алдында көйгөйлүү маселелер, кыйынчылыктар, тоскоолдуктар пайда болгондо, ал ойлонуунун жардамында гана өзү дуушар болгон кырдаалдан чыга алат. Буга акыл-эси менен гана жетишет. Окутуу эстеп калууну эмес, ойлонууну, акыл-эсти өстүрүүгө багытталса гана жакшы окуган окуучу акылдуу болот жана өзүнүн алдында пайда болгон турмуштук ар кандай проблемаларды алган

билимине таянып чече алат, андай адамдар турмушта чоң иштерди жасоого жөндөмдүү болушат. Ушул максатта окутуунун жаңы методдору сынчыл ойлом, интерактивдик метод ж.б. колдонулууда.

3. *Күчтүү мугалим күчтүү окутуп, окуучуларга күчтүү билим берет* деген миф. Туура. Күчтүү мугалим көп жагынан окуучуларга оң таасирин тийгизет жана окуучуларды күчтүү окутат (сабакты жакшы түшүндүрөт, окуучуга көп жаңы нерселерди айтып берет ж.б.). Бирок бул эң башкысы эмес. Билим берүүдөгү эң башкы нерсе ***окуучуларды ойлонууга,турмушка карата өзүнүн ички позициясына ээ болууга, алган билимдеринин негизинде алдында пайда болгон проблемаларды өз алдынча чечүүгө, азыркы маалымат океанынан өзү үчүн керектүү болгон гана маалыматтарды ала алууга, аны пайдалана билүүгө үйрөтүү болуп саналат.*** Күчтүү билим алуу үчүн окуучунун өзү активдүү түрдө (ойлонуп, акыл калчап) билим алуусу жана акыл-эс жагынан тубаса күчтүү болуусу, окууга карата оң мотивдерге ээ болушу шарт. Ансыз эң күчтүү мугалим да окуучуга эч нерсе бере албайт.

4. *Мугалим сабакты жакшы түшүндүрсө, окуучулар жакшы билим алат* деген миф. Мына ушул мифтин таасиринен улам болочок мугалимдер студент кезден тартып мектепте окуучуларга сабакты жакшы түшүндүрүүгө өздөрүн ар тараптан даярдай башташат. Анткени окуучулар, ата-энелер сабакты жакшы түшүндүргөн мугалимдерди өтө сыйлашат. Азыркы кезде андай мугалимдер кадыр-барк албашы мүмкүн, себеби мектепте азыр окуучулардын ойлоосун өстүрүү, өз алдынча билим ала алууга үйрөтүү негизги маселе болууда. Буга сабакты жакшы түшүнүдүрүү менен эмес, окутуунун интерактивдик ж.б. методдорун (окуучуларды көбүрөөк сүйлөтүүнү талап кылган методдорду колдонгон мугалимдер кадыр-барктуу болушат) колдонуу аркылуу жетишилет.

Окуучуларга билим берем деп сабакты жакшы түшүндүрүп, үй тапшырмаларын шашпай сурап, жаңы сабакты түшүндүрүп, аны бекемдеп ж.б.у.с. иштерди так аткарган мугалим эгерде окуучуларда окууга болгон кызыгууну, умтулууну, өз алдынча билим алуу аракетин жарата албаса, анын сабакты жакшы түшүндүргөнү коко тыйынга турбайт. Азыркы окутууга коюлган талаптарга ылайык сабакты жакшы түшүндүрүү эле жакшы мугалимдиктин, окуучуларды жакшы окутуунун көрсөткүчү, белгиси болуп саналбайт.

Азыр окутууга коюлган талап өзгөрүүдө. Мына ушул саналып өткөн мифтерден арылуу гана билим берүүнү заман бап болушуна өбөлгө түзөт.

Билим алуу көбүнчө окуучулардын окууга, билим алууга жасаган мамилесине жараша болот. Азыркы учурда кыргыз жаштарынын

окууга жасаган мамилесин өзгөртүү өтө зарыл болуп турган кез. Анткени көпчүлүк жаштар ЖОЖдо диплом алуу үчүн гана окууга катташат. Жаш муундарга билим жана тарбия берүүдө окуучунун окууга оң мамиле жасоосу (билим алууга кызыгуусу, умтулуусу ж.б.) эң башкы маселе. Анткени окуучу каалаcа билим алат, каалабаса билим албайт, жөн эле мектепке, окуу жайга барып-келип жүрө берет. Окуучу билим алгысы келбесе мугалим билим бере албайт!

## ОКУТУУНУН ТАРЫХЫ

Окутуу процессинин маани-маңызына токтолуудан мурда адамзат тарыхынын өнүгүшүндө окутуу идеясы кандайча өнүгүп, кандайча түшүндүрүлгөндүгүнө токтоло кетели.

Окутуунун өнүгүш тарыхында үч дидактикалык система (окутуу моделдери) жаралган.

***1. И.Ф. Гербарттын системасы (классикалык теория).***

Гербарттын дидактикага кошкон салымы окутуунун этаптарын (баскычтарын) аныктаган: *аныктык-ассоциация-система метод*.

Азыркы «салттуу» окутуу - мугалимдин даяр билимдерди окуучуларга даяр түрүндө берүүсү, мугалим түшүндүрүп берген билимдерди окуучулардын эстеп калуусу, кийин кайталап кайра сүйлөп берүүсү Гербарттын идеясынан кийин калыптанган жана дүйнөгө таралган.

***2. Д.Дьюнин (1859-1952) дидактикалык системасы (прогрессивдүү теория).***

Америкалык философ, психолог жана педагог Д.Дьюи Гербарттын авторитардык окутуу системасын сындаган жана окуучунун ойлоосун өстүрүүгө багытталган окутуу системасын сунуштаган.

Д.Дьюи окутуу теориясына «ойлоонун толук акты» деген концепциясын кийирген: адамдын алдында сөзсүз түрдө чечүү зарыл болгон тоскоолдуктар,кыйынчылыктар пайда болгондо гана адам ойлонот. Кийинчерээк «кыйынчылыктар»деген сөздүн ордуна «проблемалар»сөзү колдонула баштаган.

Дьюинин пикири боюнча туура жолго коюлган окутуу проблемалуу болуусу зарыл. Окутуунун бул жаңы модели боюнча. Гербарттык «китептик окуунун» ордун активдүү окуу принциби ээлеген. Анда окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгү эң башкы нерсе болуп саналат. Окутуунун бул принциби боюнча окутуу

процессинде сабактагы өтө активдүү (сабакты баяндап түшүндүргөн ж.б.) мугалимдин ордуна окуучулардын билим алуусуна жардам берүүчү (окуучуларды активдештирип окуучулардын билим алуусуна жардам берүүчү ж.б.) мугалим-жардамчы ээлеген. Стабилдүү окуу программасынын ордуна ориентировочный программалар киргизилген. Оозеки жана жазма сөздүн ордуна теориялык жана практикалык сабактар кийирилген.

Гербарттын дидактикасын сынга алып, андагы көз караштардын карама–каршысы болгондуктан, Дьюинун концепциясы да өтө четтеп кетүүлөргө жол бергендиктен, бул концепция да кемчиликтерге ээ болгон.

Ушул эки дидактикалык системанын жакшы жактарына таянып Джером Брунер окутуунун жаңы моделин сунуштаган .

### *3. Окутуунун өркүндөтүлгөн системасы (окутуунун жаңы теориясы)*

Окутуунун азыркы өркүндөтүлгөн системасында:

1. окуу процесси система катары каралат.

2. окутуунун маани-маңызын окуучуларга даяр билимдерди мугалимдин айтып берүүсү, окуучулардын сабак учурунда өз алдынча кыйынчылыктарды жеңип өзү табылгага жетиши аныктабастан, алардын демилгелерин жана өз алдынчалыктарын, активдүүлүгүн педагогикалык башкаруу менен эриш-аркак жүргүзүү аныктайт.

3. Окутуунун мазмуну да өзгөрдү – азыр дүйнөдө окутуу дифференцияланган окуу пландары, программалары жана окуу материялдары менен жүргүзүлөт.

Жалпысынан азыркы кезде чет өлкөлөрдөгү негизги педагогикалык концепциялар катары төмөнкүлөр эсептелинет:

**Прагматизм** (негиздегендер Ч.Пирс (1839-1914), У. Джемс (1842-1910), Дж.Дьюи (1859-1952).

- мектеп турмуштан, окутуу тарбиядан ажыратылбастан эриш-аркак жүргүзүлүшү;
- окутуу-тарбиялоо процессинде окуучунун активдүүлүгүнө таянуу, аны өстүрүү;
- окутууда теориялык билимдер эмес практикалык иштерди аткара билүүгө үйрөтүүнүн басымдуулук кылышы .

Бул системанын негизинде иш жүргүзүүнүн натыйжасында окутуу жана тарбиялоонун сапаты төмөндөп кеткендиктен, XX кылымдын 60-жылдарынан тартып прагматизмдин идеялары басаңдай баштаган. 70-жылдардын башында неопрагматизм

түзүлгөн (А.Маслоу, А.Комбс, Э.Келли, К.Роджерс ж.б.). Бул агымдын идеяларынын негизги өзөгүн *самоутверждение личности-инсандын өзүн көрсөтө алууга умтулуу* идеясы түзгөн.

**Неопозитивизм** (П.Херс, Дж.Вильсон, Р.С.Питерс, А. Харрис ж.б.).

Непозитивизм – классикалык позитивизмдин негизинде пайда болуп, тарбия берүү **мировоззрение-**дүйнөгө көз караш идеяларынан ажыратылган болушу керек. Анткени илимий-техникалык прогресс шартында социалдык турмуш идеологияга эмес «рационалдык ойлоого»муктаж деген көз караштьі, идеяны туу тутушат. Алардын философиясында адамдардын карым-катышында адилеттүүлүк эң башкы принцип болушу керек. Мына ошондуктан тарбия системасы толук гумандуу болушу керек деген идеяны жакташкан.

Неопозитивизмде эң башкы маселе интеллекти өнүктүрүү, тарбиянын милдети – рационалдуу ойлонгон адамды калыптандыруу болуп саналат.

**Экзистенциализм** (Дж.Кнеллер, К.Гоулд, Э.Брейзах (АКШ), У.Баррет (Улуубритания),Т.Морита (Жапан), М.Марсель (Франция) ж.б.) – дүйнөдө инсан эң жогорку баалуулук деп эсептеген. «Человек есть то, что он сам из себя делает» (*«Адам өзүн инсан катары жаратат»*) деген идея бул агымдагы көз караштардын өзөгүн түзгөн. Бул агымдын өкүлдөрү окутуунун жана тарбиялоонун күчүнө күмөн саноо менен карашып индивидуализмди өнүктүрүүгө басым жасашкан.

Фома Аквинскийден башталган **неотомизм** азыр да өз колдоочуларына ээ. Азыркы кезде француз философу Ж.Маритен окутууда христиан дининдеги адеп-ахлакты (тагдырга моюн сунуу, көтөрүмдүүлүк, кудайды сүйүү ж.б.) тарбиялоо негизги максат болушу керек деген идеяны колдойт жана ошондо гана адам цивилизациянын жаманчылыктарынан (терс таасирлеринен) өзүн коргой алат деп эсептейт.

XX кылымдын башталышында окутуу психология илиминин **бихевиоризм** агымында өтө күчтүү изилденип өнүктүрүлгөн.

Бихевиоризмди негиздөөчүлөр **Д.Уотсон** жана **Э. Торндайк** (1874-1949)окууну жүрүм-турумдун негизги процесси деп эсептешкен жана окуунун маани-мазмунун тышкы стимулдардын таасиринин өзгөрүшүнүн натыйжасынан келип чыгуучу сырткы реакциялардын өзгөрүшү катары түшүндүрүшкөн.

Э.Торндайк үйрөнүүнү - айбандардын жана адамдардын жүрүм-турумун өзгөрүүгө алып келүүчү процесс деп эсептеп, окуунун

маани-маңызы жүрүм-турумдун жаңы формаларына (стимул жана реакциянын жаңы байланыштарын табуу) ээ болуу – дейт.

Э.Торндайк окутуунун **эки формасын** белгилеген: окутуунун материалы болгон үлгүнүн байланыштары *сырттан даяр түрүндө берилет* жана *окуучу өз алдынча стимул менен реакциянын ортосундагы байланыштарды издеп табат*.

Бихевиоризм агымындагы көз караштарды андан ары өнүктүргөн **Б.Ф. Скиннер** бихевиорисстердин S – R схемасын андан ары өнүктүрүп, *кырдаал(стимул)-реакция - бекемдөө* – схемасын сунуштаган жана өзүнүн *программалаштырып* окутуу жөнүндөгү концепциясын жараткан. Ал концепцияда окутуунун төмөнкүдөй фазаларын белгилеген: *билим алуу (түшүнүк, эреже, мисалдар) фазасы, билимдерди пайдаланып тапшырма (маселе чечүү) аткаруу фазасы, бекемдөөгө ээ болуу фазасы.*

Б.Ф.Скиннердин программалаштырып окутуу концепциясында тестилөө билим берүүнүн текшерүү-бекемдөө фазасы катары каралган. Ушул концепциянын негизинде билим берүүдө тестилөө кеңири түрдө колдонулуп дүйнөгө жайылтылган.

Эми окутуу идеясынын өнүгүш тарыхына токтоло кетебиз.

## ОКУТУУ ИДЕЯСЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

Окутуу түзүмүн изилдөөгө алган Москва мамлекеттик университетинин психология факультетинин профессору, психология илимдеринин доктору Ислам Имранович Ильясов окутуу түзүмүнүн эң орчундуулары катары төмөнкүлөрдү белгилеген.

Тарыхый жактан алганда окутууга эң алгач кеңири илимий түшүндүрмө берген окумуштуу **Я.А.Коменский (1592-1670)** болгон. Анын эмгектеринде окуу баланын ар түрдүү илим боюнча билимдерге ээ болуусу жана билимдерди пайдалануу аркылуу ар түрдүү маселелерди чечүүсү жана аракеттерди аткара алуусу катары түшүндүрүлөт. Билим чындыктагы обьектилердин жана процесстердин касиеттери, мүнөздүү байланыштары жөнүндөгү түшүнүктөр жана алардын тутуму катары түшүнүлгөн.

Я.А.Коменский окууну – *түшүнүү, жаттоо, кайра сүйлөп берүү* жана *аны колдонуп аракеттерди жасоо*-сыяктуу түзүмдөн тура тургандыгын белгилеген. Анын пикири боюнча окутууда түшүнүү фазасы чечүүчү мааниге ээ. Эгер окуучу түшүнбөй туруп эле окуу материалын бекемдөө (жаттоо) аркылуу эстеп калса, анда ал окуучуларды адашууга, чаташууга алып келип, окуучунун билим

алуусуна терс таасирин тийгизет.

Жаттоо - заучивание на память – кайра кайталап окуйт текстти. Билгендерин кайталап айтып(сүйлөп) берүү.

Алган билимин колдонуп аракеттерди аткаруу - ручное действие- билим алууда маселе чыгарып (аткарып) бекемдөө зарыл, окуучу билимди практикада колдоно билүүгө үйрөнүүсү керек.

Коменский окууга таасир этүүчү факторлор катары: *ырааттуулук, акырындык, кайталоо, мотивация, жеткиликтүүлүктү* эсептеген.

Азыркы кезде орус педагогикасында А. Кушнир ж.б. окумуштуулар Я.А.Коменский сунуштаган окутууну табиятка окшоштуруп жүргүзүү принциби (принцип природосообразность) педагогикалык теориялардын өзөгү болушу керек деген көз карашты айтышат.

Эң алгачкы болуп **И.Ф.Гербарт (1776-1841)** педагогика илими психологиянын негизинде гана илимий тармак катары өнүгүүгө тийиш деген ойду айткан.

И.Ф. Гербарт окутууну билимдерди, билгичтиктерди *өздөштүрүү* жана *өнүгүү* деп ажыратып караган. Анын көз карашы боюнча жалпысынан окутуу процесси ар бири 2 баскычта жүрүүчү 2 фазадан (1.углубления-окуу материалынын мазмунуна тереңдеп сүңгүп кирүү, 2. осознания-окуу процессин аңдап билүү, түшүнүү) турат.

*1. фаза углубления (тереңдеп түшүнүү фазасы)* –2 баскычтан турат.

А)1-баскыч - үйрөнүлүүчү материалды бөлүп алуу.

Б) 2-баскыч - ассоциация – жаңы материалды мурда өздөштүрүлгөн материал менен байланыштыруу баскычы.

И.Ф.Гербарт эгер бала окуу материалына түшүнбөй жатса, анда окуучунун же мурунку билим тажрыйбалары аз (жарды), же жаңы материал өтө эле татаал түрүндө берилип жаткан болот. Мындай учурда мугалим окуучулардын деңгээлин көңүлгө албай эле өзүнүн билим деңгээлинде жана өз иш ыкмаларынын тутумунда жүрө берет деп айткан.

*2-аңдап билүү фазасы* да 2 баскычтан турат.

1-баскыч *-тутум-* бардык эмпирикалык жана теориялык билимдер тутумга(системага) алып келиниши зарыл.

2-баскыч-*методдор-* жаңы билимдер, жаңы теориялар, жаңы методдор аркылуу гана түшүндүрүлүшү шарт. Мына ошондо гана окуучу алган билимдерин практикада колдонуп аракеттерди жасоого жетишет.

**В.А.Дистервег (1790-1886)** окутуу процессин түшүндүрүүдө *окуу процесси* жана *өнүгүү* процесси жүрөт деп айырмалап ажыратып караган.

Окуу – белгилүү илимий тармак боюнча билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу болсо, өнүгүү - ойлоону, кепти, ыктыярдуу көңүл бурууну ж.б. машыктырып өркүндөтүү болуп саналат.

В.А.Дистервег окутуу процессинин түзүмү методго жараша болот (окутуу методуна жараша окуунун түзүмү өзгөрүүгө учурайт) деп, окутуунун негизги 2 методун: *билдирүүчү (илимий) метод* жана *элементардык (өнүктүрүүчү метод)* деп белгилеген.

1.*Билдирүүчү (илимий) метод* менен окутканда мугалим окуу материалын түшүндүрөт, окуучулар мугалимдин ой жүгүртүүсүнүн жетегинде жүрүп, мугалим айтып берген, түшүндүргөн маалыматтарды пассивдүү түрдө гана өздөштүрүшөт.

Мугалим окуу материалы жөнүндө сүйлөп берет, анын ой жүгүртүүсүн ээрчип олтуруп окуучулар пассивдүү түрдө гана окуу материалын эстеп калуу аркылуу үйрөнөт. Бул методдо окуучулар даяр окуу материалын эстеп калып эртеси (сабакта же экзаменде), аны кайра мугалимге айтып берет. Мугалим сүйлөп берген, түшүндүргөн билимдерден окуучу кубулуштун, нерсенин маани – мазмунун терең түшүнбөй эле мугалимдин айткандарын эстеп калганы боюнча маалыматтарды өз сөзү менен кайталап айтып бере алат.

2.*Элементардык (өнүктүрүүчү) методдо* окуучулар кайсыл бир түшүнүк, эреже, теорияга таянып алдыда турган окуу милдеттерин, окуу тапшырмаларын аткарууда өз алдынча ойлонууга, изденүүгө аргасыз болот.

Окуучу белгилүү эрежелерге таянып изденүүнүн натыйжасында окуу материалдарынын айланасында өз алдынча ой жүгүртүп, изилдеп үйрөнөт. Бул методдо окуучуларга суроо, маселе, тапшырма берилет, аны аткаруу аркылуу алар тийиштүү билимдерди жана аны турмуш практикасында колдонууну өздөштүрүшөт.

*Билдирүүчү методдо* мугалим (өнүгүүнү жана өнүкпөй токтоп калууну жетектеген) эң башкы фигура болсо, *элементардык метод* менен окутууда мугалим окуучулардын окуу иш-аракеттерди аткаруусун жетектеген, окуучуларды ой жүгүртүүгө түрткү берген каражат, курал болуп кызмат кылат.

Ар кандай эле окутууда окуу процесси ар түрдүү деңгээлдеги активдүүлүк менен коштолот. Окутуунун билдирүүчү методуна караганда өнүктүрүүчү (өз алдынча изденүүчү) методунда окуучунун окуу процессиндеги активдүүлүгү бир кыйла жогору болот.

В.А.Дистервег окууну ар кандай фазаларга бөлүштүргөн.

Окуунун ар кандай методу 2 фазада ишке ашат.

1.*Табуу жана алуу* – билдирүүчү методдо окуучу мугалим сүйлөп жаткан тилге түшүнсө эле болгону, окуучу пассивдүү түрдө билим ала алат.

М: Архимеддин законун жатка айтып берүүгө үйрөнүү.

2.*Бекемдөө жана жаттоо (заучивания)*

М: Архимеддин законун мугалимдин жардамында окуучу өзү табат.

Дистервег окутууда көрсөтмөлүүлүк жана проблема менен иштөө негизги деп эсептеген.

Орустун улуу педагогу **К.Д.Ушинский (1824-1871)** окуунун 2 түрүн белгилеп көрсөткөн: 1. Мугалимден билим алуу. 2.Маселени чечүү аркылуу өз алдынча үйрөнүү ( билим алуу).

Окуунун биринчи түрү 2 фазадан турат:

1) байкоо жана маалыматтарды (билимдерди) алуу;
2) билимдерди бекемдөө (бышыктоо).

Биринчи фазада окуу материалын жөнөкөй эле кабыл алуу жүрсө, экинчи фазада кайталоо аркылуу механикалык эстеп калуу ишке ашат.

Бул 2 фаза окутуу методуна жараша ар түрдүүчө жүрөт.

Окуучулардын активдүүлүктөрү бул методдордо ар башкача болот.

К.Д.Ушинскийдин пикири боюнча окуу процесси – кабыл алуудан түшүнүккө карай жылуучу процесс. К.Д.Ушинский окуу процессинде сырткы дүйнөдөн кабыл алынган образдар, элестер ой жүгүртүүгө материал болуп кызмат кылат, жыйынтыгында адам билимдерге, түшүнүктөргө ээ болот деген идеяны айткан.

Ушинскийдин көз карашы боюнча окутуу процессине таасир этүүчү факторлор болуп төмөнкүлөр саналат:

*аң-сезимдүүлүк,*
*өз алдынчалык (активдүүлүк) менен билим алуу,*
*көрсөтмөлүүлүк,*
*ырааттуулук жана системалуулук,*
*окутууга даяр болуу,*
*кайталоо* жана *көнүгүү.*

К.Д.Ушинский психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөргө таянып гана окутуу керек деген ойду айткан.

Таанып-билүүнү изилдеген атактуу швейцариялык психолог **Ж.Пиаже** окуу жөнүндө атайын системалуу концепцияны жаратпаганы менен, анын акыл-эстин өнүгүшүнө байланышкан изилдөө иштеринде таанып-билүүнүн ар түрдүү формалары жана тажрыйбаларга ээ болуу жөнүндө айткан баалуу көз караштары окутуу процессине түздөн-түз тиешеси бар.

Ж.Пиаже тажрыйбаларга ээ болууну 3 негизге таянып бөлүштүргөн:

1)акырын же кыска мөөнөттө (секирик түрүндө) жүрүүчү процесс;

2)аңдап билинбеген же аң сезимдүү түрдө көзөмөлдөнүүчү процесс;

3)даана билинген жана даана билинбеген байланыштардын чагылуусу.

Жыйынтыгында Ж.Пиаже тажрайбаларга ээ болуунун түрлөрүнүн төмөнкүдөй тутумун көрсөткөн:

-**окуу** (ар кандай байланыштарды өздөштүрүүчү, акырын жүрүүчү, аңдап билинбеген процесс);

-**индукция** (ар кандай байланыштарды акырындап аң сезимдүү түрдө көзөмөлдөө аркылуу өздөштүрүү);

-**озарение** (инсайт, даана билинбеген, аңдап билинген жана аңдап билинбеген байланыштарды секирик түрүндө таанып-билүү);

- **кабылдоо** (даана билинген, аңдап билинген жана аңдап билинбеген байланыштарды секирик түрүндө өздөштүрүү).

Бүт таанып-билүү процессиндегидей эле окууда да ассимляция жана аккомадация деген 2 фаза бөлүп көрсөтүлөт.

Ассимляция – жаңы нерселерди эски схемага кошуу(бириктирүү), жаңыны эски схеманын курамында өздөштүрүү, мурунку эски схеманы жаңы мамилелерде колдонуунун кеңейиши.

Аккомадация - адам ээ болгон схемаларды жаңы нерселер менен аракет жасаганга ылайыктоо. Бул жаңы нерсенин структурасын өзгөртүү жолу менен ишке ашат.

Таанып-билүү процессин изилдеген америкалык психолог **Д.Брунердин** көз карашы боюнча адамда чагылуунун 3 формасы бар: *сырткы кыймылдын чагылуусу, туюп-сезилген – образдык чагылуу, символикалык чагылуу.*

Ал окууну чындыктагы нерселердин чагылышынын **мазмунунун өзгөрүшү** катары түшүндүрөт.

Окутуу өз кучагына 3 түшүнүктү камтыйт:

1)уяснение – мурдагы тажрыйбаны тактаган же аны

алмаштыруучу маалыматты алуу;

2)трансформация – маалыматтын үстүнөн иштеп олтуруп, аны жаңы кырдаалда пайдаланууга жетишүү;

3)баалоо – алынган маалыматтын зарыл учурда кайра иштешинин туура экендигин текшерүү.

XX кылымдын 70-жылдарында америкалык психологияда **Р.Гэгнинин** окуу жөнүндөгү концепциясы кеңири тараган.

Р.Гэгнинин пикири боюнча окутуу өздөштүрүүнүн предмети болуп *интелектуалдык көндүмдөр* (ажыратуу, бириктирүү, классификациялоо ж.б. белгилердин жардамы менен ишке ашуучу амалияттар кирет), *вербалдык маалымат* (айтуу, белгилөө, сүрөттөө ж.б.); *таанып-билүү стратегиясы* (окууну, эске тутууну, эске түшүрүүнү, ойлоону ж.б. ишке ашыруучу көндүмдөр) *кыймылдык көндүмдөр, мамиле жана жүйөлөр* саналат.

Р.Гэгнинин пикири боюнча окуу процессинин түзүмү төмөнкүдөй фазалардан турат.

1.*Кабыл алуу фазасы* (маалыматты кабыл алуу, селективдик кабыл алуу жана кыска убакытка эстеп калуу).

2.*Өздөштүрүү фазасы* (маалыматты коддоп узак убакыттагы эсте тутууга өткөрүү).

3.*Эсте сактоо, эсте сакталган маалыматты издеп табуу жана эске түшүрүү фазасы.*

4.*Аткаруу жана көзөмөлдөө фазасы.*

Ушул фазалардын жүрүшүнө катарлаш эле ал фазалардын жүрүшүн көзөмөлдөө аракеттери аткарылат.

Р.Гэгнинин концепциясында таанып-билүү амалдарынын өнүгүш детерминанты болуп окутуу жана мурда өздөштүрүлгөн билимдер жана билгичтиктер (ийкемдер) саналат.

Окутуу – таанып-билүүнүн мазмунунун жана түзүмүнүн негизги булагы болуп саналат. Бирок педагогикалык процессте окуучуда кандай асыл сапаттардын калыптангандыгын эсепке алуу тактыгына жараша окутуунун натыйжалуулугу аныкталат.

Анткени бүт таанып-билүү амалдары ырааттуу түзүмдү түзгөндүктөн, ар кандай жаңы амалды үйрөнүү анын компоненттери мурда өздөштүрүлгөн шартта гана ишке ашат. М: аянттын өлчөмү жөнүндөгү түшүнүктү үйрөтүү үчүн окуучу **аянт** жөнүндө **узундук**, **кеңдик** жөнүндө түшүнүккө ээ болуусу жана аларды ажырата жана салыштыра билүүсү зарыл. Булар жөнүндө окуучунун түшүнүгү жок болсо, анда окуучу аянттын өлчөмү жөнүндө түшүнүк ала албайт. Мына ошондуктан ар кандай деңгээлдеги жаңы таанып-билүү түзүмдөрүн калыптандыруудагы кыйынчылыктар жана ишке ашпай

калуулар адам жетишкен өнүгүүнүн деңгээли (кайсыл амалдар калыптангандыгын) канчалык экендигин билбөөдөн, ага көңүл бурбоодо, аны аныктай албоодон келип чыгат.

Америкалык психологияда өткөн кылымдын 70-жылдарындагы жана 80-жылдын башындагы эң таасирдүү окутуу концепциясы болуп **А.Бандуранын** *социалдык үйрөнүү теориясы* саналат.

А.Бандура окутуу окуучуда сырткы өзгөрүүлөрдүн пайда болушуна алып келет деген жана аны далилдеген. Адатта көпчүлүк учурларда окутуунун натыйжасында сырткы өзгөрүүлөрдүн пайда болушун эске албайбыз, теорияны бере беребиз. Окуучу мугалим айтып берген маалыматтарды кайталап айтып берип баа алат. Баа чечип коет. Окуучу билбесе да «5»деген бааны коюп баанын ээсин алдайбыз-деген ойлорду айткан.

Бул теория боюнча окуу (үйрөнүү) адамдын тышкы жүрүм-турумунун өзгөрүшү катары түшүнүлөт, бирок жүрүм-турум сырткы көрүнүшүнөн гана турган нерсе эмес, ички таанып-билүү жана мотивациялык процесстерди да өз ичине камтып турчу процесс катары түшүнүлөт.

Жүрүм-турумду жөнгө салып турчу негизги процесс - бул таанып-билүү процесси болуп саналат. Ар кандай деңгээлдеги жана тартиптеги жүрүм-турумдардын ишке ашуусу эрежелерге байланыштуу. А.Бандура шарттуу түрдө эрежелерди 3 деңгээлге ажыратат. 1-деңгээлдеги эреже-максаттар (эмнеге жетишүү).

2- деңгээлдеги эреже - бүт аракеттердин пландары.

3-деңгээлдеги эреже - айрым аракеттерди аткаруунун эрежеси.

Мына ушул эрежелерди окуучулардын аңдап билүүсү окуунун жана окутуунун натыйжалуу болушун шарттайт.

# СОВЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК ПСИХОЛОГИЯДА ОКУТУУ ЖАНА ОКУУ МАСЕЛЕЛЕРИНИН ИЗИЛДЕНИШИ

Советтик педагогика жана психология иштеп чыккан көптөгөн теориялар, методологиялар, методикалар билим берүүнүн практикалык бай тажрыйбалары бүгүнкү күндө да жаш муундарга билим жана тарбия берүүдө колдонулушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Башкача айтканда, советтик педагогиканын жетишкендиктеринин пайдалуу жактарына эч качан көз жумууга болбойт. Анткени, көптөгөн чет мамлекеттердин мектептери (Мисалы АКШда орус эмигранттары ачкан мектептердин кадыр-баркынын –окуу акысынын жогорулугу, ал мектепте окууну каалаган талапкерлердин көптүгү-жогору болушу ж.б.) советтик мектептин үлгүсүндө иштеп жатышкандыгы жөнүндө басма сөздө жазылып жүрөт.

Чет элден бизге келип жаткан, бизге эң жаңы болуп көрүнгөн окутуу философиясынын жана принциптеринин өзөгүн, негизин советтик педагогикалык психологиянын айрым теориялары түзө тургандыгын баса белгилей кетүү зарыл. Мисалы, азыркы кезде республикабызда кеңири жайылтылып жаткан окутуунун сынчыл ойлом методу Жан Пиаже менен советтик улуу психолог Л.С.Выготскийдин идеяларынын негизинде түзүлгөн. Ал эми билим берүү жаатында биздин өлкөгө чет өлкөлүк воленторлор алып келип жаткан окутуунун жаңыча методикалары жана технологиялары (мисалы, сынчыл ойлом ж.б.) өз колдоочуларын таап, мектептердеги билим жана тарбия берүү иштеринде колдонула башташы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

(Советтик психологиянын жана педагогиканын теориялык жана методологиялык принциптеринин негизинде пайда болгон В.Ф.Шаталов жана Е.Н.Ильиндин ж.б. педагогикадагы жаңычыл иш тажрыйбаларына кийинки беттерде атайын токтолобуз.)

Дүйнөлүк педагогикалык психологияга советтик окумуштуулардын кошкон салымына атайын токтоло кетүү зарыл.

Дүйнөгө таанылган советтик көрүнүктүү психолог Л.С. Выготский окутуу, окуу түзүмү жөнүндө атайын өз концепциясын иштеп чыккан эмес. Бирок өзүнүн психиканын өнүгүшүн түшүндүргөн ***тарыхый-маданий концепциясында*** окуу маселесин өтө терең чечмелеген. Анын концепциясынын негизинде А.Н.Леонтьев, П.Я.Гальперин, Д.Б. Эльконин, В.В.Давыдов жана алардын жолун жолдоочулар окуу жөнүндөгү өз теорияларын жаратышкан.

Л.С.Выготский адамдын билим, билгичтик (ийкем) жана көндүмдөргө ээ болуусу менен адамдын жалпы сапаттарга жана жөндөмдүүлүктөргө ээ болуусун айрым-айрым нерселер катары карап: биринчисин ***окуу*** (окутуу), ал эми экинчисин ***өнүгүү*** деп атаган.

Л.С.Выготский **түшүнүктү** илимий (теориялык) жана турмуш-тиричиликтик (эмпирикалык) деп бөлүштүргөн.

Илимий түшүнүктө нерсенин маани-маңызы чагылдырылат.

Л.С.Выготский бардык жогорку психикалык функциялардын өнүгүшүн төмөнкүдөй 3 стадияга бөлүштүргөн:

*1.Белгилердин колдонулушун аңдап билбей туруп колдонуу.*

*2.Сырткы белгилерди колдонуу.*

*3.Ички белгилерди колдонуу.*

Л.С.Выготский:адам психикасы төмөнкү жана жогорку деңгээлдерден турат.Турмуш-тиричиликтик түшүнүктөр баланын өз алдынча турмуш менен өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасында калыптанат. Бала жөнөкөй түшүнүктөрдөн жогорку түшүнүктөрдү өздөштүрүп барат. Илимий түшүнүктөр жогортон төмөн карай түшүндүрүлөт. Илимий түшүнүктөр илимий системаны түзөт. Белгилүү илимий системада ой жүгүртө алса гана адам ошол илим тармагын өздөштүрөт. Бала социалдык тажрыйбаны өзүнө сиңирип субьективдүү тажрыйбага ээ болот. Субьективдүү тажрыйба окуунун жемиши жана андан ары окутуунун шарты болуп саналат.

Субьективдүү тажрыйба реалдуулук катары баланын илимий жана турмуштук билимдери, аларга тандалмалуу мамилеси, ынанымы, сезими, адаты, муктаждыгы ж.б. жекече түшүнүктөрүнүн алкагы. Л.С.Выготский окутууну 2 типке ажыраткан: атайын уюштурулган(мектептик) жана спонтандык окутуу-баланын өзүн окутуусу. Окуучу билимди өздөштүрүү менен гана чектелбестен, өз тажрыйбасы менен салыштырып көрөт, рефлексиянын негизинде өзүнүн таанып-билүү ишмердүүлүгүн жөнгө салат.

Л.С.Выготский өзү илимге кийирген өнүгүүнүн социалдык кырдаалы (жагдайы) түшүнүгүнө негизденип, билим берүү кырдаалы баланын сырткы (коомдук, экономикалык, саясий) шарт жана ички (курактык, инсандык, жекелик) өзгөчөлүктөрүнүн биримдигине жараша аныкталат деген идеяны негиздеген.

Жогорку психикалык функциялардын өнүгүшүнүн негизин түзгөн процесс болуп *интериоризация* саналат. Интериоризация процессинин негизинде таанып-билүү мүнөзүндөгү сырткы (күндөлүк турмушта көрүп-билип жүргөн) социалдык мамилелер, баарлашуу, окутуу жана тарбиялоо ж.б. тилдин жардамы менен ички психикалык көрүнүшкө айланат. Интериоризация процессинин натыйжасында

адам жеке аң-сезиминде таанып-билүү ишмердүүлүгүн аткаруу мүмкүнчүлүгүнө (окутууда жана тарбиялоодо берилген рухий тажрыйбаларга, маалыматтарга ж.б.) ээ болот.

Ойлоонун өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчү болуп ***белги(знак)*** түрүндө иш-аракеттердин кыйыр жол менен аң сезимде аткарылышы саналат.

Өнүгүү менен окутуунун өз ара карым-катнашы жөнүндөгү маселени Л.С.Выготский өнүгүүнүн «актуалдуу» жана «жакынкы зоналары»аркылуу түшүндүргөн.

Өнүгүүнүн актуалдуу зонасын бала өз алдынча аткара алган маселелер (аракеттер, иштер ж.б.) түзөт. Ал эми бала өз алдынча аткара албаган, бирок башка бирөөлөрдүн жардамы, көрсөтмөсү, кеп-кеңеши менен аткарып кете алчу аракеттери, иштери өнүгүүнүн жакынкы зонасын түзөт.

Өнүгүүнүн жакынкы зонасына таасир этип олтуруп гана мугалим окуучуга билим берип, билгичтигин арттырып, көндүмдөргө ээ кылып тарбия бере алат жана окуучунун психикасын жана инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө жетишет.

Окутуу учурунда өнүгүүнүн жакынкы зонасын эске алуу гана жакшы натыйжага алып келет – деген Выготскийдин идеяларына негизденип окутуу процесси уюштурулуп жана жүргүзүлүп келүүдө.

## ОКУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Окуу ишмердүүлүгүнүн теориясында окутуу, окуу жана үйрөнүү адамдын психологиялык жана жүрүм-турум жагынан өнүгүшүнө канчалык деңгээлде таасирин тийгизе алат деген маселе талаш туудуруп келет. Педагогикалык психологиянын тарыхында төмөнкүдөй көз караштар бар.

1.Өнүгүү толугу менен окууга, үйрөнүүгө жараша болот.

2. Өнүгүү үйрөнүүгө, окутууга эч көз каранды эмес, өнүгүү тубаса шык-жөндөмгө, дененин табигый жетилүүсүнө көз каранды.

3.Өнүгүү үйрөнүүгө да, дененин табигый жетилүүсүнө да көз каранды болот деген көз караш.

*Биринчи* көз караш боюнча адам туулганда «актай тактай(доска)» түрүндө болот, мезгил өз жазууларын жазат»деген идея Ф. Бэкондон бери жашап келет. Бул көз караш боюнча тубаса өзгөчөлүктөр эч мааниге ээ эмес. Окутууга жараша адам психикалык жана инсандык жактан өнүгүп өсөт.

Бул көз караштын кемчилиги: окутуу, үйрөнүү адамдын жекече

өзгөчөлүгүнө жараша болот; жаңы төрөлгөн балада эле тубаса психологиялык жана жүрүм-турумдук өзгөчөлүктөрү байкалат; М: музыкалык шыгы.

*Экинчи* көз караштын кемчилиги болуп: үйрөнүүнү, окутууну четке кагып, өнүгүүнү биологиялык жетилүү катары эсептегендиги саналат.

Окутуусуз, үйрөнүүсүз тубаса өзгөчөлүктөр да билинбей жоголуп кетери илимде белгилүү. М: айбандардын арасында өсүп калган жапайы балдарда үйрөнүү болбогондуктан, аларда адамдык сапаттар да өнүкпөйт.

Акыркы жылдарда үйрөнүү, окутуу психикалык өнүгүүгө гана таасир этпестен, дененин биологиялык жетилүүсүнүн тез жүрүшүнө да өз таасирин тийгизе тургандыгы аныкталган. М: окутуу, үйрөнүүнүн таасиринен баланын мээ түзүмдөрүнүн айрымдары тез жетилээри аныкталган.

*Үчүнчү көз караштагылар* жогорудагы эки көз караштын жакшы жактарына таянат жана окуу ишмердүүлүгү өнүгүүгө таасир этээрине басым жасашат.

Окутуу процессинде үйрөнүү ийгиликтүү жана натыйжалуу болсун үчүн окуу ишмердүүлүгү төмөндөгүдөй талаптарга жооп берүүсү зарыл.

- окуу ишмердүүлүгү ар тараптуу мотивге ээ болгон процесс болуп окутуучуну эң жакшы окутууга түртүүсү, окуучуну өтө ынтаа коюп окууга түрткү берүүсү зарыл.
- окуу ишмердүүлүгү өнүккөн жана ийкемдүү түзүмгө ээ болушу шарт.
- окуу ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү формада жүргүзүлүшү өзүнүн оң натыйжаларын берет.
- окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда азыркы техникалык каражаттарды жана окутуунун жаңы технологияларын колдонуу окутуунун натыйжалуу болушуна алып келет.

Эми ушул айтылгандардын ар бирине кеңири токтоло кетели.

*Окууга болгон оң мотивдердин болушу* – окуучунун билим алууга, көндүмдөргө ээ болууга, өзүн өстүрүүгө болгон кызыгуунун, умтулуунун ж.б. күчтүү болушу саналат.

Окуучуда окууга болгон мотив **кырдаалдык** жана **инсандык** болушу мүмкүн.

Кырдаалдык мотив – экзаменде өз билимин, жөндөмүн көрсөтүү үчүн окуучунун жакшы бааларга окушу, окуунун мындай мотивдери тышкы мотивдер деп аталат.

Окуунун ички, инсандык мотиви адамдын өзүн-өзү өркүндөтүү, өстүрүү муктаждыгы менен байланышкан болуп, окуучуга өтө күчтүү таасир этет. М: келечекте күчтүү адис болууга умтулуу ж.б.

Окуучунун окуу мотиви түздөн-түз билим алууга байланыштуу болушу мүмкүн же окуучу жазалоодон, шылдыңдоодон коркуп гана жакшы окуусу мүмкүн. Окууга болгон мотив балдарда мектепке келгенге чейин эле калыптанат. Ал эми мектепте болсо окууга болгон кызыгуу күчөшү же басаңдашы күтүлөт. Анын кандай болушу албетте көбүнчө кенже класстын окуучуларын окуткан мугалимдердин педагогикалык чеберчилигине жараша болот.

*Окутуунун түзүмүнүн өнүккөн болушу* мугалим окуу ишмердүүлүгүн аткарууда окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди (ийкемдерди) жана көндүмдөрдү үйрөтүп, аларды акыл жана адеп жагынан өстүрүүдө ар кандай аракеттерди, методдорду жана каражаттарды колдонуусу. Мугалим окуучуларга жаңы теманы түшүндүрүп (айтып берүү), эски теманы суроо менен гана чектелсе, анда анын окутуу түзүмү (салттык окутуу формасында) өнүкпөгөн жана жарды болот.

*Окутуунун ийкемдүүлүгү* дегенибиз мугалимдин окуу материалынын өзгөчөлүгүнө ылайык зарыл учурда ар кандай методдорду жана ыкмаларды колдонуп окутууну ишке ашыруусу. Окутуунун ийкемдүүлүгү мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн, өтүлүүчү теманын, окуу материалдарынын мазмунун жана окутуу кырдаалын эске алып окутуунун ар кандай каражаттарын, методдорун, ыкмаларын билгичтик менен колдоно билиши.

Окутуунун маани-маңызын чечмелөөдөн мурда окутууну ишке ашыруучу жана аны натыйжага алып келүүчү ***үйрөнүү*** процессине токтоло кетебиз.

# ҮЙРӨНҮҮ

*Окуу ишмердүүлүгү, окутуу, окуу жана үйрөнүү* деген түшүнүктөр адамдын турмуштук тажрыйбаларды *билим, билгичтик (ийкем)* жана *көндүм* түрүндө өздөштүрүүсүн түшүндүрөт. Бул түшүнүктөр бири-бири менен тыгыз байланышта болгону менен бири-биринен өз айырмачылыктарына да ээ. Бул түшүнүктөр кээде синоним катары колдонгон учурлар көп кездешет.

**Окуу ишмердүүлүгү** – мугалим менен окуучунун окуу-таанып билүү өз ара аракеттенүүлөрү жүрчү процесс катары **4 түшүнүк** менен мүнөздөлөт. Ар бир түшүнүктө өз ара аракеттин бир тарабына көбүрөөк басым жасалат.

*Окуу ишмердүүлүгүнүн тышкы жагын* – окуу китептери, окуу куралдары, кошумча каражаттар ж.б. түзөт.

*Окуу ишмердүүлүгүнүн ички жагын* - окуу процессинде окуучу тарабынан аткарылуучу акыл аракеттер жана амалдар (кабыл алуу, эстеп калуу, акыл калчоо, кайра эске түшүрүү ж.б.) түзөт.

*Окуу ишмердүүлүгүнүн ориентациялоочу жагын* - үйрөнүүчү билим, көндүмдөрдүн максаты, курамы жана критерийлери менен тааныш болуу түзөт.

*Окуу ишмердүүлүгүнүн аткаруучулук жагын* – билимдерди, ийкемдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү жана колдонуу түзөт.

Окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасында адам жаңы билимдерди өздөштүрүп, билгичтик (ийкемдерге) жана көндүмдөргө ээ болот же мурда ээ болгондорун өркүндөтүп-өзгөртөт, өз жөндөмдүүлүктөрүн жакшыртып өнүктүрөт. Окуу ишмердүүлүгү адамды тышкы чөйрөгө ыңгайлашууга, өз муктаждыктарын (айрыкча акыл-эс жактан өсүп өнүгүү муктаждыгын) канааттандырууга жана инсан катары өсүп жетилүүсүнө мүмкүндүк берет.Мунун баары үйрөнүү аркылуу ишке ашат.

**Окутуу** - мугалим менен окуучунун биргелешкен окуу ишмердүүлүгү болуп, мугалимдин бүт турмуш тажрыйбасын (билимин, билгичтигин (ийкемин) жана көндүмдөрүн) окуучуга берүүсү (жеткирүүсү) ишке ашчу процесс.

Окутуу жөнүндө сөз болгондо адис катары мугалим окуучунун үйрөнүү процессинде (окуучунун үйрөнүүсүн ишке ашырууда окутууну башкаруу, жетектөө ж.б. ) аткара турган кызматтарга басым жасалат.

Окутуу окуучуда керектүү сапаттарды пландуу түрдө калыптандырууда окуучунун жекече инсандык өзгөчөлүктөрүн эске

алууга да мүмкүндүк берет.

Окутуу учурунда гана үйрөнүү жүрбөстөн окуучулар өз ара бири-бири менен баарлашкан учурда да бири-биринен көп нерселерди үйрөнүшөт.

**Окуу** дегенде окуу ишмердүүлүгүндө окуучу аткара (жасай) турган аракеттерге басым жасалып, окуучу зарыл түрдө керек болгон билимдерге, билгичтик (ийкемдерге), көндүмдөргө ээ болууга жана өз жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө багытталган *окуу аракеттери* түшүнүлөт.

Ушул жогоруда айтылып өткөн үч түшүнүк тең *окуу процессинин* мазмунуна тиешелүү.

Окуунун натыйжасы жөнүндө сөз болгондо *үйрөнүү* түшүнүгү колдонулуп, окутуу жана окуу процесстеринин натыйжасында адам эмнени үйрөнө алышы жөнүндө сөз болот.

**Үйрөнүү** дегенибиз окуу ишмердүүлүгүн аткаруунун (ж.б. өз алдынча жасаган аракеттердин) натыйжасында адамдын жаңы психологиялык сапаттарга, касиеттерге ээ болушу.

Үйрөнүү-адам жасаган иш аракеттен кийин адамдын жүрүм-турумунда (тышкы) жана психикасында (ички) пайда болгон өзгөрүүлөр. Үйрөнүүдөн кийин адам психикалык өнүгүүсүндө, инсан катары калыптануусунда жаны тепкичке көтөрүлөт. Үйрөнүүнүн натыйжасында адам өзгөрөт, б.а., адам бир нерсе үйрөнсө жүрүм-туруму, акыл-эси ж.б. өзгөрүүлөргө учурайт. М:Компьютерде иштөөнү үйрөнүү окуучунун өз ишмердүүлүгүн уюштуруусун өзгөртөт.

Тарбияга жана окутууга байланышы жок пайда болгон адамдагы өзгөрүүлөр үйрөнүүгө кирбейт. Алсак, баланын денесинин жетилиши, биологиялык мыйзамдын жана гендик таасирден ж.б. пайда болгон адамдагы өзгөрүүлөр үйрөнүүгө кирбейт. М: өспүрүм куракта бойдун тез өсүшү, өспүрүм куракта үндүн тембринин өзгөрүшү ж.б.

Үйрөнүү дененин биологиялык жетилүүсүнө (таянат) жараша жүрөт. Дененин жетилүүсүнө окутуу жана окуу аркылуу ээ болгон үйрөнүү да таасир этет, б.а., жетилүү жана өнүгүү (үйрөнүү) эки жактуу байланышта болушат. Бирок үйрөнүү басымдуу түрдө жетилүүгө көз каранды болот, жетилүү болсо үйрөнүүгө анча көз каранды эмес, себеби генотип аркылуу берилүүчү өзгөчөлүктөргө тыщкы таасир анча мааниге ээ эмес. Генотипте программалаштырылган жүрүм-турумдун инстинкттик формалары тышкы таасирлерден бир аз гана өзгөрүүгө учурайт.

Эми үйрөнүүнүн түрлөрүнө токтоло кетели.

Адамда үйрөнүүнүн бир нече түрлөрү бар. Алардын айрымдары айбандарда да кездешет.

1. *Импринтингдик үйрөнүү* - тубаса жүрүм-турум формаларын колдонуу аркылуу айбандардын жашоо шартка өтө тездик менен бир заматта ыңгайлаша алуусу.

М: тукумдан жаңы чыккан балапан (өрдөктүн, тооктун чөжөсү ж.б.) биринчи көргөн кыймылдап бараткан нерсени (Мисалы, адам, топ, тоок ж.б.) ээрчип кетиши жана аны адатка айландыруусу.

2. *Шарттуу рефлектордук үйрөнүү* - мурда мааниге ээ эмес болгон дүүлүктүргүчтөрдүн муктаждыктарды канааттандыруу менен байланышы кайра-кайра кайталангандыктан улам, ал байланыштар бекемделип олтуруп кийин шарттуу реакциялар түрүндөгү жүрүм-турумдун жаңы формаларын пайда кылат жана дүүлүктүргүч белгилүү муктаждыктарды канааттандыруу менен байланышкан учурда гана мааниге ээ боло баштайт. Шарттуу стимул шарттуу реакция менен убакыт же мейкиндик жактан байланышкан болсо гана белгилүү жүрүм-турумду жаратат. Үйрөнүүнүн ушул түрүнө энесинин эмчегин көргөндө наристенин сүйүнүшү, энесин карай талпынып жүткүнүшү ж.б.у.с. мисал болот.

3.*Операнттык үйрөнүү* - билимдер, билгичтик жана көндүмдөр (проб и ошибка) тобекел методу менен жетишилет.

Адам кандайдыр бир көйгөйлүү маселеге дуушар болсо аны чечүү үчүн инстинктивдүү, шартсыз, шарттуу реакцияларды жасап көрөт жана автоматтык түрдө ал аракеттердин натыйжасы пайдалуу же зыяндуу экендиги акыл таразасында салмактанып, бааланып турат. Эң жакшы натыйжа берген жүрүм-турум гана ошол жасалган жүрүм-турум менен ошол кырдаалга адамды ыңгайлаштырат жана пайда болгон маселени чечүүнүн тажрыйбасы катары эсте сакталат. Адам ошондой кырдаалга кийин да дуушар болгон учурда, мурунку тажрыйбасынын негизинде кандай жүрүм-турум жасоо керектигине алдын ала даяр болот.

Мына ушул үйрөнүүнүн үч түрү тең адамдарга да, айбандарга да жашоо үчүн өтө керектүү болгон жүрүм-турум тажрыйбаларын топтоого мүмкүндүк берет жана аларды тиричиликтик кырдаалдарда пайда болгон көйгөйлүү маселелерди чечүүгө даяр кылат.

Булардан сырткары үйрөнүүнүн адамга гана мүнөздүү болгон түрлөрү да бар.

1. *Башка адамдардын жүрүм-турумун түздөн-түз байкоо аркылуу үйрөнүү* - үйрөнүүнүн бул түрүндө адам башка бирөөдөн байкаган жүрүм-турумду (тууроо жолу менен) дароо өзүнө алып

өздөштүрөт. Үйрөнүүнүн бул түрү **викаррдык үйрөнүү** деп аталат жана үйрөнүүнүн адамдагы өтө өнүккөн түрү болуп саналат. Айрыкча жаш балдар басымдуу түрдө викаррдык үйрөнүү аркылуу адамзат тарыхында топтолгон тажрыйбаларды өздөштүрүшүп, чоң кишилерди тууроо аркылуу социалдык чөйрөдө жашоонун эрежелерин жана сырларын, жүрүм-турумдун түрлөрүн үйрөнүшөт.

2. *Вербалдык үйрөнүү* - тилдин (сөз сүйлөөнүн) жардамында адамдын жаңы тажрыйбаларга ээ болуусу. Ушул үйрөнүү адамга өз тажрыйбаларын башкаларга берүүгө, башка адамдардын билимдерин, билгичтигин жана көндүмдөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн өздөштүрүүгө жетиштирет. Коомдогу ар кандай белгилердин (знактардын,символдордун ж.б.) тутумдары адамдар тарабынан ушул үйрөнүү процесси аркылуу өздөштүрүлөт. Вербалдык үйрөнүү окуу процессинде тажрыйбаларга ээ болуунун эң негизги жолу болуп саналат.

Үйрөнүүнүн ийгиликтүү жана натыйжалуу болушу дегенде окутуучу менен окуучу өтө аз аракет, күч жана каражат жумшап үйрөнүүгө жетишүүсүн түшүнөбүз.

Үйрөнүүнүн *деңгээлдерин* жана *түрлөрүн* санап өтөбүз.

Үйрөнүү стихиялуу жана максатуу болуп экиге бөлүнөт.

Үйрөнүү стихиялуу түрдө жүргөндө башка иш жасап жүрүп адамдын үйрөнүүгө ээ болуусу (М: оюн аркылуу үйрөнүүгө ээ болуу ж.б.). Үйрөнүү максаттуу түрдө жүргөндө атайын ишмердүүлүк уюштурулуп үйрөнүүнү ишке ашырат. Мисалы: окутуу аркылуу үйрөнүүнүн жүрүшү.

Үйрөнүүнүн денгээлдери:

1.**Рефлектордук үйрөнүү**. Бул өзүнчө экиге бөлүнөт:

а) сенсордук (үндү,түстү ж.б.таанууга) үйрөнүү;

б) мотордук (кыймылдарды, жүрүм-турумдарды) үйрөнүү.

Бул экөө биригип сенсомотордук үйрөнүүнү жаратат жана ал - аң сезимдеги образдарга ылайык аткарылуучу аракеттердин программасын калыптандырат.

2.**Когнитивдик үйрөнүүдө** адамда нерселердин ортосундагы байланыштарды аныктоо, нерселердин касиеттерин ажыратуу, талдоо жана бекемдөө калыптанат. М:теориялык билимдерди (математикалык эсептерди чыгаруу ж.б.) үйрөнүү. Интеллектуалдык денгээлде аткарылуучу билимдер, билгичтик жана көндүмдөр когнитивдик үйрөнүүгө кирет.

Үйрөнүү байкоонун, көнүгүүлөрдү акылдан өткөрүүнүн жана өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн негизинде ишке ашат.

## Окутуу менен үйрөнүүнүн карым-катышы жана айырмачылыктары

Окутуу уюшулган процесс болуп, пландуу жана аң сезимдүү түрдө башкарылуучу процесс.

Ал эми үйрөнүү болсо пландуу, аң сезимдүү жана *стихиялуу* түрдө да жүрөт.

Окуу окуучунун ишмердүүлүгү менен байланыштуу болуп, уюшулган же уюшулбаган түрдө болот. Окуу уюшулган түрдө болсо окутуунун бир көрүнүшү катары жүрөт, окутуу уюшулбаган болсо социалдаштыруунун натыйжасы катары жүрөт.

Үйрөнүү болсо адамдын бардык ишмердүүлүгүндө ишке аша берүүчү процесс.

Окутуу жана окуу аң сезимдүү түрдө гана жүрчү процесстер болсо, үйрөнүү аң сезимсиз абалда да жүрө берчү процесс. Мисалы: башка адамдарга мүнөздүү адаттарды, сөз айкаштарын, кыймылдарын ж.б. тууроо жолу менен үйрөнүп, (үйрөнүү аң сезимсиз деңгээлде жүргөндүктөн) адам аларды өзүнө өздөштүрүп алганын билбей калат.

Үйрөнүүнүн ийгиликтүү, натыйжалуу болушу өтө көп факторлорго көз каранды. Психологиялык фактор эң маанилүү факторлордун бири катары төмөнкүдөй формада болот:

1) окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясы (окууга түрткү болгон нерселер);

2) таанып-билүү процесстеринин ыктыярлуулугу (кабыл алуунун, көңүл буруунун, кыялдануунун, эстин, ойлоонун жана кептин ж. б. адамдын өз каалоосу, эрк күчүн жумшоо аркылуу ишке ашуусу);

3) окуучунун инсандык сапаттары – эрктик (туруктуулук, максатка умтулуучулук, жоопкерчилик, тартиптүүлүк, аң сезимдүүлүк, тыкандык); адептик (сылыктык, адилеттүүлүк ж.б.) жана интеллектик (анализдөө-синтездөө, салыштыруу ж.б.).

Психологиялык фактордун өзгөчө түрү катары *биргелешкен ишмердүүлүктү аткарууда башка адамдар* менен өз ара аракеттенише алуу касиети саналат. Мында айрыкча окуучунун мугалим менен жана өзү менен чогуу бир класста окуган окуучулар менен өз ара мамилелешүүнүн чоң мааниси бар. Анын мазмунунун кандай болушуна окуучунун интеллектуалдык жактан өнүккөн болушу жана окуучуда окуу ишмердүүлүгүнүн калыптанышы өз таасирин тийгизет. Ушул эле саналып өткөн факторлор башка адамдарды окута турган мугалимдер үчүн да мааниси чоң.

Адамдардын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрү да (окуучулардын көңүл буруусу, эси, ойлоосу, акылы, окууга болгон кызыгуусу, келечек максаттары, өзүн-өзү баалоосу ж.б.) окуу процессине өз таасирин тийгизет. Айрым окуучулар окуу материалдарын тез жана оңой өздөштүрсө, айрымдары өтө жай жана кыйынчылык менен өздөштүрөт.

Үйрөнүүгө окуу каражаттары, анын мазмуну, кандай деңгээлдеги, сапаттагы жана кайсыл окуу материалы колдонулуп жаткандыгы да өз таасирин тийгизет. Алсак, үйрөнүүдө окуу материалынын окуучулар үчүн *жеткиликтүү* жана *белгилүү деңгээлдеги татаалдыкта* болушунун мааниси өтө чоң.

Окуу материалынын белгилүү деңгээлде татаал болушу дегенде өтө бийик деңгээлдеги, бирок өздөштүрүүгө мүмкүн болгон татаалдыктагы окуу материалы көңүлгө тутулат. Мына ушундай татаалдыктагы окуу материалын окуп жатып окуучу психикалык өнүгүүгө (айрыкча интеллектуалдык өнүгүүгө) жетишет. Оор сабакты өздөштүрүү окуучуда өзгөчө канааттанууну жаратат, окууга болгон кызыгуусун арттырат жана окуучунун интеллект жагынан жакшы өнүгүшүнө өбөлгө болот.

## ОКУТУУ ПРОЦЕССИНИН МААНИ-МАҢЫЗЫ

Окутуунун мазмуну, максаты жана усулу АДАМ табиятын түшүндүрүүчү философиялык көз караштарга ылайык аныкталган неотомизм, экзистенциализм, (прагматизм) марксизм ж.б. агымдагы окумуштуулар тарабынан ар башкача түшүндүрүлөт жана адамдын өнүгүүсү деген эмне? Өнүгүүнүн маңызы эмнеде? Өнүгүүгө кандайча жана кантип таасир этүүгө болот? деген сыяктуу суроолорго жооп бергендигине жараша окутуу процессинин мазмунун кандай болушу, окутуунун кандайча жүргүзүлүшү керетиги аныкталат.

Ар бир коом жана мамлекет мектептин алдына жаш муундарга билим жана тарбия берүүнүн максаттарын, милдеттерин жана мазмунун аныктап, аны кыйшаюусуз аткарууну көзөмөлдөйт.

Азыркы кезде мектеп 2 максатта иш жүргүзөт.

Мектептин *биринчи* максаты болуп өз окуучуларында билимдердин негизин калыптандыруу (окуучуларды билимдердин, билгичтиктердин (ийкемдердин), көндүмдөрдүн суммасына ээ кылуу) саналат.

Мектептин *экинчи* максаты окуучуларга тарбия берүү болуп саналат.

Мына ушул максаттарга ылайык мектептин ишмердүүлүгү 2

багытка жумшалат: окуучуларды **окутуу** жана **тарбиялоо**. Бул процесстер өз ара карым- катышта ишке ашат. Окутуу менен тарбиянын карым-катышына кененирээк токтоло кетели.

Жаш муундарга тарбия берүү адам эмгек куралын жасай баштаган мезгилде башталган. Ал эми билим берүү, окутуу кийинчерээк өндүрүш өнүккөндө гана пайда болгон. Гректин «педагог» деген сөзүнүн маанисинде да тарбия берүү басымдуу – баланы ээрчитип (алып, жетелеп, баштап) жүрүүчү деген маанини билдирет. Тарбиянын кандай мазмунда, максатта, усулда болушу мамлекеттин экономикалык өнүгүш абалына, коомдун талабына жараша аныкталат. Буга мисал, байыркы Грециядагы эң ири, эң күчтүү эки мамлекетте: Спарта жана Афинада тарбиянын 2 системасы жаралганы белгилүү.

Азыркы кезде да тарбия берүүнүн мазмуну, максаты коомдун талабына жана мамлекеттин социалдык заказына ылайык аныкталат.Биздин өлкөдө коомдун саясий багыты өзгөрүлгөндүктөн мурдагы билим берүү тармагындагы «ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо» деген социалдык заказ жоюлду. Тарыхый кырдаалдан улам коммунисттик духта тарбия берүү идеясы жоголду.

Окутуу дегенибиз коомдук-тарыхый тажрыйбаларды жаш муундарга максаттуу түрдө берүү процесси болуп саналат. Окутуу окуучуларда билимдерди, билгичтиктерди-ийкемдерди(умение) жана көндүмдөрдү калыптандырууну уюштуруунун ыкмасы.

Л. И. Фридмандын пикири боюнча И. Гербарт биринчи жолу "*Тарбия берүүчү окутуу*" деген түшүнүктү кийирген, аны К.Д. Ушинский андан ары өнүктүргөн. Бирок мектепте азыркы күнгө чейин окутууга (билим берүүгө) көбүрөөк басым жасалат, ал эми тарбия берүү экинчи катардагы иштей каралат. Азыркы баш аламан заманда тарбия берүүгө анчалык көңүл бурулбай калууда.

Окутуунун тарбиялык таасиринен улам окуучу мектепте инсан катары калыптанат. Окуучунун инсан катары калыптануусу анын терең билим алууга түрткү берет, б.а., окутуу тарбия берет, тарбия берүү окутуунун натыйжалуу болушуна алып келет.

Окуучу мугалимдин жетектөөсү аркылуу окутуу жана тарбия процесстеринде билимдерге, билгичтиктерге (ийкемдерге) жана көндүмдөргө ээ болот; окуучунун инсандык касиеттери, кулк мүнөзү, жөндөмдүүлүктөрү, эси, ойлоосу ж.б. психикалык процесстери, психикалык касиеттери өнүгөт жана мына ошол өзгөрүүлөр анын ишмердүүлүктөрүнөн көрүнөт.

Окутуу жана тарбия ишинин натыйжасы мугалимдин баланы окутуу жана тарбия ишмердүүлүгүнө канчалык деңгээлде тарта

алгандыгына, аны окуу ишин аткарууга аралаштыра алгандыгына жараша болот. Кыргыз элинде акыл-насаат айтууга өтө чоң маани берилет. А эгер мугалим курулай акыл-насаат айтуу менен окуучуга билим, адеп эрежелерин берем деп ойлосо, терең жаңылышкан болот. Билим алуу үчүн, адеп эрежелерине ээ болуу үчүн окуучу өзү окуу жана тарбиялануу ишмердүүлүктөрүн аткаруусу зарыл.

Окутуу жана тарбия берүү бири-бири менен өтө тыгыз байланыштагы процесстер деп айттык. Бирок алардын ортосунда чоң айырмачылыктар да бар.

1. Окутуу окуп жаткан адамдын аң сезиминин активдүүлүгүнө таянып, ага билимдерди, билгичтиктерди (ийкемдерди) жана көндүмдөрдү үйрөтүү.

Тарбия берүү дегенибиз жаш муундарда коомдо баалуу деп эсептелинген муктаждыктарды - керектиктерди калыптандыруу болуп саналат.

Тарбия окутууга салыштырганда өтө чексиз, кеңири процесс. Окутуу белгилүү куракта (6-7жашта) башталып 10 –11 жылдан кийин же жогорку окуу жайын аяктап белгилүү кесипке ээ болгондон кийин бүтсө, тарбия бала бойго бүткөндөн тартып, айрыкча бала төрөлгөндөн баштап өмүр өткөнчө адам баласы тарбия таасиринде болот жана тарбияланып жүрүп өмүр өткөрөт.

2.Окутуунун натыйжасы оңой жана тез текшерилсе (кийинки сабакта, экзаменде ж.б.), тарбия берүүнүн натыйжасы узак мезгилден кийин турмушта текшерилет.

3.Окутуу методдору тарбия методдорунан айырмаланат.

4.Окутуу мектепте, мугалимдер тарабынан жүргүзүлсө, тарбия мектепте гана эмес өтө көп факторлордун жана таасир этүүчү адамдардын катышуусу менен жүрүп олтурат. Алсак, коомдун социалдык-саясий абалы, экономикалык, географиялык, психикалык, улуттук, жашаган социалдык чөйрөсү (көчө, кошуналар, достор, туугандар ж.б), массалык-маалымат каражаттары (гезит, кино, телевидение), элдин каада-салты, үрп-адаттары, үй-бүлөнүн жашоо шарты, психикалык маанайы, мамиле адаттары ж.б. таасирлер адамга тарбия берет.

Тарбиянын мазмунун коомдун талабы аныктайт. Коом өзгөрүп жаткан шартта тарбия берүүнүн да өзгөрүшү мыйзамченемдүү көрүнүш.

Тарбия берүү илимий теориялык концепцияларга жана элдик тарбия салтына жараша ар башка формага жана мазмунга ээ болот. Тарбияны илимий негиздеги жана элдик тарбия салты деп бөлүштүрүүгө болот.

Илимий тарбия илимий концепциянын негизинде иштелип

чыкса, элдик тарбия салты элдин жашоо философиясына, жашоо образына, диний ишенимдерине жараша аныкталат. Элдик тарбия – адептүүлүк, акыл-тарбиясы, эстетикалык тарбия басымдуулук кылган, көп кылымдарда эл жараткан тарбия салты болуп саналат.

Байыркы мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин тарбия берүүгө карата карама-каршы эки көз караш жашап келет:

1. Балдарды коркутуп жана кынк дедирбей баш ийдирип тарбиялоо;

2. Балдарды жакшы сөз, жакшы мамиле менен тарбиялоо.

Азыркы кезде да ар тараптуу өскөн инсанды тарбиялоо негизги максат жана педагогика илиминдеги идеал болуп саналат. Акыл тарбиясы, дене бойду тарбиялоо, эмгекке тарбиялоо, адептик тарбия, эстетикалык тарбия, экономикалык тарбия, экологиялык тарбия, укуктук тарбия берүү-педагогиканын милдеттери болуп саналат.

Окуучунун инсан катары өнүгүшүнүн деңгээли анын билим алуусуна, психикалык жана инсандык жактан өнүгүү темпине өзүнүн оң же терс таасирин тийгизет.

**Окутуунун максаты** окуучуларды билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кабылдоого, түшүнүүгө, эсте сактап калууга жана зарыл учурда аларды өз турмушунда, өз ишмердүүлүктөрүндө колдоно билүүгө үйрөтүү аркылуу турмушта өзү дуушар болгон проблемаларды чечүүгө көнүктүрүү.

Окутуунун максаты пландуу түрдө, белгилүү багытта адамдын психикасын өнүктүрүү болуп саналат. Ар кандай окутуунун максаты субьекти (окуучуну) максатка ылайыктуу кылып өзгөртүүгө багытталат.

Окутуу көп сандаган жана көп пландуу мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ. Алар төмөнкүлөр:

1.Дидактикалык (окутуунун максаты, мазмуну, түрлөрү, методдору, каражаттары, ыктары, формалары ж.б.).

2.Гносеологиялык (окутуу процесси мугалимдин жеткечилиги астында окуучунун, жаратылышты, коомду жана өзүн-өзү таанып-билүүсү).

3.Психологиялык(окуу процессиндеги окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгү).

4.Кибернетикалык (маалыматты өздөштүрүүнү башкаруу).

5.Социологиялык (бүт социалдык байланыштар, мугалим менен окуучунун өз ара эриш-аркак аракеттенишүүсү).

6.Уюштуруучулук (окутуу жана окуу ишин уюштуруу).

Окутуу – бул окуучу менен мугалимдин жан-дүйнөлөрүнүн бири-бирине өз ара таасир этүүлөрү жана карым-катышы.

Окуу процесси дайыма *окуу маселелерин* чечүү максатын көздөйт.

Окуу процесси мугалим сабакты өтүүдө конкреттүү окуу предметинин илимий билимдерин окуучуга жеткирүү зарылдыгына жараша пайда болот.

Окутуу 2 жактуу процесс. 1. Мугалимдин ишмердүүлүгү (окутуу, үйрөтүү). 2. Окуучунун ишмердүүлүгү (окуу, үйрөнүү).

Алгач окутуу процессиндеги мугалимдин ишмердүүлүгүнө токтоло кетели.

Салтка айланган окутууда мугалим сабак материалын жөн эле баяндап (айтып, түшүндүрүп) берген учурлар турмушта көп кездешет. Мында окуучулар сабак материалын эстеп калганы менен аны терең билип, түшүнүп калбайт жана аны өз турмушунда колдоно албайт. Мына ошондуктан окутуунун жаңы методдору жаралып, андай жаңы методдор алдыңкы мугалимдер тарабынан мектеп практикасында колдонулууда. Мисалы, андай жаңы методдордун бири азыркы кездеги интерактивдик метод болуп саналат.

Окутуунун башкы милдети-окуучулардын билимдерге ээ болуусу, аларда билгичтикти жана көндүмдөрдү калыптандыруу. Окутуу - окуучулардын ынтаа коюп, ыклас менен окуусуна жана ар тараптан жетилүүсүнө мугалимдин жетекчилиги болуп саналат.

Окутуу - бул өтө назик жана татаал процесс болгондуктан, аны жетектеп башкаруу мугалимден өтө кылдат педагогикалык чеберчиликти талап кылат.

Мугалим окуучунун акыл дүйнөсүн активдүүлүккө алып келип аны билгичтик менен жетектөөсү зарыл. Ошондо гана сабак материалдары окуучунун акыл-эсин, ойлоосун өстүрөт, алган билимин өмүр бою өз турмушунда колдоно алуусуна өбөлгө түзөт.

Окутуу процессинде мугалим окуучунун обьективдүү дүйнөнү таанып-билүүсүнө, адамзат тарыхында топтолгон тажрыйбаларды өздөштүрүүсүнө жетекчилик кылат. Буга мугалим азыркы дидактиканын жетишкендиктерин терең өздөштүргөндө гана жетише алат. Мугалимдин ишмердүүлүгү натыйжалуу болушу үчүн, мугалим өз ишинде эң алдынкы окутуу технологияларын колдоно билүүсү зарыл. Ошондо гана мугалим окуучунун акыл-эсинин жана жалпы эле психикасынын жетилүүсүнө, өнүгүүсүнө жетекчилик кыла алат.

Окутуу процесси аркылуу мугалим окуучунун таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн, акыл күчүн (паам-парасатын, аң-сезимин, аңдап кабыл алуу жана түшүнө билүү жөндөмүн ж.б.), таанып-билүү процесстерин (көңүл буруусун, эсин, ойлоосун, кебин, кыялдануусун) өстүрөт.

Окуу процессинде мугалим окуучуну өз алдынча билим алууга үйрөтөт жана акыл эмгегин аткаруунун ыктарына, усулдарына, амалдарына, маданиятына үйрөтөт.

Окуу процессинин натыйжалуулугу *окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн мүнөзүнө* жараша болот. Мугалим кандай гана күчтүү педагог болуп, өз предметин өтө жакшы билсе да, окуучуларда өз алдынча чыгармачылык менен иштөөгө кызыгуу жарата албаса, чыгармачылык менен иштөөгө кызыктыра албаса, акыл эстүүлүк менен мазмундуу баарлаша алууга үйрөтө албаса, анда ал мугалим адис катары эч нерсеге жетише албайт. Андай мугалим ар бир сабакта өзүнүн билиминин тереңдигин, эске тутуусунун күчтүүлүгүн, сабакты жакшы түшүндүрө ала тургандыгын гана көрсөтөт. Анын окуучулары сабак материалдарын эстеп калганын экзаменде айтып берип жакшы бааларды алганы менен окуучуларда өзүнүн көз карашы, жеке ички позициясы калыптанбайт, жан дилинде чыгармачылыктын оту жанбайт.

В.Ф.Шаталов окуучунун терең билим алуусунда төмөнкү факторлордун таасири чоң деп эсептейт:

1.Тукум куучулуктун жакшы болушу.
2.Жакшы чөйрөдө өсүп чоңоюу.
3.Үй-бүлөдө жакшы тарбия алуу.
4.Таанып-билүүнүн туура уюштурулушу.
5.Окууга мамиле жасоосу.
6.Окуу процессине кызыгуунун болушу.
7.Мугалимдин инсандык өзгөчөлүктөрү.

## ОКУТУУ ПРОЦЕССИНИН ТҮЗҮМҮ

Көпчүлүк адабияттарда окутуу процессинин түзүмү 3 этапта (баскычта) каралат.

1.Мотивациялык киришүү этабы- бул баскычта окуучулар ушул бөлүмдү, теманы эмне үчүн жана эмне максатта окуп үйрөнүү зарыл, эмнени үйрөнүү, өздөштүрүү кериктигин, мындагы эң негизги окуу милдети кайсылар экендигин аңдап билүүсү зарыл.

Окуу аракеттери:

- окууга байланыштуу проблемалык кырдаалды жаратуу.
- негизги окуу милдеттерин калыптандыруу.
- алдыда окуп үйрөнүлүүчү бөлүмдү (теманы) окуп-үйрөнүүгө даяр болгондугун өзүн-өзү баалоо жана өзүн-өзү контролдоо.
- алдыдагы аткарылуучу иштердин планын иштеп чыгуу жана талкуулоо.

. .Таанып –билүү- амалдык баскыч- окуучулар теманын мазмунун таанып билет, өздөштүрөт, ошол темага байланыштуу окуу аракеттеринин амалдарын аткарууну үйрөнүшөт.

3.Өзүн аңдап билүүчү жана баалоочу баскыч –окуучулар өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн аңдап билүүнү аны баалоону, талдоону үйрөнүшөт.

Окуу ишмердүүлүктөрүн аткарууда алдыга коюлган негизги жана негизги эмес максаттарды салыштыруу аркылуу баалоону үйрөнүшөт.

## ОКУУ МОТИВДЕРИ-ОКУТУУНУН КЫЙМЫЛДАТКЫЧ КҮЧТӨРҮ

Окуу мотивдери (окуу мотивациялары) - окуучуларды таанып-билүүгө, ишмердүүлүктөргө түрткү берүүчү процесстер, методдор, каражаттар, муктаждыктар жана кызыгуулар, умтулуулар, жана эмоциялар, устанавкалар жана идеялар өз ара карым-катышта туруп мотивдин ролун аткарышат.

Мотив татаал, комплекстүү түзүлүштө болот.

Мотивдер негизинен *социалдык* жана *таанып-билүүчүлүк* болуп экиге бөлүнөт. Алардын төмөнкүдөй деңгээлдери бар.

1. *Кеңири социалдык мотивдер*-инсандын окуу аркылуу коомдо өз ордун табууга умтулуусу (милдет, жоопкерчилик, окуунун социалдык маанилүүлүгүн түшүнүү ж.б.).

2. *Тар социалдык мотивдер*-(келечекте жакшы кызматтарда иштөө, өз чөйрөсүндө кадыр-баркка ээ болуу, өз эмгегинин озурун көрүү ж.б.)

3. *Социалдык кызматташтык мотивдери* – окуучунун адамдар, классташтары менен болгон мамиледен улам коомдо, өз чөйрөсүндө өз ордун аныктоого умтулуусу ж.б.

4. *Кеңири таныл-билүү мотивдери*-эрудициясын өстүрүү, окуу процессинен жана анын натыйжасынан канааттануу алуу ж.б.

5. *Окуу-таанып билүү мотивдери*-өзүнүн билимдерин өстүрүүгө, сабакты терең өздөштүрүүгө умтулуу ж.б.

6. *Өзүнүн билимин өстүрүү мотивдери*-өз алдынча кошумча адабияттарды окуп билим алууга, өз билимин тереңдетүүгө умтулуу ж.б.

Мотивдер *ички* жана *тышкы*, *аңдап билинген* жана *аңдан билинбеген* болуп да бөлүнөт. Мына ошондуктан окуу процессине мотивдер ар түрдүүчө таасир этет.

Окуу процессинде окуучулардын окууга болгон оң мотивдерин калыптандыруу мугалимдин эң башкы милдеттеринен болуп саналат.

Окуучулардын окууга болгон оң мамилесин, кызыгуусун, зор ынтаасын калыптандырууда окуу процессинде *бекемдөө* (подкрепление) иш-аракети өтө күчтүү фактор болуп саналат. Ошондуктан окутуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн **бекемдөө-бышыктоо** колдонулат, б.а., окуучу кайсыл бир ишмердүүлүк жасагандан кийин, аны кайталап жасоо аркылуу аны үйрөнсүн үчүн окуучуга берилүүчү *стимулдар*: окуучуну мугалимдин **мактоосу,** окуучунун өзүнүн ийгиликке жеткенине **кубануусу** ж.б. бекемдөөнү ишке ашырчу өтө зарыл таасирлер болуп саналат. Анткени адамдын эмоциясы анын бүт ишмердүүлүгүнө таасир этет, эмоциянын дүйнөнү таанып-билүүдө негизги фактор экендигин жана окутуу процессинде окуучунун эмоциалдык абалынын күчтүү таасир этээрин эске алуу окутуунун тарбиялык таасирин күчтүүлөнтөт. Ошондуктан мугалимдин баланын кубанычына же кайгысына жеткилең көңүл буруп мамиле жасоосу баланын акылынын өнүгүүсүнө, адебинин түптөлүүсүнө оң таасирин тийгизет.

Окутуунун ийгиликтүү жана натыйжалуу болушу мугалимдин окуучунун окуу ишмердүүлүгүн баалоодо *мактоо* жана *жазалоо* ыкмаларын туура пайдалана билүүсүнө да жараша болот. Мугалим окуучуну мактаганда окуучунун жөндөмдүүлүгүн же эстеп калуусун мактабастан, окуучунун жасап жаткан аракеттерин, үйрөнүүгө болгон умтулууларын жана үйрөнүүнүн натыйжасында эмнелерге жетишкендиктерин (эмнелерди өз алдынча жасай алууну үйрөнгөндүгүн) мактоого тийиш.

Жазалоо окуучуну мектептен, окуудан (билим жана тарбия алуудан) качууга түртпөстөн, окууга болгон оң мотивди жаратууга, окууда ийгиликти жаратууга, ийгиликке жетишүүгө умтулууга түрткү бериши керек. Окуу ишмердүүлүгүн туура эмес аткаргандыгы үчүн жазалоо ыкмасын колдонуу окуучунун окууга жасаган мамилесине терс таасирин тийгизет. Класста чыр-чатак көп болсо үйрөнүү жокко эсе болот. Жагымдуу психологиялык маанай үстөм болгон класс коллективинде гана окуучуларда үйрөнүү жакшы ишке ашат.

Окуу ишмердүүлүгүндө ийгиликтин болушу окуучуга оор, татаал окуу маселелерин тандап алып иш аткаруусуна түрткү берет.

Жаш муундарга билим жана тарбия берүүдө педагогдун эң башкы милдети болуп окуучуларды өз алдынча илимий маалыматтарды таба билүүнүн жана өздөштүрүүнүн ыкмаларына үйрөтүү жана көндүрүү саналат.

Мына ушул милдет аткарылганда гана окуучу өз турмуш

жолунда такай түрдө өз билимин байытып, күн санап өзгөрүп жаткан маалыматтарды өздөштүрүп, аны өз турмушунда пайдалана билүүгө үйрөнөт. Бул милдетти чечүү, албетте көп нерселерди (окуучуда окууга болгон оң мотивдердин болушу, окуучунун өз кесибин сүйгөн педагогдун колунда окуп калуусу ж.б.) талап кылат. Ошондой таасирлердин бири мугалимдин ар бир окуучунун жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып туруп гана окутууну индивидуалдаштырып, жекечелештирип жүргүзүүсү эсептелинет.

Окуу ишмердүүлүгүнүн, окутуунун натыйжалуу болушунун өзгөчөлүктөрүн тереңирээк түшүнүү үчүн *окумалдуулук* маселесине токтоло кетүүбүз зарыл.

## ОКУМАЛДУУЛУК (ОБУЧАЕМОСТЬ)

Окутуу процессинин жүрүшүндө окуучунун билимдерди, билгичтиктерди(ийкемдерди) жана көндүмдөрдү тез, сапаттуу өздөштүрүүдөгү жекече көрсөткүчү окумалдуулук деп аталат.

Окумалдуулук – жалпы жана атайын болуп экиге бөлүнөт.

*Жалпы окумалдуулук* – окуучунун ар түрдүү окуу материалдарын өздөштүрүүгө жөндөмдүү болушунан көрүнсө, *атайын окумалдуулукка* ээ болгон окуучу айрым сабактардын материалдарын (математика, сүрөт ж.б. гана) өтө оңой, жеңил өздөштүрөт.

Окумалдуулуктун кандай деңгээлде болушунун негизинде таанып-билүү процесстеринин (кабыл алуу, эс, ойлоо, элестетүү, көңүл буруу ж.б.), инсандын жүйө жана эрктик, эмоциялык өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүш деңгээли жатат.

Окутуунун өнүгүшү адамга өз алдынча таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн жаратат.

Окуучулардын окууга шыктуулугуна жана окууга болгон мамилесине карап аларды төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүшөт:

1.Интеллекти, окууга шыктуулугу жогорку деңгээлде өнүккөн жана окууга оң мамиле жасаган окуучулар.

2.Окууга шыктуулугу жогору болгон, бирок окууга терс мамиле жасаган окуучулар.

3.Окууга шыктуулугу төмөн болгон, бирок окууга оң мамиле жасаган окуучулар.

4.Окууга шыктуулугу да төмөн, окууга болгон мамилеси да тескери болгон окуучулар.

Мугалим үчүн эң оор иш болуп 4 - топтогу окуучулар менен иштөө саналат. Себеби, окуучунун интеллектин өстүрүү үчүн ага оор тапшырмаларды берүү талап кылынат, бирок окуучу окууга терс

мамиле жасай турган болсо, анда ага жеңил (оңой) тапшырмаларды берүү керек болот. Мындай учурларда жеңил окуу материалдары окуучунун акыл-эсин жана психикасынын өнүктүрүүгө багытталбастан, негизинен окуучуда окуу ишмердүүлүгүнө карата оң мотивдерди калыптандырууга багытталат. Анткени мугалим абалдан чыгуу үчүн алгач окуучуда окууга болгон оң мотивди (жүйөнү) мамилени жаратууга аракет жасашы керек болот, андан кийин гана окуучуга кандай окуу материалдарын берүү жөнүндө сөз болушу мүмкүн.

Эгер окуучу өзү үйрөнүп жаткан окуу материалдарынын негизги мазмунун түшүнсө гана үйрөнүлүп жаткан окуу материалдары анын өнүгүүсүнө таасир этет. Окуучу окуу материалдарынын маани-маңызын түшүнбөй эле жаттоо, кайталоо, көнүгүү жолу менен сабактын мазмунун билип алса, анда ал билимдер окуучунун өнүгүүсүнө эч таасир эте албайт, бирок окуучу жакшы бааларга окуп, жакшы окуган окуучу катары эсептелинет.

Окутуу идеясынын өнүгүшү менен бирге эле окутуунун принциптери да аныкталып олтурган. Биз ар бир принципти тарыхый жактан карабастан (ким, качан, эмне себептен ал принципти кийиргенине токтолуп олтурбай), окутуу принциптеринин мазмунун кыскача ачып берүүгө гана басым жасайбыз.

## ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ

Окутуунун мурдатан (Я.А.Коменскийден тартып) иштелген дидактикалык принциптери: *аң сезимдүүлүк, системалуулук, көргөзмөлүүлүк, окуучу өздөштүргөн билиминин бекем болуу* принциптери ар бир замандын тарыхый шартына ылайык жаңыча мазмунга ээ болуп колдонулуп келе жатат.

Окутуу принциптери жаш муундарга кандай мазмундагы билимдерди берүүнүн максатына ылайык аныкталат.

Ошондуктан окутуу принциптери ар башка өлкөлөрдө ар түрдүүчө, себеби ар бир өлкөдө окутуунун, таалим-тарбиянын максаттары да ар түрдүүчө. Алсак, советтик түзүлүш мезгилинде СССРде ар тараптан өскөн инсанды калыптандыруу, коммунисттик көз караштагы, аң сезимдеги жаш муундарды тарбиялоо негизги максат болгондуктан окутуунун жаңыча принциптери иштелип чыккан эле. Алар: *илимийлүүлүк, теориянын практика менен айкалышта болушу, идеялуулук, партиялуулук, детерминизм, коллективде окутуу жана тарбиялоо, коллективдүү окутуу шартында ар бир окуучуга жекече мамиле жасоо* принциптери.

СССРдеги ар тараптан жеткилең(өскөн) инсанды тарбиялоо деген идея өзүнүн утопиялуу-ишке ашпас идея экендигин турмуш далилдеди. (Бирок ар тараптуу өскөн инсанды тарбиялоо педагогика илиминде идея боюнча калышы керек деп эсептеген көз караштагы окумуштуулар бар.)

Окутуунун принциптеринин негизинде окутуунун эрежелери келип чыгат. Окутуунун эрежелери окутуу процессинде аткарылуучу амалияттык талаптар болуп эсептелинет. Мисалы «окутуу жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго, белгилүүдөн белгисизге, жакындан алыска баруу жолу менен жүргүзүлөт» деген эрежеде окутуу принциптери чагылып турат. Окутуунун принциптери бири-бири менен тыгыз карым-катышта, байланышта каралышы шарт.

Окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн илимий негизде туура пайдалануу төмөнкүдөй окутуунун принциптери аркылуу ишке ашат.

1. *Окутуу процессинде окуучуга тарбия берүүнү ишке ашыруу принциби* эң эски принциптерди бири. Я.А.Коменскийден башталган бул принцип окутуу жана тарбия берүү процесстеринин бири-бири менен тыгыз байланышта, карым-катышта экендигин көрсөтөт жана бул карым-катыш ар башка мезгилде окумуштуулар (Я.А.Коменский, Ж.Ж.Руссо, И.Ф.Гербарт) тарабынан ар башкача чечмеленип келген. Алсак, К.Д. Ушинский окутуунун тарбиялык мүнөзү окутуунун мазмунунун илимийлүүгүнө жараша аныкталат деген.

Окутуу процессинде окуучулардын таанып-билүү процесстери өркүндөп, илимий көз караштары калыптанып, өзүнө, окууга, ата-энелерине болгон мамилеси жакшы жагына өзгөрүүгө учураса гана окутуунун жүрүшүндө окуучуларга тарбия берилди деп айта алабыз.

*2. Окутуунун илимийлүүлүк принциби.*

Адамзат тарыхында байыртан эле эмпирикалык-турмуштук билимдер ого эле көп топтолгон жана муундан муунга берилип олтурган. Аны ар бир адам өз турмушунда колдонгон. Эмпирикалык билимдерден айырмаланган илимий (илимде аныкталган) билимдер бар. Окутуу илимий билимдерге негизденип жүргүзүлөт.

Мугалим окуучуларды окутуп жаткан учурда илимий жактан негизделген илимий түшүнүктөрдү, билимдерди гана бериши бул принциптин өзөгүн түзөт.

3. *Окутуунун жеткиликтүүлүк принциби.*

Бул принципке ылайык окутуу процессинин жүрүшүндө бир сабактан кийинки сабактарда окуу материалы уламдан-улам татаалдашып бара жаткан окуу маселелери окуучуларга сунушталат, бирок сабак материалдары окуучулар үчүн өздөштүрүүгө мүмкүн болгондой оорлукта болушу шарт. Эгерде өтө оор окуу материалдары окуучуга берилсе бул процесс бузулат.

Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибинин сакталбашы окуу процессине (окуучунун билим жана тарбия алуусуна) өзүнүн терс таасирин тийгизет.

Мугалим окуучуларды дайыма татаалдашып бара жаткан окуу маселелерин чечүүгө такай даярдап баруусу жеткиликтүүлүк принцибин сактоо аркылуу ишке ашат. Ошондой эле бул принцип окуу материалдарынын жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго, тааныштан бейтаанышка, жакындан алыска баруу жолу менен берилишин жана окутулушун талап кылат. Билим берүүдө окутуунун ушул эрежелеринин сакталышы окуучулардын терең билим жана жеткиликтүү тарбия алышындагы эң зарыл маселелерден болуп саналат.

4.*Окутуунун системалуулугу-* окуучулар илимдин негизин терең үйрөнүү үчүн билимдерди системалуу түрдө өздөштүрүүсү зарыл. Эгер окуучу үзүк-үзүк билимдерге ээ болсо, ал андай билимдерди зарыл учурда өз турмуш практикасында пайдалана албайт жана өзү пайдаланбаган үзүк-үзүк өздөштүрүлгөн билимдерди тез эле унутат. Илимий билимдердин системасын өздөштүргөн адам гана кудреттүү болуп, алган билимдерин өз турмушунда пайдалана алууга жөндөмдүү болушат.

Системалуулук принцибинин сакталышынын негизинде азыркы кездеги мектептин окуу пландары, окуу программалары жана окуу китептери түзүлгөн. Окутуунун системалуулук принцибин сактоо окуучулардын билимдерге, билгичтиктерге (ийкемдерге), көндүмдөргө ырааттуу түрдө ээ болуусуна алып келет.

5. *Окутуунун турмуш менен байланышта болуу принциби-* үйрөнүлүп жаткан билимдерди окуучулардын өз турмуш тажрыйбасы, айлана-чөйрөсү менен байланыштыра билүүсү (алган билимдерин өз турмушунда колдонуусу) бул принциптин мазмунун түзөт.

6. *Окутууда мугалимдин жетекчилиги менен окуучулардын аң сезимдүүлүгүнүн, активдүүлүгүнүн айкалыш принциби.*

Бул принцип боюнча, окуу процессинин жүрүшүндө окуучулардын аң сезимдүү түрдө жана активдүүлүк менен окуу материалдарын үйрөнүүсү мугалимдин жетекчилигинде жүрө тургандыгына негизделет.

7.*Окутуунун көргөзмөлүүлүк принциби.*

Бул принцип окутуунун жүрүшүндөгү конкреттүүлүк менен абстрактуулуктун катнашынан келип чыгат. Окуучуларга абстрактуу түшүнүктөр (түшүнүүгө жана эстеп калууга ыңгайлуу) жеткиликтүү болсун үчүн, аны конкреттүү түрдө, формада окуучуларга көрсөтүп окуу материалын түшүндүрүү үчүн көрсөтмөлүүлүк принциби колдонулат. Окутууда көрсөтмөлүүлүктүн

мааниси чоң. Көрсөтмөлүүлүктө кайсыл бир нерсенин образынын негизги касиети көрсөтүлөт. Көрсөтмөлүүлүктүн натыйжасы адамда пайда болгон психикалык образдын жөнөкөйлүгүн жана түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат.

Окуу материалынын көрсөтмөлүү болушу окуучунун ички акыл аракеттеринин жүрүшүндөгү тышкы таяныч болуп эсептелинет.

Окуу материалын көрсөтмөлүүлүк менен түшүндүрүүдө психологиялык эки учурду көңүлгө алып коюу зарыл.

1) Окуу материалын өздөштүрүүдө көрсөтүлүп жаткан нерсенин ролу канчалык маанилүү экендигин эске алуу.

2) Көрсөтүлүп жаткан нерсе менен өздөштүрүлүшү керек болгон билимдердин мазмунунун катышы канчалык экендигин мугалимдин тактап алуусу зарыл.

8.*Билимдин бекем болуу принциби* алынган билим эсте сакталып, зарыл учурда адамдын алдында пайда болгон маселени чечүүдө колдонулушу шарт экендигин баса белгилеп турат. Билим берүү аркылуу окуучунун акыл-эсин өстүрүп өркүндөтүү максатында ушул принцип колдонулат. Окуучунун аң сезимдүүлүк, активдүүлүк менен окуу аракеттерин аткарып, алдында пайда болгон кыйынчылыктарды (кайра-кайра окуу материалдарын кайталап үйрөнүп ж.б.) жеңүү аркылуу билимин бекемдейт. Жаттоо жолу менен эмес, ойлонулуп өздөштүрүлгөн билимдер гана адамдын эсинде бекем сакталып, зарыл учурда турмушта пайдаланылат. Билим алуу аркылуу окуучунун ойлоосунун өнүгүүсүнө жана анын руханий жетилүүсүнө алып келет.

9.*Класс коллективинде окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу* принциби - окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрү дегенде окуучулардын бири-биринен дене, физиологиялык, психологиялык жактан жекече айырмачылыктарга ээ болушу көңүлгө тутулат. Окуучулар жекече өзгөчөлүктөрүнөн гана айрым окуучулар кыйналбай жакшы бааларга окушса, айрымдар такай эмгектенип жакшы бааларга окушса, кээ бирлер сабак материалдарын таптакыр түшүнүшпөйт.

Окуу материалын жеңил же оор деп баалоо мугалимдин жана окуучунун жекече субьективдүү баалоосуна жараша болот. Себеби ар бир окуучу билим деңгээли, окуу аракеттеринин калыптанышы боюнча да жекече өзгөчөлүктөргө ээ. Мына ошондуктан бир эле класста окуган окуучуларга сабакта берилип жаткан темага тиешелүү маалыматтар айрым окуучуларга жеңил болсо, айрымдарына оор болот. М: класстагы өтө жөндөмдүү окуучуларга тема (сабак материалы) өтө эле жеңил жана оңой болсо, ал эми начар окуган (окуу аракеттери, окуу мотивдери калыптанбаган ж.б.)

окуучуларга ал сабак (тема) оор болот. Мугалим өзүнүн педагогикалык чеберчилигине, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн билгендигине жараша окуу материалын жеңил же оор деп аныктайт.

Окуучу үчүн кызыктуу, мурда тааныш болгон өзү үчүн мааниге ээ окуу материалы жеңилдей кабыл алынса, кызыгуу жаратпаган, тааныш эмес, турмушта кереги жоктой туюлган окуу материалын өтө оор, татаал катары кабылдайт.

Акыркы жылдарда окутууну жекелештирип жүргүзүү методу, формасы чет элдик валенторлор тарабынан кеңири жайылтылууда.

Окутуунун жалпы принциптери бардык мугалимдер үчүн бирдей болгону менен ар бир мугалим аны өзүнүн жекече өзгөчөлүгүнө ылайыктап пайдаланат. Себеби мугалимдердин темпераменттери, мүнөздөрү, ойлоо стилдери, акыл эси, парасаты, кесиптик даярдыгы, өз кесибине жасаган мамилеси ар түрдүү.

## ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ

Окутуу доорго, заман жана коом талабына, (мамлекеттин заказына ж.б.) жараша болот.

Адамзаттын өнүгүш тарыхында топтолгон материалдык жана рухий тажрыйбаларды жаш муундарга үйрөтүүнү оңойлотуу, жеңилдетүү, натыйжалуу кылуу максаты окутуунун ар түрдүү методдорунун жаралышына алып келет.

Орто кылымда мектептеги билим жана тарбия берүү диндин догмаларын кыңк этпей аткаруучу адамдарды тарбиялоого багытталган. Мына ошондуктан окуучуларга түшүнүксүз диний китептер жаттатылган.

Капиталисттик коомдо иш билги, техниканы түшүнүп иштете билген, акыл эси өскөн адам тарбияланган. Мына ушундай талаптарга жараша окутуунун методдору жаралып, колдонулуп келинген. Мисалы, орто кылымда жаттоо методу, капиталисттик коомдо түшүндүрүү методу негизги методдордон болгон.

Окуучу менен мугалимдин окутуу процессиндеги ишмердүүлүктөрүнө карата окутуу методу аныкталат.

М: айтып берүү методу, китеп окуу методу ж.б.

Окутуу методу окутуунун максатына, билим берүүнүн мазмунуна жана окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө (шык, жөндөмдүүлүктөрү, темпераменти, мүнөзү, окууга болгон кызыгуулары) карап И.Я.Лернер, М.Н.Скаткин окутуунун методдорун төмөнкүдөй бөлүштүргөн:

1.Көрсөтмөлүү-түшүндүрүү методу

2.Репродуктивдүү метод

3.Проблемалуу метод

4.Эвристикалык метод

5.Изилдөө методу

Окутуу методдору ар түрдүүчө бөлүштүрүлөт, бирок алардын эч бирин толук, телегейи тегиз деп айтуу кыйын, себеби алардын баарысында бир жактуулук жана кемчилик жагы бар.

Окутуу методдору

1.Окуу материалын мугалимдин баяндап берүү методу

2.Аңгеме методу

3. Окуучулардын өз алдынча иштөө методу

4. Окуучулардын окуу китептери ж.б. булактар менен иштөө методу

5. Байкоо жана демонстрациялоо методдору

6. Көнүгүүлөрдү иштетүү методу

7. Лабороториялык иштер методу

8. Практикумдар

9. Программалаштырган окутуу методу

10.Проблемалуу окутуу методу

11.Эвристикалык метод

12. Изилдөө методу

13.Билимди өздөштүрүүнү көзөмөлдөө жана баалоо методдору

14.Билимди текшерүү жана баалоо ж.б.у.с.

Ар бир нерсенин өз модасы бар болгон сыяктуу эле окутуу процессинде колдонулган методдордун да өз модасы бар. Алардын айрымдарын санап өтчү болсок: Бир кездерде ***көргөзмөлүү окутуу*** мода болуп айрым директорлор, завучтар «көргөзмө куралың жок сабак өтүүгө болбойт» деп мугалимди сабака киргизбей койгон учурлар да болгон.

Андан кийин *проблемалуу окутуу* , кийинчерээк *алты жаштан окутуу, башталгыч класс окуучуларына баа койбой окутуу, Шаталовдун методу менен окутуу, окутууну оптималдаштыруу* методдору мода болгон. Булардын бири да окутууну түп тамырынан өзгөртүп жибере албагандыгын айта кетишибиз керек, азыркы күндө болсо *интерактивдик окутуу* мода болуп турган кез. Чын ниетинен билим берген мугалим эң эски метод менен эле окуучуларга өтө терең билим бере алат деген ойду айтууга болот. Мугалим окуучуну билим алууга кызыктырууга, бир нерсенин, кырдаалдын үстүнөн ой жүгүртүүгө, аны чечүүгө үйрөтсө жетиштүү болот. Окуп билим алууга кызыгып, билим алууга умтулган адам качан болсо да өзүн окутуп

алат.

Окутуунун жаңы технологиясы, инновациялык окутуу дегенде окутуу процессин уюштурууда колдонулуучу методдордун жана ыкмалардын жаңы системасы жөнүндө сөз жүрөт.

## ОКУТУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУНУН ФОРМАЛАРЫ

Окутуу процессин уюштуруунун ар түрдүү формалары бар.

Балдарды окутуп, билим жана тарбия берүү жаралгандан тартып бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый аралыкта окутуу ишин уюштуруунун формалары такай түрдө өзгөрүүлөргө учурап турган. Эң алгач (Байыркы Грецияда) окутуу негизинен жекече формада уюшулган.

XV – XVI кылымдарда Чыгыш Европа өлкөлөрүндө **сабак** деп аталган окутуунун бир курактагы балдарды туруктуу түрдө такай бир класска бириктирип, белгилүү расписаниенин негизинде окутуу жүргүзүлө баштаган.

XVIII кылымда Я.А.Коменский сабакты илимий жактан талдап мүнөздөмө берген.

И.Ф. Гербарт, А. Дистервег, К.Д. Ушинский сабакты өркүндөтүп, жакшыртуу багытындагы өз көз караштарын билдиришкен, сабакты уюштурууну андан ары өнүктүрүүгө өз салымдарын кошушкан.

Сабакта мугалим менен окуучулардын кандай иштерди аткарышы керектиги жөнүндөгү маселе көп талаш-тартышты туудурган.

Окутууну уюштуруунун ар кандай формалары колдонулуп жүрүп, көп жылдар аралыгында жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөрдөн жана изденүүлөрдөн улам акыр аягында ***сабак*** окутуунун негизги формасы катары эсептелген. Мунун эң башкы себеби сабакта мугалим да, окуучулар да өзүнө тиешелүү окуу ишинин бөлүктөрүн аткарышат.

Сабак өтүү 3 фазада жүрөт.

А-даярдык фазасы.

Б- мугалим окуучулар менен өз ара таасир этүүлөрдө болуп аларды активдүү түрдө окутуу фазасы.

В-сабакты баалоо фазасы.

## Сабактын типтери

(Г.И.Щукина, В.А.Онищук, Н.А.Сорокин, М.И.Махмутов ж.б.)

1. Жалпы билимдерди өздөштүрүү сабагы
2. Билгичтиктерди, машыгууларды калыптандыруу сабагы.
3. Билимдерди, билгичтиктерди текшерүү (көзөмөлдөө) жана коррекциялоо сабагы.
4. Кайталоо сабагы
5. Өтүлгөн темаларды жалпылоо жана системалоо сабагы.
6. Аралаш сабак.

Ар бир сабак бир нече этаптарда жүрөт. М: Аралаш сабактын жүрүшү төмөндөгүчө:

а) сабакты уюштуруу;
б) үйгө берилген тапшырманы текшерүү;
в) жаңы теманы түшүндүрүү;
г) жаңы теманы бышыктоо;
д) үйгө тапшырма берүү;
е) окуучулардын эмгегин баалоо.

## Сабактын түзүмү:

1. Жалпы билимдерди өздөштүрүүгө даярдануу.
2. Жаңы билимдерди, билгичтиктерди өздөштүрүү.
3. Аларды бекемдөө жана системалаштыруу.
4. Практикада колдонуу.

## Сабактын түрлөрү:

1.Лекция сабагы.
2.Семинардык сабак.
3.Консультация сабагы.
4.Автордук сабак.
5.Оюн сабактары (сабактын бул түрү өзүнчө бөлүнүп кетет М: аукцион сабагы, КВН сабагы ж.б.).

Окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүп, өрчүтүү деңгээлине карата сабак төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

1.Түшүндүрүү-көрсөтүү усулу (мугалим сабак материалын баяндап түшүндүрүп берет, баяндап жаткан сабак мазмунун көрсөтмө куралдардын жардамында көрсөтөт). Бул усулдун кемчилиги окуучулардын таанып-билүүсүн анча өнүктүрбөйт (лекция,аңгеме, түшүндүрүү, демонстрация).

2.Репродуктивдик сабак (мугалим эмне кылуу керектигинин үлгүсүн көрсөтөт. Окуучулар ошол үлгүгө карап аракеттерди

жасашат). Бул усулдун кемчилиги таанып-билүү активдүүлүгүн бир аз гана өнүктүрөт., б.а., өз алдынча иштөө көндүмдөрү жана өз алдынча пландаштыруу билгичтигин өрчүтпөйт (программалаштырып окутууу, практикалык, лабороториялык иш).

3.Проблемалык окутуу - проблемалуу жагдай түзүүнүн бирден бир натыйжалуу формасы болуп проблемалуу суроолорду кое билүү саналат. Проблемалуу суроо менен проблемалуу эмес суроонун айырмасы: ой жүгүртүүнү талап кылбаган суроо, проблемалык эмес суроо болуп эсептелинет, ал эми проблемалуу суроо дайыма окуучулардын ой жүгүртүүгө (аргасыз кылат) түрткү берет, акыл-эсин козгойт, ойготот (окуучулар сөз болуп жаткан нерсенин айланасында ой жүгүртүп - анализдейт, синтездейт, салыштырат, жалпылайт, системалаштырат ж.б.)

Проблемалуу суроо окуучуларда билимдин жетишсиздигине канааттанбоону, жоопту издөө аракетин жаратат. Жоопту издөөдө максатка умтулуу, кызыгуу пайда болуп ал эмоция менен коштолот.

Жалпысынан проблемалуу суроо окуучуларды ойлонууга, түшүнүүгө, далилдөөгө, жыйынтык чыгарууга түртөт. Мындай акыл аракеттер окуучуларды өнүгүүгө алып келет.

**Проблемалуу окутуунун усулдары:**

1.Проблемалык (баяндоо)айтып берүү.

2.Эвристикалык изденүү.

3.Изилдөө.

Окуу процессин уюштуруунун *жекече* жана *фронталдык* түрлөрү бар.

Жекече окутууда- мугалим ар бир окуучу менен конкреттүү иштерди алып барат.

Жалпы (фронталдык) окутууда- мугалим бир эле учурда бардык окуучулар менен иш алып барат. (Булардан сырткары окутуунун тайпалык түрүндө мугалим класс окуучуларын 6-7ден тайпага бөлүп алып тайпаларга тапшырма берип, тайпалар менен иш жүргүзөт.)

Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун *фронталдык ыкмасы* эки түрдүү болот: бир тараптуу жана эки тараптуу.

Бир тараптуу окуу процессинде: мугалим сүйлөйт, түшүндүрөт, керектүү окуу материалдарын окуучуларга көрсөтөт, ал эми окуучулар жай гана угуп, байкап мугалимдин айткандарын кабыл алат, эстеп калат, ойлонот кийин (эртеси сабакта же экзамен учурунда ж.б.)кайра билгенин кайталап айтып берет, ошого жараша баа алат.

Эки тараптуу фронталдык окуу процессинде мугалим эле активдүү болбой, окуучулар классы (аудитория) да активдүү болот.

Берилген окуу материалын окуучу ойлонуп, түшүнүп, мурда өздөштүргөн маалыматтар менен байланыштырып, ой жүгүртүүдөн өткөрүп эстеп калат, аларды кийин экзамен тапшырганда жана өз турмушунда пайдаланат.

*Жекече окуу ишмердүүлүгүндө* мугалим бир же бир нече окуучулар менен гана окуу процессин жүргүзөт. Окуу ишмердүүлүгү *билдирүү* же *баарлашуу* тибинде уюштурулушу мүмкүн.

Билдирүүдө – окуучуларга билим, көндүм түшүндүрүлүп айтылат. Баарлашууда – мугалим менен окуучунун ортосунда маалымат алмашуу, пикир алышуу, бири-бирине таасир этүү жүрөт. Анын формалары: **сурап билүү, семинар** жана **талкуу**.

*Сурап билүүдө* мугалим тарабынан суроо коюлат жана ага окуучудан жооп алынат, окуучулардын билим деңгээли текшерилет, бирок бул ыкмада окуучулардын активдүүлүгү анча өспөйт.

*Семинарда* болсо маселе ар тарабынан талкууланып, окуучулардын акыл-эсин, интеллектин өстүрүүгө жетишилет. Семинар сабакта окуучулар өз ой-пикирин айтууга үйрөнүшөт.

*Талкуу (талаш-тартыш)* - каралып жаткан маселенин, пикирлердин, ой жүгүртүүлөрдүн, баа берүүлөрдүн чын, же төгүн экенин аныктоо үчүн окуучулардын ортосунда талаш-тартыштын жүрүшү болуп саналат.

Окуу процессин уюштуруунун фронталдык жана жекече түрүнөн башка да *тайпалык түрү* бар. Окутуунун тайпалык түрүндө талкуу өтө кеңири түрдө колдонулат. Бул мугалим менен окуучулардын кызматташуусу аркылуу ишке ашат. Класс окуучулары ар бири 4-5тен турган атайын тайпаларга биригет. Ар бир тайпа берилген тапшырманы аткарат. Кийин тайпалар ортосунда талкуу жүргүзүлөт. Мындай тайпалык түрдө окутууда ар .бир окуучунун активдүү болуусуна, үйрөнүлүп жаткан маселенин тегерегинде ой жүгүртүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Окуу процессин уюштуруунун тайпалык түрүнүн дагы бир вариантында 6 адамдан турган тайпага бир бөлүм(раздел) берилет, анын ар бир бөлүгүн (темасын) окуучулардын ар кимиси бөлүштүрүп алып даярданат. Баары чогулганда ар кимиси өз билгенин, окуганын айтат. Окутуу процессинин мындай формада жүргүзүлүшү окуучуларга бири-бирин окутууга, үйрөтүүгө мүмкүндүк түзөт. Бул ыкма менен окутуу окуучуларды психологиялык жактан өнүктүрүүнүн эң башкы каражаты болуп саналат.

Окутууда *лекциянын* да мааниси чоң.

Жаңычыл педагогдор В.Ф.Шаталов ж.б. окутууну уюштурууну жана жүргүзүүнү жаңы ыкмада жүргүзүп жаңычыл болушкан. Алардын иш тажрыйбаларына кийинки беттерде атайын токтолобуз.

**Окуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү маселелери:**

Окуучулардын окууга терс мамиле жасашы, билим алууга умтулбашы окутууну, тарбия берүүнү туура эмес уюштуруудан жана жүргүзүүдөн пайда болот.

Окуучуну окубайсың, түшүнбөйсүң деп жемелей берүү окууга болгон ошол терс позицияны бекемдейт.

Эмне себептен окуучу начар окуйт, сабакка терс мамиле жасайт? деген суроолорго жооп табуу гана абалды жакшыртууга жардам берет.

Жакшы мугалим болуу үчүн мугалим окуучулардын окуу-тарбия иштерин уюштуруучусу жана жетекчиси боло алышы шарт. Андай мугалим окуучу начар окуса, анын себебин окуучудан эмес (окугусу келбейт, эске тутуусу начар, окуу иш аракетин аткарууга көнүкпөгөн ж.б.), өз ишмердүүлүгүнөн (көбүнчө бир эле метод менен сабак окутуу, окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске албай калуу, окуучулардын чарчагандыгын көңүлгө албай калуу ж.б) издейт.

Мугалимдин эң башкы милдеттеринин бири - окуучуларды аң-сезимдүү түрдө окуй алууга үйрөтүү, көнүктүрүү болуп саналат.

Окуу процессин уюштурууда окуучулардын типологиялык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

Окуучулардын типологиялык өзгөчөлүгү дегенде бир курактагы балдардагы дене, физиологиялык жана психологиялык жактан өнүгүүсүндөгү жалпы өзгөчөлүктөрдү түшүнөбүз. Мисалы, бир куракатагы балдар (өспүрүмдөр) башка куракатагы балдардан (кенже класс окуучуларынан) таануу процесстеринин жана инсандык сапаттарынын өнүгүшү боюнча айырмаланышат.

Акыркы жылдарда гендердик маселелердин көтөрүлүшүнөн улам окутуу процессинде гендердик өнүгүүдөгү өзгөчөлүктөрдү да эске алуу зарыл экендиги айкын болууда. Мисалы, өспүрүм куракта кыздарда окууга (мугалимдердин айткан сөздөрүнө) тоотпой мамиле жасоо эртерээк пайда болсо, уул балдарда кийинчерээк 9-10-класстарда окууга терс мамиле жаралат жана башка ушул сыяктуулар типологиялык (бул жерде гендердик да) өзгөчөлүктөргө кирет.

Окуу процессин уюштурууда окуучулар дайыма кыйынчылыкты, тоскоолдукту жеңип өтүү муктаждыгына кабыла тургандай окуу кырдаалы түзүлүшү керек. Окуучу күчү жете турган тоскоолдукарга дуушар болгондо гана алардын ойлоосу жана акыл күчү өсүп өнүгөт. Буга жетишүү үчүн азыр Кыргызстанда интерактивдик метод менен окутууга басым жасалууда. Бул метод

ар кандай чет өлкөлүк фонддордун колдоосу астында мектеп мугалимдерине атайын программа менен үйрөтүлүп жатат. Азыр Кыргызстанда «Сорос-Кыргызстан» фондунун колдоосунда 1995-жылдын сентябрынан тартып «Step by Step»«Кадам сайын кадам» деп аталган Эл аралык билим берүү программасы иштеп келе жатат. Бул программа алгач Кыргызстандын 7 балдар мекемелеринде башталган. 1996-жылдын августунан бери жогорку окуу жайлардын окутуучулары бул программа боюнча окутулуп, интерактивдик метод менен билим берүүгө даярдалып келүүдө. !997-жылдын сентябрынан тартып жалпы билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарында интерактивдик окутуу методун колдонуу ишке ашырыла баштаган. !998-жылдын майынан-1999 –жылдын ноябрына чейин бул программа эл аралык сындан өтүп, 2003-жылдын апрелинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министирлигинин лицензиясына ээ болгон.

«Кадам сайын кадам»программасынын окутуу философиясына жана окутуу принциптерине ылайык окутуу жана тарбия иштери таптакыр башкача уюштурулат жана жүргүзүлөт. Биз айрым принциптери менен гана тааныштыра кетебиз.

1. Окутуу жана тарбия берүү адамдын жекечелигин эске алуу менен жүргүзүлөт. Мугалимдерди, тарбиячыларды ар бир окуучунун кызыгууларын жана жекече өзгөчөлүктөрүн көрө билүүгө үйрөтөт. Окуучуларды чыгармачылыктын, изилдөөнүн жана таанып-билүүнүн дүйнөсүнө жетелөө башкы максат болуп саналат.

2. Активдүү борборлордо иштөө менен окутуу жана тарбия иштери жүргүзүлөт.

Активдүүлүк борборлору:

1.Жазуу борбору.
2.Окуу борбору.
3.Илим борбору.
4.Көркөм өнөр борбору.
5.Математика борбору.
6.Кубиктер (столдо ойнолуучу оюндар ж.б.)
7.Драмалаштыруу (сюжеттик-ролдук оюндар).

3. Балага мамиле жасоонун жаңыча принциптерине таянуу менен окутуу жана тарбия иштери жүргүзүлөт.

*Баланы урматтоонун белгилери.*

1. Дайыма баланын атынан атоо.
2. Жалпы тайпага (класска) кайрылбастан, ар бир окуучуга жекече кайрылуу.

3. Бала менен сүйлөшүп жатканда ага үстөм келүү позициясынан эмес, бала менен «тең ата» мамиле позициясынан туруп сүйлөшүүнү адатка айлантуу.

4. Бала эмне айтканын кунт коюуп угуу, анын ар бир сөзүн кулактын сыртынан кетирбей көңүл буруп угуу.

5. Балага убада берилсе, аны сөзсүз аткаруу.

6. Ар дайым баланын ишин туура баалоо.

7. Бала башка балдар, чоң кишилер менен өзү жасаган иштери, кызыгуулары, ой-пикирлери тууралында пикирлешүүгө көнүксүн.

8. Бала сунуштаган идеяларды пайдаланууга умтулуңуз жана сунуш айткандыгы үчүн балага ырахмат айтыңыз.

(Кыргыз мугалимдери окуучулардын кагып-жилкигенден улам көпчүлүк кыргыз балдар чектелип, бүшүркөп, чочуркап турат. Ал эми буддузим философиясына негизденген жапондордун тарбиясында баланын келечектеги өнүгүшүнө чек коюп рамкага салып койбоо максатында, баланы кагып-жилкпейт.)

Окуу процесси окуучунун алдына чон жоопкерчиликти жаратат. Окуучу кандай билим, тарбия алып жаткандыгы боюнча мугалимдин, ата-энелердин жана өзүнүн абийиринин алдында жооп бериши зарыл. Айрыкча окуучунун билим алуусун мугалим текшерип, көзөмөлдөп барат.

Окуучу коом, ата-эне алдында жакшы окуп, терең билим алууга жооптуу. Аны окуучу өз абийри менен көзөмөлдөөгө алышы керек. Ансыз окуу ишмердүүлүгүн толук аткара албайт. Анткени мектеп окуучусу бир нече социалдык ролдорду аткарат: мектеп окуучусу, класстын окуучусу, ата-энесинин уулу же кызы, кайсыл бир уюмдун мүчөсү, өз классындагы окуучуларга жолдош же дос ж.б. ролдорду аткарышат. Мына ушул ролдорду аткаруу окуууччу үчүн бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Себеби окуучулар ал ролдордун баарысын жогорку денгээлде аткара албайт.

Мына ошол социалдык ролдорду аткарууда окуучу башка адамдар менен коомдук жана инсандар аралык мамиледе болот. Бул мамилелер баарлашуу аркылуу ишке ашат.

Мугалим окуучуга окуу ишмердүүлүгүн аткарууда өтө жогору талаптарды коюу менен бирге эле окуучуга урматтоо менен (аны кемсинтпей, басынтпай) мамиле жасоосу абзел.

Окуу процессин уюштурууда окуу ишмердүүлүгүн аткаруу окуучу үчүн эмоционалдык жактан канааттануу алып келе турган болушу керек. «Сабакты окубадың» деп мугалимдин окуучулардын көңүлүн оорута берүүсү, окуучулардын окуу процессине терс мамиле жасоосуна алып келет. Окуу качан гана окуучу үчүн

жагымдуу ишке айланганда, окуучуга окуу иши жеңил жана натыйжалуу болот. Себеби окуучуда окууга болгон оң мотивдер жаралат. Ал эми окууга болгон оң мотивдердин калыптанышы окуучуларды билим алууга умтултат жана билим алуу үчүн издентет, көп тоскоолдуктарды жеңип чыгуу аркылуу терең билим алуусуна түрткү берет.

Окуучу мектепке келгенде сабакка даярдана албай калдым, эми мугалим урушат деп коркуп, бүжүрөп келбестен, сабакта астейдил иштей турган болуп, жаңы билимдерди үйрөнө турган болуп мектепке куунак көңүл менен келиши зарыл шарт болуп эсептелинет. Бала сабакка үйдө даярданбай келсе да класстагы сабак тапшырмаларын так аткаруу аркылуу жаңы билимдерди алып, көндүмдөргө ээ болушу керек.

Мугалим ар бир окуучунун класс коллективинде өзүн жакшы сезүүсүн камсыз кылуусу керек. Мектепте теңтуштары басмырлаган окуучу шык жөндөмү бар туруп класста кысылат, өзүн начар сезип сабакты жакшы окуй албайт. Мугалим окуучунун муктаждыгын, кызыгуусун, умтулуусун, ишенимин, ынанымын туура калыптанышын көзөмөлдөп баруугa тийиш. Буга жетишүү үчүн ар бир окуучунун типологиялык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бирге ар бир окуучуга инсан катары урматтоо менен мамиле жасоосу зарыл. Ошондо гана мугалим өз окуучуларынын чоң инсандардан болуп калыптанышына өз таасирин тийгизет. Мектепке «сабак билбейм, сабакты билбегеним үчүн агай-эжейлерден уруш угам» деген ой-санаалар менен окуп жүргөн окуучулар эл үчүн чоң иш жасай албайт. Коркуп жүрүп чоңойгон окуучу мажирөө жана жарамсыз инсан болуп жетилет. Ошондуктан мугалим ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүнө ишениши керек жана окуучулардын келечекте эң жакшы инсан болуп жетилишине чоң ишеним менен мамиле жасоосу керек. Себеби ар бир окуучуда жараткан берген шык-жөндөмдүн казынасы бар. Мугалим ошол шык-жөндөмдөрдү аракетке гана келтирүүсү зарыл. Ошондо гана окуучуларда өзүнүн акыл күчүнө болгон ишеним жаралып, окууга болгон мотивдери өзгөрүп, өтө оор сабак материалдарын (билимдерди жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү) оңой эле өз алдынча да өздөштүрө алууга жетишет.

Окуу процессинин натыйжалуу болушуна өтө көп шарттар, факторлор, окуу кырдаалдары, мугалимдин чеберчилиги, мектептин материалдык жактан жакшы камсыздалышы ж.б. өз таасирлерин тийгизет. Менин жеке пикиримде азырга чейин унутта калып көңүл бурулбай келе жаткан орчундуу таасир болуп кыргыздарды окутууда

улуттук өзгөчөлүктүн эске алынбай келе жаткандыгы болуп саналат. Айрыкча элибиз көп кылымдар аралыгында жараткан элдик педагогикадагы окутуу-билим берүү салты азыркы мектептерде таптакыр эске алынбай жана пайдаланылбай келүүдө. Ал эми элдик педагогиканы пайдалануу, дегенде тарбия берүү жаатына гана көбүрөөк басым жасалып, окутуу жана билим берүү салты көңүлдүн сыртында калат. Ал аз келгенсип азырга чейин кыргыздардын элдик педагогикасы боюнча орчундуу эмгек (А.Алимбековдун «Кыргыз этнопедагогикасы» 1-бөлүк деген китебинен башка) жарала элек. Элдик педагогика боюнча илимий эмгектерди жазууга мектепте иштеген практик мугалимдер да өз салымын кошсо жакшы болор эле. Бул багытта К.Эшалиев жасаган алгачкы кадам башка мугалимдер тарабынан улантылса жакшы болор эле.

## ОКУТУУНУ КОМПЬЮТЕРЛЕШТИРҮҮ

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башы дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөрдө коомдук эмгектин формациясынын жаңы тиби *постиндустриялык «маалыматтык»*коом түзүлүп жаткандыгы баса белгиленүүдө. Бул жаңы коомдун негизги белгиси эмгекти коомдук бөлүштүрүүдө материалдык өндүрүү эмес ***компьютердик маалымат технологияларын*** колдонуу аркылуу *маалыматтарды алуу, кайра иштетүү, берүү, сактоо* жана *колдонуу* негизги иш болуп саналат. Бул (информатизациялык) ишмердүүлүктөрдүн интеллектуалдык түрлөрүнүн адамдын бүт турмуш-тиричилигине таасир этүүсүнүн күчөшү менен байланыштуу болгон обьективдүү процесс.

Окумуштуулар үчүнчү миң жылдыкта компьютерде иштөөнү билбеген адам жазууну, окуунун билбеген адамдай эле сабатсыз, ишке жараксыз болуп каларын белгилешүүдө.

Адамзат цвилизациясынын өнүгүшүнүн эң негизги белгиси болуп *маалыматтарды алуу, топтоо, кайра иштетүү* жана *колдонуу* болуп саналат.

Маалымат технологияларынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу окуу процессинин натыйжалуу болушуна алып келет.

Азыркы кезде коомду маалыматташтыруу (информатизация) процесси жүрүп жатат. Анын эң маанилүү элементи болуп билим берүүнү маалыматташтыруу (информатизациялоо) болуп саналат.

Коомдогу социалдык-экономикалык өнүгүү, илимдин жана техниканын жетишкендиктери окутуунун жаңы формаларын, методдорун, каражаттарын табууну талап кылат.

Окутууну уюштуруу жана жүргүзүү техникалык прогресске ылайык өзгөрүүлөргө учурап турат. Себеби техникалык каражаттарды колдонуп окутуу процессин уюштуруудагы максат - окуучуларга терең билим берүү, аларга көндүмдөрдү, иш-аракеттерди оңойураак үйрөтүү максаты негизги маселе болуп эсептелинет.

Азыркы учурда окуу жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүктөрдө компьютерлерди пайдалануу бүгүнкү окуучулардын талабына жооп берет жана алардын окуу мотивдерин, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө, ошондой эле окутууну индивидуалдаштырууга мүмкүндүк берет. Билим берүүгө карата коом талабы да ушундай.

Электрондук эсептөө машиналарынын - ЭЭМдин пайда болушу менен алгачкы жолу окутууну автоматташтыруу деген маселе пайда болгон.

1981-жылы биринчи жолу, биз көрүп колдонуп жүргөн персоналдык компьютердин биринчи мууну IBM фирмасы тарабынан чыгарылган. Азыркы кезде ЭЭМдин IV мууну күндөлүк турмуштун бүт тармагында кеңири колдонулууда.

Окутууну компьютерлештирүүдөгү негизги максат окуучуларга ар бир предмет боюнча терең билим берүү, окуу материалын окуучууларга жеткирүүнүн сапатын жогорулатуу. Азыркы кезде малымат күн сайын аябай көбөйүп жаткан шартта окуучуларга чоң көлөмдөгү маалыматтарды өз турмушунда колдонууга үйрөтүү болуп саналат.

Жаш муундарга билим берүүдө азыркыдай илимий техникалык маалыматтардын агымы күчөгөндөн күчөп жаткан шартта компьютер ар бир адамга өз билимин байытып, аны турмуш практикасында колдоно билүүдө табылгыс каражат болуп кызмат кылат. Компьютер дүйнөнү таанып билүүдө адамдын мүмкүнчүлүгүн өтө кеңейтүүгө жөндөмдүү каражат, курал болуп эсептелинет.

Кибернитиканын өнүгүшүнөн улам *окутуунун информациялык технологиясы, электрондук* жана *компьютердик окутуу* жана башка жаңы түшүнүктөр пайда болду. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөй эле Кыргызстанда да билим берүү тармагын компьютерлештирүү жүргүзүлүүдө.

Компьютер аркылуу билим берүү атайын окуу программаларын, окуу усулдук адабияттарды жана окуу тапшырмаларынын блогун(топтондусун) түзүүнү талап кылат. Ошондой эле компьютер аркылуу тесттик суроолорду колдонуп окуучулардын жана студенттердин билимдерин текшерүү ишке ашырылат. Бул багытта ОшМУда 1998-жылдан бери студенттердин билимин компьютердик тестирлөө аркылуу текшерүү практикаланып келүүдө.

Окуу процессинде компьютерди колдонуу окутуу технологиясынын бардык звенолорун кайра өзгөртүп түзүүнү талап кылат. Биринчи кезекте мугалим менен окуучунун, окутуучу менен студенттин ишмердүүлүктөрү жана өз ара мамилелери өзгөрүүлөргө учурайт. М: Компьютер аркылуу тестти колдонуп экзамен, зачеттерду алуу студенттерди окутуучуларга болгон көз карандылыктан арылтат. Окуучулардын, студенттердин билимин баалоодогу мугалимдин субьективдүүлүгү азаят. Мугалим тестин жыйынтыгы боюнча жаман көргөн студентине да жакшы баа коюуга аргасыз болот.

Компьютерге жана анын ишмердүүлүгүнө карата да жаңы мамиле калыптанууга тийиш. Анткени окутууну компьютерлештирүү окутууну индивидуалдаштырууга ыңгайлуу келет. Бирок мугалим менен окуучунун баарлашуусу, окуучунун речи өнүкпөй калышы күтүлө тургандыгы айрым изилдөөчүлөр тарабынан айтылып жүрөт..

Билим берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу – билим берүү жөнүндөгү мыйзамдын бир аспектиси болуп саналат. Бул өз ичине – окутууну компьютерлештирүүнү, билим берүүнү жаңы технологияларын өнүктүрүүнү (колдонууну), жаңы окуу китептерин, анын ичинде электрондук окуу китептерин, окуулуктарды түзүүнү камтыйт.

Окуу каражаты катары компьютер төмөнкүдөй максаттарда колдонулат:

- окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- окууга кетчү убакытты үнөмдөө;
- окутуунун жыйынтыктарын, окуучулардын билим алуусун көзөмөлдөө;
- педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу жана аны колдонуу.

Билим берүүдө компьютер окутууну *интенсификациялоо* жана *жекелештирүү (индивиддалдаштыруу)* максатында колдонулат.

Окутууну **интенсификациялоо**:

Бир жагынан ар бир окуучу өзүнүн окуу материалын өздөштүрө алуу мүмкүнчүлүгүнө карата окуу материалдарын үйрөнүп кете берет. Башка окуучуларга карап олтурбайт жана программа боюнча тийиштүү болгон окуу маалыматтарын бүт бойдон толук өздөштүрүп барат.

Экинчи жагынан берилген тапшырманы окуучу туура же туура эмес аткаргандыгын компьютерден дароо билет, ошого жараша зарыл жардамдарды жана маселе аткарууну түшүндүргөн кошумча маалыматтарды компьютерден заматта ала алат.

Окутууну **(индивидуалдаштыруу) жекелештирүү**:

-окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнө жараша тез-тез окуу

тапшырмаларын бирин аткарып бүтөөрү менен экинчисин берүү аркылуу окутуу жекече жүргүзүлөт;

-окуу программасын өтө тез өздөштүрсүн үчүн үйрөнүүнү (өздөштүрүүнү) ар бир окуучуга окуу программасын жекече түзүү аркылуу окууну ыңгайлуу кылуу. Окуучу өзү үчүн түзүлгөн программа боюнча компьютер менен (өз ара аракеттенип) иштеп билим алат, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болот;

-окуу материалын терең өздөштүрүү максатында бир эле окуу материалына көп жолу жана ар кандай деңгээлде кайра-кайра кайрылууга мүмкүнчүлүк берет.

## МУГАЛИМДИН ПСИХОЛОГИЯСЫ

Мугалим болуу улуу иш. Мугалим-устат, окутуучу, тарбиячы, багыт берүүчү, түшүндүрүүчү, окуучулар ички сырын бөлүшкөн сырдана киши. Мугалимдик кесиптин ысык-суугуна каниет кылып өз кесиптик милдетин ак ниет менен аткаруу **эрдикке**(айрыкча азыркы шартта) тете иш. Ар бир адам бул жашоодо өз бактысын издейт, бактылуу болууга умтулат. Жаш муундар үчүн жакшы мугалимден окуп калуунун өзү чоң бакыт. Бул турмушта өз устатын табуунун өзү бакыт. Бекеринен А.Македонский «Атам менин денемди жаратса, устатым Платон менин акыл-эс жигеримди жаратты, мен үчүн экөө тең бирдей» деп айтпагандыр. Мына ушундай өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан гана мугалимди экинчи ата-эне деп айтышат.

Мугалимдик кесипти ар башка доорлордо ар кандай адамдар – өнөр ээлери аткарып келишкен. М: жрецтер, кулдар, мамлекеттик чиновниктер, орто кылымда монахтар, поптор, мугалимдер.

Мугалимдин коомдогу орду мамлекеттин саясий-экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүшүнө жана тутунган идеологиясына жараша аныкталат. Азыркы кезде Россияда, Казакстанда мектеп мугалимдери Кыргызстандагы мугалимдерге салыштырганда өтө көп айлык акы алышат. СССР мезгилинде эле мугалимдин коомдогу орду тынымсыз өзгөрүүгө учурап турган: 50 – 60-жылдарда кыргыз айылындагы эң кадыр-барктуу адамдар мугалимдер болуп эсептелген; Л.И.Брежневдин мезгилинде мугалимдер мектепте эң начар окуган кийин пахта звеновойлору, бригадирлери болуп калган окуучуларына көз каранды болуп, анын жетегинде жүрүүгө аргасыз болгон, окуучулар пахтаны аз терип, өз үйүндөгү ишин аткарып жүргөндүгү үчүн мугалим күнөөлүү болгон жана өзүнүн начар окуучуларынын жемесине, кордоосуна туш болушкан.

Мугалимдик кесип өтө оор кесиптердин катарына кирет. Анткени

мугалим жоопкерчилиги жогору болгон көп кызматтарды аткарат: окутуучу, класс жетекчи, тарбиячы, маданий агартуучу, агитатор, ата-энелер менен иштөө, шайлоо өткөрүүчү ж.б. Мындай көп кызматтарды ар бир эле мугалим жогорку деңгээлде аткарууга алы жетпейт, себеби мугалим да адам катары арыйт-чарчайт.

Педагогдук кесип жоопкерчиликтүү, коомдук маанидеги ар түрдүү милдеттери көп болгон оор кесип. Алсак, билим берүү 6-баскычта башкарылып жетектелип турат.

Андагы ар бир баскыч мугалимге белгилүү иш жоопкерчилигин жана милдеттерди жүктөйт.

1. Мамлекеттик дегээлде – министрлик.
2. Масттык деңгээлде – облОНО (департамент)
3. Райондук деңгээлде - райОНО
4. Айыл өкмөт
5. Мектеп (жетекчилиги) – директор, завуч.
6. Тайпалык (мектептеги педагогикалык коллективде) мамиле.

Мына ошондон улам мугалим түздөн-түз өз милдети болгон окуучуларды окутуу жана тарбиялоодон сырткары өзү баш ийген мекемелердин талабына ылайык келген жооптуу иштерди да аткарат:

Мисалы, шайлоо кезинде районо, айыл өкмөтү, мектеп директору буюрук иретинде өздөрү үчүн керектүү талапкердин шайланып калуусу үчүн мугалимдерди иштетет ( мугалимдер жан алы калбай чуркап жүрүп ошол кишиге добуш берүүгө элди үгүттөшөт)

*Мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгү төмөнкүдөй элементтерден турат:*

1.Изилдөөчүлүк - өзүнүн билимин, педагогикалык чеберчилигин өстүрүүнүн үстүнөн тынымсыз изденип, ойлонот.

2.Түзүүчүлүк(конструкциялоо) - өзүнүн иш пландарын, жүрүм-турумунун планын, сабактын планын, максатын, сабакты кантип түшүндүрүүнүн, сабак өтүүнү конструкциясын түзөт.

3.Уюштуруучулук - окуу жана тарбия иштерин уюштурат.

4.Карым-катнаш жасоо, мамилелешүү - мугалим окуучулар менен, ата-энелер менен, өз коллегалары менен мамилелеше билиши керек

В.И.Щербаковдун пикири боюнча мугалим төмөнкүдөй кызматтарды аткарат:

1.Маалымат берүү- мугалим окуучулар үчүн маалымат булагы болуп саналат.

2.Мобилдөө. активдештирүү- окуучуларды билим алууга активдештирет, түрткү берет.

3.Окуучуларды өстүрүү - окуучуларды инсан катары жекече өзгөчөлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн, жүрүм турумун ж.б. өстүрөт.

4.Багыт берүү- окуучуларга турмушта кайсыл жолду (кесипти ж.б.) тандоого, кандай жүрүүгө, эмнелерди жасоого багыт берет. Мисалы: окуучунун кайсыл кесипти тандоосуна багыт берет.

Мугалим өзүнө жүктөлгөн коомдук вазипаны жогорку деңгээлде аткаруу үчүн төмөнкүдөй кесиптик сапаттарга ээ болушу зарыл:

- дүйнөгө карата өз көз карашынын болушу;
- турмуштун ар кандай тармактары боюнча кеңири билимдерге, түшүнүктөргө ээ болуу;
- курак, педагогикалык жана социалдык психология, педагогика, курак физиологиясы жана мектеп гигиенасы боюнча терең билимдерге ээ болушу;
- өзү окута турган предмет боюнча өтө терең билимдерге ээ болушу жана ошол илимдин багыты боюнча жаңы илимий ачылыштар, жетишкендиктер менен такай кабардар болуп туруусу;
- окутуунун жана тарбиялоонун жаңы усулдарын билүүсү;
- өз кесибин сүйүүсү, окуучуларды өзү окуткан сабакка кызыктыра билүүсү;
- өз ишине чыгармачылык менен мамиле жасоо;
- балдардын жан-дүйнөсүн түшүнө билүү, педагогикалык оптимизмдин болушу;
- педагогикалык технологияны (логикалык ой жүгүртүүнү, терең маанилүү сүйлөөнү жана адамдар менен баарлаша алууну ж.б.) билүүсү жана педагогикалык тактка ээ болуусу;
- өзүнүн адистигине тиешелүү билимдерин такай байытып баруу жана педагогикалык чеберчилигин такай түрдө өстүрүүнүн аракетинде болуу.

Мугалимдин эң башкы сапаты - *балдарды сүйө билүүсү* - ансыз мугалим педагогикалык кесипте натыйжалуу (өндүрүмдүү) иштей албайт.

Мугалим негизинен 2 кызматты аткарат:

1. Жаш муундарга адамзат тарыхында топтолгон билимдерди берүү.

2. Окуучулардын социалдык тажрыйбаларды, билимдерди өздөштүрүүсүн жана аны турмушта колдонуусун жетектөө.

Мугалим-жаш муундарга билим берип, илим үйрөтүп, таалим-тарбия берүүчү адам болгондуктан, окутуу жана тарбия берүү ишинде мугалимге өтө жогорку талаптар коюлат.

Мугалим–өз предмети боюнча билими күчтүү, окутуу усулдарын өздөштүргөн, тарбиялык иштерди жүргүзүү чеберчилиги өскөн, жогорку баалуулуктагы идеяларга сугарылган, адептик сезимдери өскөн, турмушту түшүнгөн, социалдык адилеттүүлүккө умтулган, баланы жан дили менен сүйгөн, ыймандуу таза адам болуусу абзел. Мугалим окуучуларга факты, маалыматты жеткирүү, аны окуучулардын эстеп калуусуна жетишүү менен гана чектелбестен, окуучуну мугалим берип-түшүндүрүп жаткан маалыматтын айланасында ой жүгүртө билүүгө, аны түшүнүүгө жана өз турмуш практикасында ал маалыматтарды колдонууга үйрөтсө гана мугалим өз ишмердүүлүгүндө жакшы натыйжаларга жетише алат.

Окуу материалдарын мүмкүн болушунча окуучулардын жакшы өздөштүрүүсүнө кызыкдар болгон мугалим гана окуучуларды жакшы окутат. Эгерде мугалим ишимди жоготпоюн деген максатта гана окуучуларды окута турган болсо, анда окутуунун натыйжасы төмөн болот. Окутуунун жүрүшү окуучулар үчүн кызыксыз болот. Аз айлык акы алып иштеген мугалимдерден өтө көп нерсени (окуучуларга сапаттуу билим берүүнү) күтүүгө болбойт. Ошондуктан мугалимдердин социалдык шарттарын жакшыртуу ар дайым эң негизги маселе болушу зарыл.

Мугалимдин инсандык өзгөчөлүгүн түзгөн турмуштагы эң маанилүү мотивдер – күчтүү инсандарды тарбиялап өстүрүү, аларга жеткиликтүү билим берүү ж.б. мотивдеринин болушу чоң мааниге ээ.

Мугалимде элге кызмат кылуу, өз ишин жоопкерчилик менен аткаруу, абийир менен иштөө мотивдеринин болушу зарыл.

Мугалим үчүн окуучуларды окутуп аларга билим жана тарбия берүү анын жашоодогу эң негизги максатына жана жашоосунун маңызына айланса, анда мугалим окуучуларга терең билим бере алат. Ал эми мугалим үчүн окутуу, мугалимдик кесипте иштөө айлык алуу үчүн гана керек болсо, анда мугалим окуучуларга терең билим бере албайт, иштемиш болуп окуучуларды алдайт, элдин жана коомдун көзүн боейт, балдардын тагдырына балта чабат.

Ошондуктан окутууну натыйжалуу, окуучулар үчүн пайдалуу кылуу үчүн эң негизги милдет – мугалимде *бийик атуулдук аң*

*сезимди* жана педагогикалык кесипке болгон *оң мотивацияны калыптандыруу* эң башкы маселе болуп саналат.

Мугалимдин окутуу процессинин максатын, маани-маңызын, уюштурулушунун нагыз себептерин терең аңдап билүүсү, анын окутуу жана тарбия ишмердүүлүгүнүн натыйжалуу болушуна алып келет.

Окутуунун табиятын, маани-маңызын терең түшүнүү оор иш. Өзүбүз педагогикалык турмушта ЖОЖдо иштеп окутуунун, окуунун психологиясын (көп жылдар бою) студенттерге окутуп жүрүп, аны өзү түшүнбөй эле студенттерге окуткан ЖОЖдун окутуучуларын көрүп жүрөбүз.

Ал эми мектепте иштеген мугалимдердин көпчүлүгү окутуу процессинин маани-маңызын ийне жибине чейин түшүнөт деп айтуу кыйын. Себеби ЖОЖдо билимди текшерүүнүн өзү жакшы жолго коюлган эмес. Студенттер педагогикадан, педагогикалык психологиядан эптеп баа алып, мамлекеттик экзаменди эптеп тапшырып окууну бүтүп кетсе, анын кесиптик даярдыгы, эң негизги предметтер боюнча билими канчалык экендигин эч ким текшербейт. ЖОЖду бүтүргөн адам эптеп мектепке мугалим болуп жайланышып алса, эптеп иштеп жүрө берет. Анын кесиптик даярдыгы канчалык экендиги эч кимди кызыктырбайт. Эң башкысы диплому жана ишке жайланышуу мүмкүнчүлүгү бар болсо мугалим болуп өмүр бою мектепте иштөөгө жетишет. Айрым жаш мугалимдер мектептеги тажрыйбалуу мугалимдерди туурап сабак окута берет.

Ар бир мугалим өз окуучуларынын кандай билим алып жаткандыгын так билгиси келсе, мындай эксперимент жүргүзүүсү керек. Сабак башталганда жаңы теманы аябай жакшы түшүндүрүү зарыл. Окуучулардан үй тапшырмасын сурап бүткөндөн кийин алардан жазуу түрүндө бүгүнкү өтүлгөн жаңы тема боюнча эмнени түшүнгөндүгүн жана эмнени эстеп калганын жазып берүүсүн сурануу керек. Класстагы окуучулардын жармынан көбү жаңы теманы 50% өздөштүрсө өзүңүздү эң кыйын мугалим экенмин деп эсептей бериңиз. Көбүнчө окуучулардын 10-20%и гана жаңы теманы толук өздөштүрөт, дагы 10-15%ти теманы жарым-жартылай өздөштүрөт. Калганы жаңы тема боюнча туура жооп бере албайт (мындай факт көп жолу аныкталган).

Сөздүн так маанисинде мугалим окуучуларды даяр маалыматтарды берип окутпастан, алардын өз алдынча окуп билим алуусуна жардам берүүгө тийиш. Ошондуктан мугалимдин негизги милдети белгилүү тема боюнча балдарга *сүйлөп берүү, түшүндүрүү, бир нерселерди көрсөтүү, тапшырма* **берүү эмес** (сабактын мазмунун мугалимдин айтып түшүндүрүп бергендери

окуучулардын мээсине көчүрүлүп жабышып калбайт.), окуучуларды өзүнчө кызыгуу менен билим алууга көнүктүрүү. Окуучу сабакта өзүнүн психикалык активдүүлүгү менен мугалимдин айтып жаткандарынын тегерегинде акыл калчап, ой жүгүртүп гана аны түшүнүүгө, эстеп калууга аракет жасаганда мугалимдин сөзү окуучуга жугат жана мугалим тарабынан берилген билимдер, маалыматтар ж.б. окуучунун менчигине (билимине) айланат.

Окуучу бала болгондуктан бала ката кетирбей койбойт. Окуучу ката кетирүүгө акылуу экендигин ар бир мугалим эстен чыгарбоого тийиш. Себеби окуучу али жаш, билимди эми үйрөнүп жатат, анын турмуш тажрыйбасы жетишсиз болот, бирок мугалимдиң жашына барганда ал окуучулар тоону томкорчу чоң инсан (окумуштуу, врач, мугалим ж. б.) болушу күтүлөт. Ошондуктан мугалим окуучуларга бүгүнкү күндүн өлчөмү менен эмес, келечектен туруп мамиле жасашы туура болот.

Психологиялык-педагогикалык билимдердин биримдиги мугалимдин адис катары компотентциясынын уюткусу болуп саналат.

Мугалим окуучунун жаратылыш берген шык-жөндөмүнө, психикалык жекече өзгөчөлүктөрүнө карап окутууну башкы принцип катары тутунушу зарыл.

Мектепте айрым окуучулардын маселе чечүүгө ойлоосу көнүкпөгөндүктөн окуучунун алдына ойлонууну талап кылган маселе берилсе (пайда болсо), окуучу эмне кылаарын билбей аябай кыйналат. (Ал эми айылда өскөн балдар турмуштук ар кандай маселелерди чечүүгө бала кезден аралашып жүргөндүктөн (үйдөгү тиричиликтин иштерин, айыл ападагы каада-салттар менен байланыштуу иштерди аткарып жүрүп) алдында пайда болгон маселелерди эч кимдин жардамысыз, өз алдынча чече алууга көнүгүшөт. Мына ушул өзгөчөлүгүнөн улам шаарда өсүп көптү билген, көп окуган, ар кандай кружокторго катышкан балага караганда айылда турмуш проблемасын өз алдынча чечүүгө бала кезден көнүккөн жаштар турмушта өз күчү менен көп нерселерге жетише алат. Анткени айылдык жаштар турмуштук ар кандай проблемаларды өз алдынча чечүүгө бала кезден көнүгүшкөндүктөн, турмуштук кыйынчылыктардан, тоскоолдуктардан, проблемалардан коркпойт. Ошондуктан алар өз турмушунда пайда болгон проблемаларды чечүүдө тайсалдабайт жана аны чечүүгө шымаланып кирише алат. Эң башкысы бала кезден проблема чечүүгө көнүккөн адам демилгечил келет, турмушта пайда болчу кыйынчылыктардан коркпойт, аны жеңип өтүү үчүн алдыга кадам

таштайт (жаңы иштерди баштайт, демилге менен чыгат, жаңы идеялар менен жашайт ж.б.).

Ар дайым окумуштуу педагогдор жана алдыңкы практик мугалимдер окуу процессин уюштурууну жана окутууну жүргүзүүнү өзгөртүү, жакшыртуу аркылуу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн арттырып, алардын терең билим алуусун, билгичтике, көндүмдөргө ээ болуусуна, акыл иш аракетин өстүрүүгө, өз алдынча билим алууга көнүктүрүүгө, окуучулардын ойлоосун өстүрүп, аларды жетик инсан катары калыптандырууга ынтызарланып, ар кандай изилдөөлөрдү жүргүзүп окутууну жана тарбия берүүнү өркүндөтүүгө умтулушат. Мына ошондон улам дайыма окутуунун жаңы усулдары, ыктары, жол-жоболору иштелип чыгат. Себеби окутуу иши өтө татаал иш аракеттерден, татаал элементтерден тургандыктан анын натыйжалуу болушу көп түйшүктү талап кылат жана көп факторлорго көз каранды болот. Ошондон улам заман өзгөргөн сайын техникалык каражаттардын мүмкүнчүлүктөрүнө таянып, чыгармачыл педагогдор окутууну жакшыртуу, өркүндөтүү максатында заман талабына ылайык келген окутуунун жаңы усулдарын жаратышат. Төмөндө биз алардын айрымдарына токтоло кетебиз.

## ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Окутуунун жаны технологиясы, инновациялык окутуу - мында окутуу процессин уюштурууда колдонулуучу методдордун жана ыкмалардын жаңы системасы жөнүндө сөз жүрөт.

Азыркы кезде окутуу процессин уюштуруу деген окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу дегендик. Мугалимдердин педагогикалык тажрыйбаларын талдоого алуу максатында окуучулардын окуу ишмердүүлүгү шарттуу түрдө *окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү* жана *көзөмөлдөп-баалоо ишмердүүлүгү* болуп экиге бөлүнөт.

1.Окуу – таанып-билүү ишмердүүлүгү - окутуунун жалпы максаттарын аныктоо, айрым жекече максаттарды тактоо жана талкуулоо, окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясын калыптандыруу, жаңы маалыматты кабылдоо жана аны чечмелеп өздөштүрүү, иш билгиликке жана көндүмдөргө ээ болуу.

2.Көзөмөлдөө-баалоо ишмердүүлүгү - окуу процессинин жүрүшүндө окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, окуучулардын окуу ишин баалоо, айрым окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн корректировкалоо ж.б.

Бул эки процесс ажырагыс түрдө биримдикте жүрөт. Окуу процессинин маани-маңызын жеткиликтүү түшүндүрүү жана тажрыйбалуу педагогдордун ишмердүүлүгүн талдоого алуу максатында гана бөлүштүрүлгөн. Эми чыгармачыл мугалимдердин педагогикалык тажрыйбаларына токтоло кетели.

### В.Ф. Шаталовдун иш тажрыйбасы

В.Ф. Шаталовдун иш тажрыйбасы өз убагында коомдо өтө кызыгуу жаратып, өз учурунда анын окуу процессин жаңыча уюштуруу жана жүргүзүү ыкмасы жөнүндө жазбаган газета-журнал калган эмес. Ал жашап, иштеген Донецк шаарына жүздөгөн мугалимдер тажрыйба үйрөнүү үчүн келип турушкан. Анын лекцияларын мугалимдер гана эмес жогорку окуу жайларынын окутуучулары да кызыгуу менен угушкан. Эмне үчүн жалпы эле коомдо, айрыкча мугалимдер арасында В.Ф.Шаталовдун иш тажрыйбасына кызыгуу күчтүү болгон?-деген суроо пайда болбой койбойт.

Аны педагогикалык психология боюнча орустун көрүнүктүү адиси Л.М.Фридман мындайча түшүндүрөт:

1.XX кылымдын 70-жылдарында СССРде жалпыга милдеттүү түрдө орто билим берүүгө өтүү саясаты башталган. Бул саясат окутуу системасында эч өзгөртүү жасабай туруп эле билим берүү тармагында жаңы талаптарды жараткан. Жалпыга орто билим беребиз деген саясаттан улам мектепте окуй албагандарды да класстан класска көчүрө берүү адаты пайда болгон жана мектепте процентти көтөрүү (процентомания) күчөгөндөн күчөгөн.

Окутуунун мурда калыптанган салты боюнча окуу процессин уюштурууда жакшы окугандарды тандап, начар окуган окуучулардын окуу программаларын өздөштүрө албагандары класста калтырылган (ал үчүн күнүнө окуучулардан сабак суралган, окуучулардын жообуна жараша баа коюлган, окуучу экзаменде сыналган ж.б.). Жалпыга милдеттүү түрдө орто билим берүү саясаты мугалимдерден окуучулардын жетишүүсүн 100%ке жеткирүүнү талап кылган. Бул талапты аткаруу өтө оор болгон. Мугалимдер өтө оңой жолду табышкан, билбеген окуучуну да класстан класска көчүрүп жетишүүнүн процентин 100% деп бере берген. Билим берүүдөгү мындай көз боемочулука чыдабаган айрым мугалимдер мектепти таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Айрым уяты бар, чыгармачылык менен изденген мугалимдер окутуу системасын өзгөртүүнү жана аны мектептеги талапка ылайыктоонун жолдорун

издешкен. Мектептеги абал кыйындап, мектепте иштеген чыгармачыл, изденгич мугалимдер эмне кылууну билбей турган учурда 1971-жылдын 3-ноябрында «Комсомольская правда» гезитине Симон Соловейчиктин «Шаталовдун методу» деген макаласы жарык көргөн. Шаталовдун методунда окутуу системасы өзгөртүлгөндүгүнөн мектеп программасын бүт окуучулар жогорку бааларга өздөштүрө тургандыгы айтылган.

Окутууну уюштуруу жана окутуу методдору өзгөртүлбөй туруп эле бардык жаштарды орто билимдүү кылуу милдетин ошол кездеги тоталитардык коомдун бийлиги билим берүү тармагына жүктөгөн шартта Шаталовдун чыгышы жалпы эле коом жана айрыкча педагогдор үчүн «көктөн издегени жерден табылгандай» эле чоң окуя болгон. Мектептеги жана коомдогу мына ушундай кырдаалдан улам Шаталовдун жаңыча окутуу тажрыйбасына коомчулуктун кызыгуусу аябай күчтүү болгон.

2. В.Ф.Шаталовдун тажрыйбасына кызыгуунун күчтүү болушу анын окутуу методунда окутуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү жаатында кызыктуу, жаңы методдор, ыкмалар колдонулгандыгы менен байланыштуу.

3. В.Ф.Шаталов өтө таланттуу лектор болгон. Мугалимдерден биринчи болуп өз тажрыйбасын, методун жайылтуу максатында СССРдин бүт чоң шаарларын кыдырып жүрүп лекция окуган.

В.Ф.Шаталовдун тажрыйбасынын маани-маңызы менен өзгөчөлүктөрү:

Бүт окуу процессинин жана окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн өтө так жана бекем тартипте так уюшулушу Шаталовдун методунун ***биринчи*** өзгөчөлүгү болгон.

Ар бир темага номер коюлган, ар бир теманы окуп үйрөнүүнүн структурасы (түзүмү) бардык тема үчүн бирдей болгон.

Шаталов ал структураны төмөндөгүдөй түшүндүргөн:

1-мугалимдин кеңири түшүндүрүп берүүсү;

2-таяныч сигналдары аркылуу окуу материалын кыскача айтып берүү;

3-окуучуларга плакаттагы таяныч сигналдар жазылган баракчалар таркатылат, окуучулар аны үйрөнөт, дептерине жабыштырат;

4-окуу китеби менен, жана таяныч сигналдары жазылган баракча менен үйдө иштөө;

5-таяныч сигналдарды жазуу түрүндө чечмелеп кийинки сабакка даярданып келүү;

6-класста окуучулардын оозеки жоопторун угуу. Ошентип, теориялык материалды үйрөнүү 6 баскычта жүрөт.

Бардык класстарда, бардык сабактар үчүн, бардык темалар үчүн ар бир теманы окуп үйрөнүүдө так жана белгилүү структуранын болушу Шаталовдун методунун кемчилиги болгон. Себеби 4-класста да, 10-класста да математика, тарых, география боюнча окуу материалын үйрөтүүнүн структурасы бирдей болгондуктан өнүгүү принциби сакталбайт, окуу материалын берүүдө окуучулардын курак жашы эске алынышы керек эле, ал эске алынбай калган. Ошондой эле окуу предметтеринин өзгөчөлүктөрү да эске алынбай калган.

В.Ф.Шаталовдун методунун ***экинчи*** өзгөчөлүгү болуп окуу материалын үйрөтүүдө *ирилештирген (чоңойтулуп топтоштурулган) бирдиктерди* колдонулгандыгы саналат.

В.Ф.Шаталов аны окутуунун убактысын кыскартуу үчүн колдонгон. М: математика боюнча IV класста жыл бою окуй турган окуу материалын сентябрь – октябрь айларында окуп бүтүргөн, 8 – 9 – 10 класста окулчу математиканы, физиканы 2 жылда окуп бүтсө болот деген пикирде болгон жана аны практикалаган.

Шаталов окуучулардан окуу программасынын бүт мазмунун билүүнү талап кылбастан, өзү да түшүндүрүп олтурбастан, ошол окуу материалынын мазмунун конспекти боюнча негизги түшүнүктөрдү берүүнү, алардын ортосундагы байланыштарды билүүнү талап кылып, ал эми калган маалыматтарга маани берген эмес.

В.Ф. Шаталовдун тажрыйбасынын ***үчүнчү*** өзгөчөлүгү болуп *таяныч сигналдары бар баракчаларды колдонуу* саналат. Муну В.Ф.Шаталов өз методунун өзөгү деп эсептеген. Алгач үйрөнүлүп жаткан окуу материалынын жөнөкөй, түшүнүктүү болгон жана схемалардан турган конспектилерин колдонгон.

Конспект схеманы В.Ф.Шаталов өзү доскага чийип түшүндүргөн (схемада негизги түшүнүктөр жана алардын байланыштары берилген) окуучулар болсо, аны дептерине көчүрүшкөн жана теманын негизги мазмунун элементтери жөнүндө жалпы жана элестүү түшүнүк алышкан. В.Ф.Шаталов кийинчерээк муну өзгөртүп доскага конспекти жазбастан, конспекти плакатка алдын ала даярдап келчү болгон, окуучуларга даяр баракчалар таркатылган, сабак учурунда мурункудай доскага жазып олтурбастан убакыттан уткан. Шаталов таяныч сигналдары бар баракчаларды окуучулар теманын мазмунун жалпыланган түрдө эсинде сактап калсын үчүн колдонгон.

Теманын теориялык материалы кандай өздөштүрүлгөндүгүн текшерүү үчүн окуучулардан баракчаларга жазылган таяныч сигналдарын чечмелеп аны өз дептерине жазуу талап кылынган. Айрым окуучулардан оозеки айтып берүү талап кылынган.

В.Ф.Шаталовдун тажрыйбасындагы дагы бир өзгөчөлүк физика жана математика сабактарында маселе чыгарууну үйрөтүүдө окутууну жаңыча уюштурулушунан көрүнөт.

Биринчиден маселе чыгаруу теорияны үйрөнүүдөн ажыратылган, алгач теориялык бөлүмдү өздөштүрүп алып анан гана маселе чыгарууга өтүү керек деген көз карашты тутунган.

В.Ф.Шаталов типтүү маселелерди чыгарууну түшүндүрүп, кантип маселени аткарууну көрсөтүп берген. Мындай ыкма окуучулардын өз алдынча өтө көп маселелерди аткаруусуна мүмкүндүк жараткан.

В.Ф.Шаталовдун дагы бир өзгөчөлүгү ар бир сабакта үйгө тапшырма берген эмес. Теманы баштаган учурда эле «Мына бул номердеги маселелерди үйдө аткарсаңар жакшы болор эле»деп айткан.

Үй тапшырмасын аткарууну (кайсы маселени, канча көлөмдө маселе аткарууну) ар бир окуучу *өз алдынча* чечкен. Класста атайын таблица илинип турган. Ар бир окуучу кайсы маселелерди иштегенин ошол таблицадагы өз фамилиясынын тушуна белгилеген. Үйгө тапшырма берилген окуучуларга салыштырганда, окуучулар өтө көп маселелерди иштешкен. Сабакты уюштуруунун бул ыкмасы окуучулардын өз алдынчалыгын, өз ишин уюштуруусун өнүктүргөн, окуучулар маселе иштөөнү үйрөнүү өзү үчүн керек экендигин түшүнүүгө түрткөн.

В.Ф.Шаталовдун иш тажрыйбасынын дагы кызыктуу жана пайдалуу жактары көп болгон. Окуу жылынын башында мурунку жылдары төмөнкү класстарда окуган окуу материалдарын алдын ала кайталап алуу, жаңы темаларды өтүүдө мурунку темалардагы маселелерди системалуу түрдө иштеп баруу, өз кабинетин жабдуу ж.б.у.с.

В.Ф.Шаталовдун тажрыйбасындагы эң баалуу нерселер: окуучунун күчүнө жана жөндөмдүүлүгүнө болгон ишенимдин күчтүү болушу, окуучуларга көңүл буруп урматтоо менен мамиле жасоосу, балдарды сүйүүсү ж.б.

Ал окуучуларга жакшы гана бааларды койгондуктан, окуучулар сабакта өзүн жакшы сезген.

В.Ф.Шаталовдун педагогикалык жаңыча иш тажрыйбасы советтик мектептин өнүгүшүндө тарыхый ролду ойногон, окуу процессин уюштурууну жана жүргүзүүнү түп тамырынан өзгөртүүгө болорун көрсөткөн.

### Е.Н. Ильиндин иш тажрыйбасы

Ленинграддагы №307 орто мектебинин адабият мугалиминин иш тажрыйбасы окутууну башкача жөргүзгөндүгү, окутуу, тарбиялоо принцибине башкача мамиле жасагандыгы менен кызыктуу жана маанилүү болгон.

Ал окутуу аркылуу тарбиялоого басым жасаган. Албетте окуу материалын үйрөнүү, окуу аракеттеринин талабын аткаруу, окулган предметтердин мазмуну жана мугалимдердин, класс жетекчинин, завуч-директордун инсандык өзгөчөлүктөрү окутуу процессинде тарбиялык оң таасирин тийгизбей койбойт. Ал тарбия берүү аркылуу окутуу деген принципти негиздеген жана аны ишке ашыруунун каражаттарын, методдорун иштеп чыккан.

1. Е.Н. Ильин адабиятты окутууну аң- сезимдүү, пландуу жана максатка ылайык *окуучуларда адептик жүрүм- турумду, этикалык* жана *эстетикалык көз караштарды, ынанымды* калыптандырууга баш ийдирген. Бул анын методундагы негизги өзгөчөлүк. Е.Н.Ильин: «Мен үчүн филологиялык билимдерге караганда адептик маданият маанилүүрөөк» деп айткан.

2. Окутуу аркылуу тарбия берүү принцибин ишке ашыруучу негизги каражат болуп *суроолорду- маселелерди кое билүү* саналат. Адабият сабагында окутуулучу көркөм чыгармалардын ар биринде адептик маселелер коюлат. Е.Н. Ильин сабакка даярданган учурда ар бир чыгармадагы *маселе- суроолорду* аныктап табат, кийин алар сабактын өзөгүн түзөт:

а) суроо окуучу үчүн таасирлүү, маанилүү болушу керек.

б) суроо жалпы окуучуларга эмес, ошол класстын окуучуларына же болбосо жеке окуучуга багыталган (атайын ылайыкталган) болушу керек.

в) ал суроого жооп берүү жана маселени чечүү үчүн окуучу ошол чыгарманы, кошумча адабияттарды, автордун өмүр баянын окуп жүргөн болушу керек .

Е.Н.Ильиндин методунда программадагы чыгармаларды окуп үйрөнүү *проблемалуу метод* менен жүрөт. Проблемалуу метод болсо окуучулардын таанып–билүү ишмердүүлүгүн активтештирүүнүн эң күчтүү каражаты болуп эсептелинет.

3. Маселе суроолорду (суроо-маселелерди) талкуулоо жана чечүү адептик тарбиянын каражаты болсун үчүн ар бир окуучуну жана жалпы классты Е.Н Ильин такай, системалуу жана терең түрдө (сабакта, экскурсияда, көчөдө, театрда) педагогикалык байкоо жүргүзүп, *өз окуучуларын изилдеп үйрөнгөн*. Бул болсо ага ар бир окуучунун адептик жактан өнүгүшүнө жана өркүндөшүнө эмне

керектигин так аныктоого мүмкүндүк берген. Ал маселе, суроо коюу аркылуу ар бир окуучуда, жалпы коллективде *катарсис* кубулушунун пайда болушуна алып келген.

Катарсис - эмоцианалдык күчтүү толгонуудан улам адамдын ички дүйнөсүнүн тазаланышы, рухий жактан кайра төрөлүү (жаралуу).

4) Е.Н.Ильин тарабынан коюлган суроо-маселеге жооп табуу *коллективдүү изденүү* формасында жүрүп, класстагы окуучулардын арасында талкуу, талаш-тартыш жүрөт. Мындай ыкма менен окутуу класстагы бардык окуучуларды сабака активдүү катыштырат.

5) Е.Н.Ильин окуу процессин уюштурууда жана өткөрүүдө *окуучулардын ролдук катышуулары* принцибин колдонгон. Окуучулар бири-биринин дептерлерин, сочиненияларын текшеришет, кээде бири-бирине баа коюшат, кеңешчи, лаборанттын ролун аткарышат. Кенже класс окуучуларына чоң класстын окуучулары шефтик жардам көрсөтөт, алардын дептерин, сочиненнясын текшерет. Окуучулардын бул багыттагы иштери мугалимдин аларга карата ишенүү менен жасалган мамилесине таянуу менен аткарылат. Мындай иш ыкмасы болсо окуучуларда жоопкерчилик сезимин жана өзүнө талап кое билүүсүн калыптандырат.

Е.Н.Ильиндин тажрыйбасынын эң негизги идеясы – окутуу процессинде да максаттуу түрдө ар бир окуучуну адептик жана эмоционалдык жактан тарбиялоо процессин ишке ашыруу болуп саналат.

Е.Н.Ильиндин тажрыйбасы негизинен окуучунун жан-дилине, адептик сезимдерине түздөн-түз багыталган болсо, В.Ф. Шаталовдун тажрыйбасы негизинен эсте калтырууга жана акыл эске (парасатка ) багытталган.

## Кызматташтык педагогикасы

Азыркы кезде көбүрөөк колдонулуп жүргөн «гумандуу педагогика» деген сөз айкашына түшүндүрмө бере кетчү болсок, педагогика (жаш муундарга билим жана тарбия бергендиктен) өзү табиятынан эң гумандуу илим болуп саналат.

Гумандуу педагогиканы түзүүчүлөр катары М.Монтессори, Р.Штайнер, С.Френе эсептелинет.

Авторитардык совет мезгилинде педагогикага да авторитардык стиль мүнөздүү болгондуктан Ш.Амонашвили ж.б. негиздеген кызматташтык педагогиканын өзгөчөлүктөрүн авторитардык педагогикадан так айырмалап көрсөтүү максатында гумандуу педагогика деген түшүнүк колдонулган.

Советтик мектептеги (кыргыз мектептеринин каны-жанына сиңип калган) авторитардык-буюрукчул педагогикага каршы жана ага альтернатива катары чыгармачыл алдыңкы педагогдор тарабынан кызматташтык педагогикасы жаратылган.

Кызматташтык педагогикасы мугалим менен окуучунун тең ата мамилесине негизделип түзүлөт. Мугалим класста окуучулар менен чогуу эмгектенет, бири-бирине карата ак ниет мамиледе болушат, бир максатка умтулуу маанайында окутуу жана окуу иш аракеттерин аткарышат. Мындай психологиялык маанайда мугалим окуучуну тилдебейт, шылдыңдап кемсинтпейт, зордоп окутууга аракет жасабайт, окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүнө урматтап мамиле жасайт. Окуучунун сабакты түшүнбөй калышы, берилген тапшырманы аткара албай калышы мыйзамдуу түрдө болчу көрүнүш катары кабыл алынат, мугалимдин окуучуларды үйрөтүүгө тийиш экендигине жана милдеттүү экендигине басым жасалат. Кызматташтык педагогиканын эң негизги өзгөчөлүгү окуучудагы өзүнө (өзүнүн жөндөмүнө, окуп кетүү мүмкүнчүлүгүнө) болгон ишенимди өчүрбөй, жоготпой, балада окууга болгон кызыгууну жаратууга, жакшы окууга болгон ишенимди күчөтүүгө багытталат.

## Ш.Амонашвилинин гумандуу педагогикасы.

Гумандуу педагогиканын үч закону:

1. Баланы сүйүү, ал кандай болсо, аны ошондой сүйө билүү.
2. Баланы түшүнүү. Анын үмүт-тилегин, каалоосун билүү.
3. Оптимист болуу, ар бир окуучунун келечекте мыкты адам болоруна ишенүү.

Гумандуу педагогиканын үч принциби:

1. Баланын чөйрөсүн гумандаштыруу;
2. Аны инсан катары баалоо;
3. Баланын өсүүсү үчүн чыдамкайлыкты көрсөтүү.

Гумандуу педагогиканын үч насааты:

1. Баланын чексиздигине ишенүү;
2. Өзүңдүн педагогикалык чеберчилигиңе, жөндөмүңө ишенүү;
3. Балага жасалган гумандуу мамиленин күчүнө ишенүү.

Гумандуу педагогиканын үч таянычы:

1. Баланын өсүүгө умтулуусу.
2. Баланын чоңоюуга умтулуусу.
3. Баланын эркиндике умтулуусу.

Гумандуу педагогиканын үч сапаттык белгиси:

1. Бала менен пикирлешүүнүн жыйынтыгы.
2. Адамдык ачык жана чын дилден мамиле.
3. Берилгендик.

Ш.А. Аманашивилинин окутуу концепциясында журналга жана күндөлүккө эч кандай баа коюлбайт. Окуучу баа үчүн эмес, терең билим алуу үчүн аң сезимдүүлүк, активдүүлүк, зор ынтаа менен кызыгып окууга тийиш болгон.

## Карл Роджерстин окутуу идеялары

Жаш муундарга билим жана тарбия берүү процессин жакшыртуу, натыжайжалуу кылуу максатында өз көз караштарын сунуш кылган окумуштуу, америкалык атактуу психолог, психотерапевт Карл Роджерс (1902-1988) болуп саналат. К. Роджерс окууну когнитивдик жана тажрыйбалуу окуу деп экиге бөлгөн .

*Когнитивдик окуу* – бул биз билип, көрүп жүргөн эле окуу – мугалим окуучулар үчүн билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн булагы болуп эсептелинет жана аларды окуучуларга даяр түрүндө үйрөтөт.

*Тажрыйбалуу окуу* деген бул окуучунун өз ишмердүүлүгүнүн, тажрыйбасынын негизинде билимдерге, ык- машыгууларга ээ болуусу.

К.Роджерс сунуштаган окутуунун (ыкмалары)методдору:

1.Окуучуларга окуу ишмердүүлүгүн (теориялык жана эмпирикалык жалпылоо)тандоо укугу.

2.Окуу милдеттерин, маселелерин (окуу ишмердүүлүгүнүн көлөмүн жана мазмунун) окуучу менен мугалимдин биргеликте аныкташы.

3.Окуучу окуу материалдарын механикалык түрдө үйрөнбөстөн, окуу материалын өзүнчө изилдөө жүргүзүү аркылуу маалыматтарды терең өздөштүрүү, окууга болгон мамилени өзгөртүү.

4.Реалдуу турмуш кырдаалдарын класста имитациялап үйрөнүү (коомдук, мамлекеттик уюмдарды же экономикалык маселелерди үйрөнүүдө эффектиивдүү ар кандай оюндарды пайдалануу).

5.Тайпалык тренинг.

6.Окутууну женилдетүү үчүн 7-10 адамдан турган тайпа түзүп окуучуларга терен билим берүү.

7.Жакшы жана өтө ийкемдүү түзүлгөн программалаштырып окутууну (тесттерди, тестилөөнү) пайдалануу.

## *ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДИК СТРАТЕГИЯСЫ*

## СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ МЕТОДУ

Окутуунун үч баскычтуу бул модели Воган жана Эстес (1986), Огл (1986), Жиллет жана Темпл(1996) ж.б. тарабынан иштелип чыккан.

Окутуунун бул методу окуучулардын сынчыл ойломун өстүрүүгө багытталат. Сынчыл ойлом деген эмне?

Сынчыл ойлом - бул аң сезимдүү, аналитикалык ойлонуу.

Маалыматты элементардык деңгээлде түшүнүү окутуунун акыркы натыйжасы болбостон, баштапкы гана этабы болуп саналат. Сынчыл ойломго ээ болгон адам идея, маалымат менен таанышканда аны колдонуу кандай натыйжаларга алып келерин алдын ала көрө билүүнү үйрөнөт.

Сынчыл ойлом – маалыматты кабылдоодон баштап чечим кабыл алганга чейинки татаал ойлом процесси. Сынчыл ойломду ар кайсыл куракта үйрөнсө болот.

Сынчыл ойлом процесси системалуу түрдө жүргүзүлсө, окуучулар кабыл алынып жаткан маалыматтарды талдоону оңой үйрөнүшөт.

Бардык сабактарды сынчыл ойлом методу менен өтсө болот.

Сынчыл ойлом процесси бир канча стадияда жүрөт.

1. Чакыруу стадиясы - окуучулардын мурда ээ болгон билимдерин козгоп аракетке келтирүү.

2.Түшүнүү стадиясы - окуучулардын жаңы маалыматтын мазмунун түшүнүүсү, аңдап билүүсү.

3. Ой жүгүртүү стадиясы - жаңы үйрөнгөн билимдерди бекемдөө.

1. **Чакыруу стадиясы** (окуучулардын мурда ээ болгон билимдерин козгоп аракетке келтирүү).

Сынчыл ойлом «мээ чабуулу» методу менен башталат (окуучулар жуп-жуп болуп бөлүнүшөт. Алгач окуучулар тема жөнүндө өзү эмне билсе, аны (бүт билгендерин) өз дептерине жазат (билгендеринин туура же туура эмес экендиги мааниге ээ эмес, көп жазса болгону, көп ойлоосун иштетүүдө жатат). Андан кийин өнөктөшү менен теманы талкуулашат, бири-бири менен билген билимдерин бөлүшөт.

Өнөктөштөрдүн талкуусунан кийин класстагы окуучулар өз билимдерин бири-бири менен бөлүшөт (ар бир жуп класс алдында сүйлөп, калган окуучуларга өз билгендерин айтат). Мугалим айтылган ойлорду, идеяларды плакатка же доскага жазып (жабыштырып) турат. Окуучуларды кызыктыруу үчүн мугалим суроолорду берип туруугa тийиш.

Окуучуларды сөз болуп жаткан маселе боюнча талдоо жүргүзүүгө, талкууга алып келүү мугалимдин милдети болуп саналат.

Бул фазада:

1- этапта окуучулардын милдети тема боюнча эмне билгендерин аныктоо (жазуу) болду.

2-этапта тайпада талкуу (окуучунун тема боюнча эмне билгендерин сыртка алып чыгуу) жүрдү.

Бул фазада мугалим аз сүйлөп, окуучулар көп сүйлөөгө тийиш. Мугалим окуучулардын ойлоосун жетектеп, жетелеп олтурат.

Бул фазада:

1-максат.Окуучулар өз билимдерин талдоого алууга жана тема жөнүндө ойлонууга мажбур болушат.

2-максат. Окуучуларды активдештирүү жүрөт. Окуучулар билимдерди аң сезимдүү түрдө өздөштүрөт.

3-максат.темага болгон кызыгууну жана үйрөнүү максатын жаратуу. Максат эки типте болот.

А. Мугалим белгилеген максат.

Б. Окуучу өз алдынча жараткан максат.

Окуу ишмердүүлүгүндө бирөө таңуулаган максатка караганда, окуучу өзү тапкан максат күчтүү жана туруктуу таасир этет.

**2. Түшүнүү стадиясы** (окуучулардын жаңы маалыматтын мазмунун түшүнүүсү, аңдап билүүсү)

Бул фазада окуучулар жаңы маалымат же идеялар менен контакташат (текст окуу, кино көрүү, доклад угуу, тажрыйба жүргүзүү) жана окуучулар активдүү иштөөгө тийиш.

Текст окуу (текст менен таанышуу). Текст окуучулардын ар бирине таркатылып берилет же мугалим өзү текстти окуп берет. Экинчи фазада окуучулар өз алдынча жана активдүү түрдө иштеши керек болот. Окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу стратегиясынын бири ИНСЕРТ. ИНСЕРТ текст менен иштегенде активдүүлүктү сактап турат. Мына ошондуктан үйрөнүлүүчү текст менен кошо ИНСЕРТ берилип,.ар бир окуучу текст жөнүндөгү түшүнүгү канчалык экендигин аныктоо үчүн текстке 4 түрдүү белги (v-билем, - билгениме каршы, + жаңы билимди үйрөндүм, ?-билгим

келет.) коет. Ошондой эле окуучу эмне үйрөнгөндүгүн, эмнелерди билбей тургандыгы аныкталат. «Билбейм» деген белги коюлган тексттин бөлүгүнө окуучу кайра кайрыла алат.

Текст окулуп бүткөндөн кийин өнөктөш окуучулар жуп-жубу менен маалымат боюнча пикирлешет (эмнени билди, мурунку түшүнүгү туура –туура эмес экендиги боюнча ой бөлүшөт). Кайсыл билимдери далилденди? Кайсыл билимдери далилденбеди? Кандай жаңы маалыматтарды алышты? Тема боюнча кандай суроолор пайда болду? ж.б.у.с. суроолордун айланасында ой жүгүртүшөт.

Түшүнүү фазада негизги милдет биринчи фазада жаратылган окуучулардын активдүүлүгүн, кызыгуусун жана умтулуусун сактоо жана андан ары өнүктүрүү болуп саналат.

Окуучу мурда билген билимдери менен жаңы билимдеринин ортосуна көпүрө куруп байланыштыруусу зарыл.

**3. Ой жүгүртүү стадиясы** (жаңы үйрөнгөн билимдерди бекемдөө).

Талаш туудурган суроолорду талкуулоо жана кошумча (адабияттарды) билим булактарын издөө. Баарысы плакатка же доскага жазылган идеяларга кайрылышып, текстти талкуулашат. Алгач баары макул болгон маселелер каралат, андан кийин кайчы пикирлерге токтолушуп, талкууга алышат.

Бул фазада окуучулар жаңы билимдерди үйрөнүп, аны өзүнүн менчигине айлантышат.

1.Окуучулар жаңы үйрөнгөн идеяларды жана маалыматтарды өз сөзү менен айтып берүүгө үйрөнүшөт.

2.Окуучулар бири-бирине тема боюнча өз идеяларын айтышат. Бул окуучулардын сөз байлыгын өстүрөт жана өнөктөшүнүн пикири менен тааныштырат.

Бул стадияда мугалим:

- окуучулардын ойлоосун активдештирет.
- окуунун максатын ачып берет
- талкуунун активдүү жүрүшүнө аракеттер жасайт
- окуу мотивдерин өстүрөт.
- окуу ишмердүүлүгүнүн активдүү жүрүшүнө аракеттер жасайт.
- окуучуларды ар түрдүү пикирлерди уга билүүгө үйрөтөт жана көнүктүрөт.
- ар бир окуучунун өзүн көрсөтүшүнө жардам берет.
- окуучулардын маалыматтарды талдап өздөштүрүүсүнө жардам берет.
- сынчыл ойломдун жүрүшүнө жардам берет.

Жыйынтыктап айтканда:

1 - фазанын максаты: окуучулардын эсинде сакталган маалыматтарды эсине түшүрүүгө, аны талдоого түрткү берүү жана өтүлүүчү тема менен байланыштырууга алып келүү.

2 - фазанын максаты: окуучуларды активдештирүү. Окуучуларды максаттуу түрдө ойлонуп, өз ой-пикирин айтканда гана активдүү болот.

3 - фазанын максаты: теманы терең үйрөнүүгө максат жана кызыгуу жаратуу, үйрөнүлгөн билимдерди бекемдөө.

Сынчыл ойлонгон адам өзүнө:

- « Бул жөнүндө менин ой-пикирим кандай?»

- «Бул маалымат менен менин мурунку билген маалыматтарымдын, билимдеримдин байланыштары кандай?»

- «Жаңы маалыматтарды алгандан кийин мен эмнелерди жасай алам?»

- «Бул идеялардын таасиринен кийин менин көз караштарым кандай болуп өзгөрдү?» деген суроолорду берет.

Сынчыл ойлом окуучуларды көп маалыматтардын ичинен *өзүнө пайдалууларын иргеп алууга* үйрөтөт. Анын натыйжасында окуучулар өзүнүн көз караштарынын, билимдеринин системасын жакшы аңдап билип, жаңы маалыматтардын айланасында ой жүгүртүүгө жөндөмдүү болуп калышат.

Сынчыл ойломго ээ болгон окуучулар башка бирөөлөрдүн (моданын ж.б.) таасирине анча таасирлене бербей калат.

## КОРУТУНДУ

Ар бир адам өз турмушунда көптөгөн ролдорду аткарат. Анын эң негизгиси үчөө: *атуулдук* (өз элин, өлкөсүн берилип сүйгөн жана мамлекет үчүн жан үрөп иштеген атуул), *адистик-кесиптик* (өз ишинин чыныгы устаты, ишке жан-дили менен берилген, ишке жоопкерчилиги жогору, демилгелүү болгон адис), *үй-бүлөлүк* (өз үй-бүлөсүн сүйгөн, үй-бүлөнүн кадыр-баркын жогору туткан адамды өстүрүү) ролдор. Мектептин милдети жаш муундарга билим жана тарбия берүүдө ушул ролдорду аткара алуунун негизин, өзөгүн түзүү болуп саналат.

Мектептин жана мугалимдердин ишинин натыйжасы окуучулардын билими менен аныкталгандыктан, мектепте билим берүүнүн сапатын жогорулатуудагы эң негизги фактор болуп (компьютерлердин болушу, мектептин лицей же гимназия аталышы жана ошого жараша окутуунун өзгөрүүлөргө учурашы ж.б. эмес), өз ишине берилген жана адис катары жогорку деңгээлде даярдыгы бар мугалимдердин мектепте иштеши саналат. Анткени окутуу процессиндеги негизги фигура бул – мугалим болгондуктан өлкөнүн, улуттун келечеги болушкан жаш муундарга билим жана тарбия берүүнү мезгил талабына ылайык жүргүзүү мугалимдердин ишмердүүлүгүнө көз каранды.

Мектептеги окутууну, тарбияны, мугалимдердин өз кесиптик милдеттерине жана окуучуларга жасаган мамилесин **түп тамырынан өзгөртүү** аркылуу гана окутуунун толук натыйжалуу болушуна жетишүүгө болот.

«Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген макал элибиздин илим менен билимди абдан баалап келгендигинен кабар берет. Билим алууга болгон умтулуунун күчтүүлүгү элибиздин улуттук өзгөчө феномени. Жаш муундарыбыздын билимге болгон кызыгуусун оожалдыруу, аларды күчтүү патриоттук сезимдеги инсан катары жетилтүү биз педагогдордун негизги парзы. Бул парзды аткаруу эң биринчи кезекте окуучулардын билим алууга болгон мамилесин түп тамырынан өзгөртүүнү талап кылат. Бүгүнкү күндө мугалимдердин окутуу ишине, окуучуларга билим жана тарбия берүүгө мамилесин өзгөртүү аркылуу окуучулардын **окууга жана билим алууга мамилесин өзгөртүү** эң зарыл маселе. Ошондо гана элибиздин маданияты өсүп, элибиз жетик өскөн инсандарга ээ болот.

Педагогика жана психология илиминде окутуу процессине байланышкан талаш туудуруучу, али илимий жактан так аныкталбаган маселелер бир топ. Аларды илимий жактан чечмелөө

илимпоздордун келечектеги иштери. Мына ошондуктан кичинекей колдонмодо окутуу процессинин бүт маселелерин ийне-жибине чейин чечмелөө мүмкүн эмес. Кыргыз мектептеринин (окутуу жана тарбия берүүдөгү улуттук өзгөчөлүктөргө байланышкан) проблемалары азырынча атайын илимий изилдөөгө алынбай келүүдө.

Ал эми кыргыз элдик педагогикасынын жана этнопсихологиясынын негизинде **улуттук мектебибизди жаратуу** жана **мектепти улуттук менталитеттин негизинде түп тамырынан өзгөртүп түзүү** (окуу программаларынын, окуу китептеринин мазмунун ж.б. улуттук менталитетке ылайыктоо) келечектин иши.

Мугалимдер окутуунун психологиясын билип алса, бир аз да болсо адис жана инсан катары мугалимдер өзгөрүүгө учурап, окутуу аркылуу ар бир окуучунун билимдүү жана ата мекени үчүн күйүпжанган чоң инсандардан болуп жетилишине өз салымдарын кошот деген үмүттөбүз.

## Тиркеме

### *Сынчыл ойлом методун колдонууда сабактын жүрүшү*

**I. Чакыруу фазасы**

Окуучулар дептерине теманы жазышат. Окуучулар жуп-жупка бөлүнөт.

«Тема боюнча эмне билсеңер, аны дептериңерге жазгыла» Убакыт берилет. «Эми билгениңерди жуп жубунар менен талкуулагыла (4 же 5 минута)» деп, мугалим окуучуларга оболу жекече, анан жупта мээ чабуулун жасатат. Андан кийин «эми ар бир жуп дептеринерден экиден маалымат окугула, окулган маалыматты кайталабагыла» деп, эскертип коюп, мугалим доскага окуучулар окуган маалыматтарды тизип жаза берет. Окуучулардын баары тема боюнча билгендерин айтышат. Бардык окуучулар сабакка активдүү катышышат. Ошентип кыска убакыттын ичинде класс боюнча жалпы мээ чабуулу жасалат. Өтүлүп жаткан тема мурунку тема (темалар) менен байланыштырылат.

**II. Түшүнүү фазасы.**

Зиг-заг стратегиясын колдонот. Бул стратегияны колдонуу үчүн класстагы окуучуларды 4төн кооперативдик топко бөлүү керек. Ар бир кооперативдик топтун мүчөлөрү 1-4-кө чейин экспертке бөлүнөт. Айрым топ экспертик номер алышкандан кийин, ар бир кооперативдик топтон 1-эксперттер № 1-столго топтолуп биринчи темачанын же тексттин бөлүгүнүн, 2-эксперттер 2-темачанын же тексттин бөлүгүнүн, 3-эксперттер үчүнчү темачанын же тексттин бөлүгүнүн, 4- эксперттер төртүнчү темачанын же тексттин бөлүгүнүн үстүнөн иштешет. Эксперттер өзүнүн темачасы боюнча китептен текстти окуп чыгып, ага өздөрүнүн кошумча билген маалматтарын кошуп, кийин ар ким өз кооперативдик тобунда иштеп, калган мүчөлөрүнө өздөрүнүн темачасын түшүндүрүүнүн оптималдуу вараиантын чогуу иштеп чыгып, дептерлерине таяныч конспектисин түзүшөт.

Окуучулар текст менен таануушуда ИНСЕРТ белгилерин (v-билем, - билгениме каршы, + жаңы билимди үйрөндүм, ?-билгим келет.) коюп окушу шарт. Окуучулар сабактан эмнелерди үйрөнүп жаткандыгын ачык-айрым көрөт жана эмне кылуу керектигине багыт алат. Ошондой эле сабакта колдонулган стратегиялардын саны көбөйөт.

Окуучуларды топторго бөлүштүрүүгө 4-5 минута убакыт жетишет. Эксперттик топто иштөөгө 10 минута берилсе окуучулар үлгүрөт.

Экспертик топтон окуучулар кайра ар кимиси өз кооперативдик тобуна кайтышат. Ар бир экспертке, өз кооперативдик тобунун мүчөсүнө темаларын түшүндүрүү үчүн 3 минутадан убакыт берилет.

**III-Ой жүгүртүү фазасы.**

Бардык окуучулар доскага жазылган идеяларга, ой-пикирлерге кайрылышат, текстти талкуулашат.

Талаш-тартыш туудурган маселелерге токтолуп талкуулоо жүргүзүлөт. Окуучуларды мугалим оңдоп, багыт берип турат. Мугалим өзү жыйынтык ойлорун айтып, тема боюнча дагы кайсыл маалымат булактарынан (китеп, журнал, видеофилм ж.б.) кененирээк, тереңирээк маалымат алууга болору айтылат.

Тема боюнча синквейин жаздыруу да өтө натыйжалуу. Синквейн (французча) кыргызча-5 сап ыр деген маанини берет.

1-сап бир сөздөн турат. Зат атооч (ким? Эмне? Деген суроого жооп берет)

2-сап эки сөздөн турат. Сын атооч (кандай? Деген суроого жооп берет).

3-сап үч сөздөн турат. Этиш (эмне кылат деген суроого жооп берет).

4-сап төрт сөздөн турган бир сүйлөм. Зат атоочко байланыштуу.

5-сап бир сөздөн турган, зат атоочтун синоними.

Ар бир окуучу өзүнүн синквейнин - ырын даярдайт жана аны класс окуучуларына тааныштырат.

Синквейн боюнча мугалимдин өзүнүн варианты болуу керек, окуучулардын кээ бирөөсүнүн синквейнин окугандан кийин, мугалим өз синквейни окуучуларга окуп берет.

Сабак жыйынтыкталат.

## Пайдаланылган адабияттар:

1.Азизходжаева Н.Н. Педагогические технологии и педагогическое мастерство.- Ташкент 2003-192 с.

2. Андреева Г.М. Социалдык психология. Ош-2003 – 368 б.

3. Асмолов А.Г. Психология личности- М: 1995.

4. Апышев Б., Бабаев Д., Жоробеков Т.А. Педагогика, Ош: -2003.

5. Возрастная и педагогическая психология /Под ред. А.В.Петровского 2-е изд., испр. и доп-М.: Просвешение,1979-288с.

6. Ильясов И.И. Структура процесса учения.М.:Издательство МГУ.1986-200с.

7.Ильин Е.Н. Искусство общения. – М.: 1988.

8. Педагогика: педагогические теории, системы, технологии. – М.: Академия, 1999.-264с.

9. Немов Р.С. Психология. М.: 1990.-301с.

10. Подласый И.П. Педагогика: Новый курс: Учеб. для студ. высш. учебных заведений: В 2 кн.- М.: Гуманит. Изд.центр ВЛАДОС, 2002 –.Кн.1: Общие основы. Процесс обучения. – 576 с.

11. Подласый И.П. Педагогика: 100 вопросов – 100 ответов: Учеб. пособие для студ. высш. учебных заведений. М.: ВЛАДОС-ПРЕСС, 2001-368 с.

12. Раченко М.С. НОТ учителя.- М.: Просвешение,1982-208с.

13. Фридман Л.М.Педагогический опыт глазами психолога:книга для учителя-М.: Просвешение,1987-224с.

## Мазмуну


Баш сөз........................................3
1. Педагогикалык психология жөнүндө түшүнүк........................................6
2. Психикалык өнүгүүнүн өбөлгөлөрү жана шарттары........................................12
3. Окутуу жана психикалык өнүгүү........................................17
4. Окутуунун тарыхы........................................20
4.1Окутуу идеясынын өнүгүшү........................................23
4.2. Советтик педагогикалык психологияда окутуу жана окуу маселелеринин изилдениши........................................30
5. Окуу ишмердүүлүгү........................................32
6. Үйрөнүү........................................35
7.Окутуу процессинин маани-маңызы........................................40
8. Окутуу процессинин түзүмү........................................45
9. Окуу мотивдери-окутуунун кыймылдаткыч күчү........................................46
10.Окумалдуулук........................................48
11. Окутуунун принциптери........................................49
12. Окутуунун методдору........................................53
13. Окутуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү формалары........................................55
14. Окутууну компьютерлештирүү........................................63
15. Мугалимдин психологиясы........................................66
16. Окутуу технологиялары........................................72
17. Окутуунун интерактивдик стратегиясы ........................................82
Корутунду........................................86
Тиркеме........................................88
Пайдаланылган адабияттар........................................90

Мурзаев М.С

# Окутуунун психологиясы

(окуу-методикалык колдонмо)

Редактору: Д.Б.Бабаев
Техредактору: А.А.Тойчубаев
Корректору: Б.Мусаева

Терүүгө 20.11.04. берилди. Басууга 22.01.05 кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16 5.75 б.т. Тиражы 1000. Буюртма №205.
Баасы келишимдик негизде.
Ош областтык басмаканасында офсеттик ыкма менен басылды.

Ош шары, Курманжан датка - 209

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 50 соц

877886